Нурдин Шакеев



# Эл, жер элестери

**Нурдин Шакеев**

# ЭЛ, ЖЕР ЭЛЕСТЕРИ

**Бишкек - 2001**

**ББК 26.891**
**Ш-12**

Рецензент: Касымалиев Зарыл

**Шакеев Н.**
Ш-12 Жер элестери. – Б:2001 - 132 б.

ISBN 9967-20-777-9

**Ш-1805080000-01**

**ББК 26.891**

**ISBN 9967-20-777-9**

© Шакеев Нурдин, 2001

Тамга айылынын тургундары:

Кендирбаев Дүйшөнбүгө, Шакеев Ыксанга, Дөкөнбаев Мукталыка, Түлөгабылов Чылгобайга, Бексултанов Махмудка, Аалы уулу Эшейге, Балтабай айылынын карыясы Жылкыбай уулу Апышка ыраазычылыгымды билдиремин

Автор.

## КИРИШ СӨЗ.

Бул чакан китепче көл аймагындагы алакандай элдин айрым тарыхый, этнографиялык, этикалык бир үзүм турмушун чагылдырат. Автор элдин тарыхын жаңы багытта ачып берейин, санжыраны тактайын деп алдына максат койгон эмес. Жаратылыш, мурдагы көчмөн турмуш кандай жөнөкөй болсо, китеп да ошондой жөнөкөй, элдик регитатив менен жазылган. Ошон үчүн китеп окурманга жакын деген ойдобуз.

Китептин каармандары өздөрү жөнүндө, баштан өткөргөн кээ бир татаал тагдырын, окуяларды айтып беришет. Санжыра жөнүндө кеп курушат. Арийне, санжыра боюнча айрым талаш-тартыштар, тактоолор болоору белгилүү. Ансыз да ушул кезге чейин санжыра тарых катары такталган деңгээлге көтөрүлө элек.

Илгерки сырт багытындагы, айрыкча Ак-Шыйрак, Текес тараптагы өткөн өмүр, үркүн, айрым басмачылар тууралуу окурмандарга аз-аздан баяндашат.

Автордун сырт багытында баштан өткөргөн, айрым эсте калган күндөрү да күндөлүк мотивинде айтылат. Натуралисттик, экспедициялык манерада жазылган бул бөлүмдөр бир кыйла курч, жасалмасыз, эстетикалуулугу менен айырмаланат.

Адамдар, жаратылыш, жер, санжыра — анын бардыгы китептин ансамбли болуп, ар бир бөлүм өз алдынча музыкалык инструменттей үн чыгарат. Ага кунт коюу окурмандын иши.

Автор — натуралист Нурдин Шакеев Ыксанович бул чакан китеби аркылуу окурманга рухий ынанымдуу таасир калтырат деген ниеттебиз.

*Зарыл Касымалиев,*
*Республикалык журналисттер союзунун мүчөсү.*

# І-бөлүм

## БУГУ ЭЛИНИН ЖЕЛДЕҢ УРУУСУ ЖӨНҮНДӨ ЖАНА АНЫН ТАРАШЫ



Тагай атадан — Богорстон, Койлон. Богорстондон—Кылжыр-Орозбакты, Дөөлөс. Орозбактыдан — 5 уул: — Арык мырза, Мырзакул, Токоч мырза, Карамырза, Асан мырза. Мырзакулдан Алсеит, Тынымсеит.

**Бугу эне.**

Ат-башы, Нарын арасындагы Аламышыктын тоосуна тогуз адам мергенчилик кылып барат. Канча күн жүрүшсө дагы эч бир илбээсин, кийик жолукпайт. Азыктары түгөнүп кетебиз дешет, алардын ичинде ага-ини Карамырза, Асанмырза дагы

бар. Биздин дагы эки күндүк азыгыбыз калды силер кете бергиле, биз калабыз — дейт. Тиги жети киши кетип экөө түнөп калат. Экөө эртеси эртең менен эрте чыкса, бир соёчор турган экен. Атайын десе «атпа жалгызымды», — деп бир кыз чыга калат. Ошондон экөө кызды кармап, алып келет. Ал кыздын башында бармактай болгон эки мүйүзү болгон. Сен кайдан, кайсыл элден болосуң деп сурашса: «Мен кайып болгон берендердин тукумунан болом», — дейт.

Кимибиз алабыз? — деп Асанмырза агасы Карамырзадан сураганда кыз: «менин денеме адам баласынын колу тийген эмес, сиздин кол биринчи тийди, сиз алыңыз», — дейт Асанмырзага. Экөө бир аз чатакташа түшөт. Ошол кезекте улуу агасы Арык мырзанын сөзү өтүмдүү болуп, адилеттиги менен элди башкарып турган. Арык мырза: «кызды таап келген экөөңөрсүңөр, экөөңөргө жалгыз кыз бөлүнбөйт», — дейт дагы, Асанмырза менен Карамырзага, Алсеиттин аялы начар чыгып калды, бул кызды Алсеитке алпарели, экөөнө мал берейин куда-жуучулугуңарга бөлүшүп алгыла, — десе экөө кеңешип макул болушат. Алсеиттин биринчи байбичеси Токтобек, кулундуу бээ жетелеп, жүзгө жеткирем деп, ит багып калган экен. Ал, иттин саны жүзгө жейтпейт экен деп, алтымыштан ашыра албаптыр.

Ошону менен Алсеитке мүйүздүү кыздын никесин кыйып, алып беришет. Үйлөнгөндөн кийин, мүйүздүү байбиче айтат Алсеитке: «Эрди катын болгондон кийин урушпай койбойбуз, урушабыз. Үч нерсе айтам ошону так аткаргын» —дейт:

— Биринчиси — төркүнүмдү сураба төркүнүң ким, кайдан деп?

Атымды сураба, атың ким? — деп.

Экинчиси — мени чаппагын, бутуң менен теппегин, балдарым мүдүрүлчөөк болуп калат.

Үчүнчүсү — мен сууга киринем дегенде, сөз айтпай басып кеткин — деген.

Күндөрдүн биринде мүйүздүү байбиче сууга киринем дегенде, Алсейит кетип баратып кайра кайрылып келип, жуунуп жатканын шыкаалап койгон. Аны байкап калып мүйүздүү байбиче Алсеитке, эмне шыкаалайсың балдарымдын көзү кара болуп калбадыбы дейт. Кара болуп калды дегени көрүп билип турганын балдары көрүп билбей калды, кереметн балдарына өтпөй калды деген экен. Андан калганын Алсеит так аткарган.

Күндөрдүн биринде бугу эне кийиктин сүтүнө талгак болот. Асанмырза менен Карамырзага айтат кийик атып, төшүнөн

бери желинин кесип алып келип бергиле деп. Анда Асанмырза кагып коёт, туусаң жөн туубайсыңбы деп. Мен сага тоодогу кийиктердин желинин карап жүрөт экенмин да — деп. «Сен менин шагымды үч жолу сындырдың» деп, ошондо мүйүздүү эне Асанмырзаны каргайт «тукумуң узарбасын» — деп. Асанмырза менен Карамырзанын тукуму жокко эсе. Кийиктин сүтүнө талгак болгонун Арык мырзанын байбичеси угуп калып байына айтат. Анда Арык мырза: Бул мүйүздүү кызды көргөндөн кийин кийик атпайын дедим эле» — деп, кой болбостур деп, катып койгон барданкесин алып тоодон улак ээрчитип жүргөн бир кийик атып, анын желинин төшүнөн бери эт териси менен кошо сыйрып алып келип берет. Арык мырзанын байбичеси талгагын эмне кылып кандырып жатат болду экен деп, боз үйдүн капшытынан шыкаалап караса, баканга илип алып шалкылдатып ээмп аткан экен, оозунан көк көбүк чыга.

Ошол убактарда кытай тараптагы калмактардын хандыгынан элчи келет үй-бүлөсү менен көчүп. Калмактарга дагы элчи жибериш керек болуп калганда, Алсеитти жиберишет мал-салы менен. Калмактарга көчүп барганда, калмактардын байы жалгыз кызын Чежимжанды кошуп берет, тамак-аш бышырып турганга, кыргыздын тилин үйрөн, мүйүздүү кыздын сырын билгин деп, калган кызматын калмактын малай кыз-келиндери кылат. Күндөрдүн биринде калмактын байы Алсеитти өлтүрүп, аялын алмак болот. Аны мүйүздүү байбиче сезип калып, кача турган болушуп. Алсеитке эки ат камдатат. Дагы бир атка тамак-аш артышат. Кача турган болгондо калмак кыз мен дагы кошо кетем дейт. Чежимжанды тамак-аш артылган атка мингизип качып чыгышат. Артынан куугун түшкөндө, кар жаап бурганак түшүп, куугунчулар таппай калышат. Бурганакта аска зоодон ылдый карай карарып бир аяк ат жол көрүнөт. Ошол жол менен жерге түшкөндөн кийин жол жоголуп кетип, ордунда бир эле кийик өткөн изи калат. Бугу эне жытымды жоготуп койгон окшойм, деп үч ай жол жүрүшүп, Ысык-Көлгө келишет.

Мүйүздүү эне кишиге көрүнбөй киринип жуунчу. Киринген суусун киши баспаган жерге төкчү. Калмак кыз бергиле сууну мен төгүп келейин деп, бир топ жолу төгүп келиптир. Ошол аралыкта калмак кыз, бугу эне киринген сууга киринип, ууртап да койгон экен. Аны мүйүздүү эне кереметинен байкап билип коёт «Мен киринген сууга киринип, ууртап да койдуң. Эми сенин урук-тукумуң меникинен да көп болот. Менин кереметим сага да өттү» — деп өзүнө сиңди кылып алат. Ошол убактарда

казактан Алсеиттин акыреттик досу тогуздап мал айдап, Алсеиттен Чежимжанды алып кеткени аттанат. Аны сезген мүйүздүү эне бир күн мурун Алсеитке никесин кыйдырып алперип коёт. Алсеит алмак эмес, карындашымдай болуп калды деп. Бугу эне олуялык кылып алперет, көп тукумдан ажырап калабыз деп. Казак досу эртеси келип кечигип калдым деп, малын үйлөнгөн тоюна арнап, калтырып кетет.

Алсеиттин биринчи байбичесинен Боор. Боор эли Түп районунун Чоң-Таш, Корумду айылында жашайт.

Экинчи мүйүздүү байбичесинен Жамангул, Бата. Жамангул менен Бата эс тартып чонойгондо бугу эне айтат Алсеитке: Жамангулга аялды өзүң алып бер. Батага аялды өзүм алып келип берем дейт. Ошону менен бугу эне үч айга жоголуп кетет. Үч айдан кийин сиңдисин алып келип Батаны үйлөнтүп коёт. Жылдар өтүп, күндөрдүн бириндe мүйүздүү эне каза болот. Кылаамык кар жааган экен. Эртеси карда эки аттаган ийиз калып, мүйүздүү эне кайып болуп кеткен. Ошону менен бугу эне көмүлбөй калган. Батанын аялынан тогуз уул төрөлөт. Жамангул жортуулга барат, ок жаңылат. Бата тогуз уулу менен Жамангулду тегеренет. Экинчи ирет тегерене баштаганда энеси көрүп калып аякы кичүү эки баласын гана кармап калат. «Сен эмне, балдарымды тегеретесиң, тегеренсең өзүң тегеренбейсиңби дейт. Жети бала ошол эле жылы каза болот. Балдарынын өлгөнүнө таарынып, эки баласын таштап, кайып болуп кетет.

Жамангул айыгып кетет. Жамангулдан Кыдык, Белек. Кыдык эли Тоң районунда, Белек эли Түп районунда. Арык мырзанын эли Ак-суу районунда жайгашкан. Бата кийин Бапа аталып калган. Бапа эли Бугу элинин ичинде жалгыз айыл, Барскоон айлында.

Алсеиттин Үчүнчү байбичесинен Чежимжандан Туума деген жалгыз уул төрөлөт. Кийин Туумага «кашка» деген ат кошулат.

Бул калмак доордун тушу. Калмактар кыргыздарды басынтып, малын талап алып турган кез. Кыз келиндерин олжо, балдарын малай, кулдукка чаап алып турган кез. Ошондой жортуул чабыштардын биринде Бапа менен Белек калмактардын колуна түшөт.

Ошондо Туума атасына Алсеитке барып атыңды бер, кол курап бер, мен бошотуп келем дейт. Алсеит боздойт, мени ким багат сен дагы колго түшсөң деп. Тууманын көгөрүп болбогонунан атын берип, жигит курап берет. Ошондон барып калмактын бийи Бакаманжын менен чабышып, Бапа менен Белекти

бошотуп келет. Ошондон кийин «Туума-кашка» деген атка конот, баатыр деген.

Туума-Кашкадан беш уул төрөлөт: Кара-козу Ак-козу, Бөз-козу, Кенже-козу, Кара-күчүк деген. Кара козунун биринчи байбичеси Шербет. Шербет байбичеси бир күндө эки-үч көйнөк, кийим которуп кубулуп турчу экен. Ошондон «Кубул» атка конот. Кубул байбичесинен төрт бала Кожоберди, Казакбай, Кенжебай, Курманай. Каракозунун экинчи байбичеси Качанай, андан үч уул Желдең, Базарчы, Жүдөмүш. Желдең төрөлүп эс тартып чоңоюп калган кезинде, бир эжеси апкетет Нарынга. Орто жолдон Кубул байбиче кууп жетип алып калат, Желдең-ден. — эркек баладан эл тарайт деп.

Желден жаш чагынан эле тың чыгып, бала кезинен эле атасы жылкычыларынын үстүнөн каратып коёт. Каракозубай бир күнү Желдеңдин тамак ашы түгөндү, эмне болду деп, тамак-аш артынып баратып казанга жабылган бир токоч таап алат киндиги бар. Нанды алса жылуу·бойдон, кардын үстүндө жатса дагы кургак экен.

Четинен үзүп жесе ал жери кайта бүтүп калат. Токочту койнуна салып алып кайра келет. Кубул байбичеси экөө нандын четинен сындырып жеп: «Кудай берген нан болсо, кечээ жааган кардын үстүндө жылуу бойдон кургак жатса, муну ыйгарып кудай таалам өзү берген ыйык нан экен. Тукумуң узарат, атагың калат. Нанды балдарыбыз менен жейли деп дасторконго ороп, боз үйдүн жабыгына катат. Мал союп кудайдан бата алалы деп. Бир ак боз бээ алдырып кудайга бата кылдырып сойдуруп, этин казанга асып коёт. Эт бышайын деп калганда Желдең келет. Жүдөмүштөн сурайт, эмне тамак бар деп. Жүдөмүш бечел болуп баспай, очоктүн түбүндө, казанга от калап отурган. Качанай байбичеси төрөгөндүн эртеси Кубул, эмне жатасың бээлерди саа дейт. Мен таза эмес элем дегенине болбой кымыз сааган көөкөрдү карматат. Жылкылардын жарымын саап бүткөндөн кийин, эртең менен эрте чыйрыгып турган бир бээ, жыт алып тээп өлтүрөт Качанайды. Ошондон жакшы багылбай бешиктеги бала Жүдөмүш атка конуп, бечел болуп жетиге чыккыча баспай калат. Жүдөмүш мына эт бышып жатат. Анан тиги жабыкта, дасторконго оролуу токоч турат дейт. Токочтон сындырып Жүдөмүшкө карматат да, калган токочту өзү жейт. Базарчы ойноп кетип жабыктагы токочтон жебей калат. Нанды жеп бүтүп бээни эмнеге сойду эле Жүкө — деп сурайт. Бу талаадан табылган киндиги бар токочко, түлөө өткөзүп кудайга жалыныш үчүн Жеке — дейт. Ошон-

до Желдең байкайт, бул бекер токоч эмес экен. Ак боз бээни мага айтпай эле, жылкычыларга карматып унчукпай жетелеп кетиптир. Токочтун жарымын калтырып койсом болмок экен деп. Бышып жаткан этке карабай эле, Желдең курут-талканын салдырып алып жылкысына түнү менен атганып кете берет. Тамак тартылып, эл тарагандан кийин, кудайга сыйынып Кубул байбичеси өзүнүн балдары менен нанды жейли дешсе, нан жок жабыкта. Ой балдарым, жабыктагы токоч кана десе Каракозу, Жекем келген, — Жекем жеп кетти — дейт Жүдөмүш. Ошондо Кубул байбичеси бакырып-өкүрүп. Менин тукумум узарбай калбадыбы, менин тукумумдүн аты чыкпай калбадыбы, Салпаяк сары катындын аты чыгып калбадыбы. Желдеңдин тукуму узарып, Желдеңдин аты чыгып калбадыбы деп чачын жулат. Азыр аттан, Желдеңди жаткан жеринен өлтүрүп кел. Башка балдарыңа күн көрсөтпөйт, жашоо бербейт дейт. Желдеңди барып өлтүрүп, ич көйнөгүн канына чылап апкелип бер. Ошондо көөнүм ачылат деп, түнү менен аткарат.

Атасы Каракозубай, Желдеңди жылкы четинде укуругүн карга сайып, кементайын айкарасынан жамынып коюп, уктап жаткан жеринен табат. Караса жаткан жери үй ордундай карарып эрип, буу чыгып жаткан экен. Желдеңдин жаткан жерин көргөндөн кийин, мунун дагы колдогону бар турбайбы. Өз тукумумду өзүм кантип өлтүрөм бир катындын тилин алып. Кылымга сөзгө кала албайм дейт да, Желдеңди ойготот. Ой балам, мал жаның аманбы дейт, маңдайынан өөп. Эми мен сага келдим, бир семиз тайды кармап кел дейт жылкычыларың менен. Тайды сойдуруп ич көйнөгүн чечтирип алып тайдын канына оротуп куржунуна салып кетет. Алпарып кемпиринин алдына ыргытып иет. Кубул байбичеси көйнөктү бир жыттап бул Желдеңдин каны эмес — деп, жерге бир чабат. Каракозубай кайратына келип бир тиет, азыр өзүңдү өлтүрүп каныңды өзүңдүн көйнөгүңө чылайм деп ачууланганда, тым болот, Желдең келсе Желдеке дээрсиң деп. Кубул байбичеси ошондон кийин кереметин көрсөтпөй калат.

Желдең бир жылдан кийин, кийинки жазда келет. Эки жээрде бээге кымызын артынып келип боз үйгө салам айтып киргенде Каракозубай кел Желдеке деп, көчүгүн жылдырып орун көрсөтүптүр. Ошондон баштап Желдеңдин атагы чыга баштайт. Күрөшкө чыкса жыгылбаган, атчан чыкса алдырбаган кыйын баатыр чыгат. Жортуулчу болот. Желдеңдин энеси каза болот жортуулда жүргөндө, ошондо өкүрүп түшүп энесинин мүрзөсүнө укуругүн сайып кетет. Кийин ал жерге мазар

терек өсүп чыгат. Ат-башыда азыркы күнгө чейин айтылып келет Качанайдын мазары деп. Кээ бири Кочкордо дейт.) Тегерегине жыш долоно тал чыбыктар өсүп чыккан.

Желдең куш салып, жер кыдырып жүрүп бир кызга кезигет. Этегине күрүч салып бир айылдан бир айылга келаткан кыз экен. Ал кызды атка өңөртүп алса, этегиндеги күрүч төгүлүп калбасын дейт. Бул кыздын шаңы бар экен деп, нике кыйдырып алат. Ал кыз Күрүчбек деген атка конот. Күрүчбек байбичесинен эки бала төрөлөт Түлөберди, Түлөбак деген. Желдеңдин Күрүчбек байбичесинен тарагандар, Күрүчбек уруусу аталып калган. Дархан айлында отурукташкан. Кийин бир атанын балдары таарынып Дархандан кетип, Тамгадагы Маркаш атанын балдарынын жанына бир тууганбыз деп келип отурукташып, азыр Күрүчбек Тамгада беш ата эл болду.

Тосор суусунун аркы өйүзүндө сарбагыш Маматкулдүн айылы турчу. Тосор суусунун берки өйүзүндө Карамырзанын, Каракозубайдын айылы турчу бугудан. Сарбагыштар менен Бугулардын шернеси бирге болуп турган заман. Шерненин баарына Маматкул барып, өзүнө кезек келгенде шерне берчү эмес экен. Карамырзанын үйүндө дайыма бозо салынчу. Күндөрдүн биринде баягы шерне бергендердин ачуусу келип, Карамырзанын үйүндө чогулуп, бозо ичип олтурушкан. Эшиктен бирөө көрүп, Маматкул келе жатат десе, үйдө олтургандардын ичинен бирөө:
— Ай турбагыла, ордуңардан былк этпей олтуруп иче бергиле, — дейт. Бир маалда Маматкул аттан түшүп, үйгө кирет. Үйгө киргенде эч ким орун бербейт, кел деген да киши болбойт. Ошол босогодон туруп, куюп берген бозодон үч аяк бозону катары менен ичет. Үйдө бозо ичип олтургандандын бири, ой түгөнгүр, тебетейиндеги карды кагып-силкип алсаң болбойбу? — дейт. Тебетейиндеги калың кар менен кирип келген экен. Маматкул какчу убакта кагып, силкичү убакта силкемин деп, — таарынган боюнча чыгып кетет.

Күндөрдүн биринде Маматкулдүн аялы эркек төрөп, бычакка сап бир кой, же бир тай берсин деп, — баласын бешикке салабыз деп Желденден суратып киши жиберет. Ал кишиси келгенде Желдең үйдө жок, жылкыга бастырып кеткен. Айылдагыларына айтат Маматкулдун сөзүн. Анда бир келин: «малы жок болсо, талкан көөлөп эле салбайбы бешикке» дейт. Маматкулдун бул сөзгө жини келип «сени», — деп таарынып калат. Маматкул баштаган бир топ Сарбагыштар чогулуп сүйлөшүп алып, «ушул катын бугунун азабы өтүп кетти, ушуларга барып бир түштөнүп келели, кандай коноктоор экен», —

деп аттанышат. Алар келгенде кой союп конoктошот. Эт желип бата кылынгандан кийин бизге тай союп коноктобой, кой союп берет, — деп таарынып кетишет.

Маматкул барып-барып, күндөрдүн биринде Сарбагышка бий болот. Маматкул, Маматкул болуп турганында баягы өткөн таарынычынын баарын эстеп, бүтүн Сарбагыштарды чогултуп, Бугуну чабалы деп аттанышат. Аттанып Бугуларды чаба турган болгондо, Бугуларга кабар жетет. Ошондо Бугулардын көпчүлүгү Сырт жана Текес өрөөндөрүнө көчө качышат. Каракозубайдын айылы, Тогузбайдын айылынан Кожоштун айылы калып калат. Сарбагыштар калгандардын мал – мүлкүн талап – тоноп, Тогузбайдын тогуз кызын, ата – энесинин колунан боздотуп, чыркыратып тартып кетишет. Ошондо Желдең сарбагыштын бир баатырын жыга чаап жарадар кылат. Желдеңдин малына тийип, Желдеңди байлап кетет. Тиги баатыр айыккыча үй-бүлөсүн, айылын багасың, — деп Желдеңди бүтүн Бугу элине кепил кылып, колго түшкөн кулсуң, деп башына шыр кийгизип коет. Бир катындын сөзүнө арданып кун салып, Тогуз байдын тогуз кызын апкетет.

Желдең беш жыл жүрөт. Ошондо кул Желдең атка конот. Жүрөгүндө кылдай кара жок, айткандарынын баарын кың дебестен аткарат. Аягында Маматкулга келип айтат: «Жерин сагынбас жылкы болбойт, элин сагынбас эр болбойт. Мен колумдан келишинче ак иштедим, эми элиме кеткенге улуксаат бериңиз» — дейт. «Чын эле, бир кыны жок кызмат кылдың деп», — улуксаат берет. Ошону менен Желдең эли менен көчө турган болот. Мени Сарбагыш, солтонун жеринен узатып чыгарып ийгенге киши кошуп бербесеңер, кул деп, орто жолдон мал мүлкүмдү талап-тоноп кетишет дейт. Маматкул өзүнүн эки баласы Темир менен Болотту жигиттери менен кошуп берет узатып койгонго. Эки күн жол жүргөндөн кийин үчүнчү күнү, мен силерди ушул жерден коноктоп узатайын деп тай союп түнөп калышат. Эртеси узаар маалында Темир менен Болотту келген жигиттерин кошуп, сарбагыштын жеринен чыкканда байлайт. Эки колун басмайылга бастырта байлап, минген аттарынын жүгөн өктөсүн чечип, жылкынын арасына кошуп айдап алат, ошончолук сарбагыш уруусунун ичинде журуп, калың кара журту турса да. Өз конушуна жеткенде алачык тиктирип Маматкулдун эки баласын Темир менен Болотту байлап «кың десе эле кескилеп өлтүргүлө», — деп эки чоң кестикти ташка кайратып карматып, эки жагына эки кемпирди отургузуп коёт. «Аласамды толук берген жок, өзүнүн кылганын билеби,» — деп

Маматкулга Темир менен Болоттон башкасын бошотуп жиберет. Маматкул чаба турган болуп кол жыйнап, билип бергин деп солтонун Бакы бийин жиберет. Бакы бий келип Желдеңге кезигип Темир менен Болоттун үстүнө кирет. Аны көрүп эки баласы буркурап ыйлайт: «чабам дебесин, анда эле бул кемпирлер бизди өлтүрөт» — деп. Атабыз бизди аман көрүп калам десе ат койбосун. Тартуу алып келип бизди апкетсин дейт. Бакы бий көргөн-укканынын баарын айтып барат Маматкулга. Өз кылганын билеби — деп. Атаңдын көрү кул чунак деп, сарбагыштан кыз тандап алдырат жигиттерине. Жигиттери болгону сегиз кыз табышат. Тогузунчу кыз кылып өзүнүн эн кичүү чыканактай болгон Тунук аттуу сары кызын алат. Тогуз кызга тогуз жорго мингизип, тогузуна тогуз төө жетелетип, төөнсн баарын комдоп, кыздардын себин артып, алтын күмүшүнөн бери жүктөп, тартуусу менен келип, эки баласын бошотуп кетет, Темир менен Болотту.

Желдең баатыр сегиз кызды Ысык-Көлдүн мыктыларына таратып берет. Ал эми Тунук сары кыз, мен Желдеңден башкага чыкпайм деп, чыр салат. Никесин кыйып Желден экинчи аялдыкка алат. Тунук менден мурун алган аялдарыңа чырым жок, менин үстүмө күң албайсың. Күң алсаң күйбөгөн жерим күйүп кетип, андан кийин төрөбөй калам дейт. Сары кыз: — «Жуурkандын башын аттап төшөккө жатпайсың, маган таяк салбайсың, беш берен төрөп берем», — дейт. Азыр Сары катындан беш ата эл тараган, булар Азарбек, Манжы, Куттукожо, Маркаш, Муратчан. Желдеңден жети айыл эл болду: Тосор, Тамга, Чон-Жаргылчак, Кичи-Жаргылчак, Жеңиш, Ак-Терек, Дархан айылдары. Улуу байбичесинен Ак-Терек айылы, ал байбиченин атынан Кубул уруусу аталып калган.

Желдең аркар атып келип түшүрүп алгыла десе, эки байбичеси бири бирине эрегишип албай коюшат. Желдең атынын ээрин алып, агытып жиберип, дөңгө чыгып таарынып жатып алат. Арык мырза аксакалдык кылчу Бугудан. Желдең жаткан жерге, үстүнө үй тиктирип. Тору деген кызды, никесин кыйдырып үстүнө киргизип берет. Андан эркек төрөлгөндө, кудайга шүгүр деп, атын Шүкүр коёт. Шүкүрдүн тукуму көп Жаргылчак айлында.

Желдең өлгөндө ортончу Байбичеси сары катын ыйлабай коёт таарынып, «үстүмө аял алат» деп. «Ат качырбас боз айгыр төрөп бермекмин» — деп. Илгери күйөөсү өлгөн аялдар бетин тытып ыйлачу. Бирөөлөр кичүү уулун Куттукожону тукуруп коюшат, барып энеңдин бетин тытып ал деп, койдун жаагын

карматат. Куттукожо энесинин бетин койдун жаагы менен тартып калат. Ошондо энеси баласын каргайт. Тукумуң жүзгө жетпесин, жүзгө жетсе күзгө жетпесин, күзгө жетсе ондон ашпасын деп. Азыр Куттукожонун тукуму аз. Ошондо Сары катын жылкынын боорун алдырып туз септирип, чокко салдырып, кошокту кошкон.

Желдеңдин экинчи байбичеси Сары катындын Маркашынын тукуму узарып Тамга айылында отурукташкан. Маркаштан Бакы, Сеит. Бакыдан –беш уул Жалманбет, Ороз, Шертай, Малдыбай, Доолос. Сеиттен Сопу, Чалбай. Беш Бакы атага Сопу кошулуп Маркаштан — алты ата эл Тамгада.

Маркаштын Орозунан тарагандар: Ороздон Жалбы. Жалбынын биринчи байбичесинен Кудаш. Экинчи байбичесинен Күрөңкөй, Карасай, Ачакей, Аалы, Малай, Алышпай, Манапбай, Шааке. Жалбы уулдары кыраан мүнүшкөр мергенчилерден болгон элин баккан. Айылдын жаш жигиттери ээрчип жүрчү элик, кийик атсаңар терисин маган бергиле деп. Андан шым тиктирип кийишчү. Жаан жааганда шөлбүрөп сүйрөлүп калчу. Күн тийгенде катырап кургап калчу, этин жоорутуп. Ал кезде кездеме жок. Шааке эң кичүүсү эрке жана жеткен чыр болгон. Башка урууга барып тийишип коюп, ыйлап келчү экен. Кээде Шаакени тукуруп да коюшчу. Жеңелери Шаакебайыбызды уруп койду-сабап койду деп, шымаланып алып жөнөчү. Артынан Күйөөлөрү жөнөчү. Анан эки жаат болуп чабыша кетишчү. Ошондой чабыштардын биринде Тогузбайдын атын төртүнчү жеңеси чокмордой болгон таяк менен башка чаап өлтүрөт. Ат маты менен жыгылгандан кийин качып жөнөшөт.

Жаздын аягында койлорунун жүндөрүн кыркып кийизге керектүүсүн алып, калганын бир чуңкурга топурак менен көмүп таштап, анан койлорун сыртка айдап кетишчү.

Кудаштан Чумбай, андан Таштанбек, Кыдынай.

Күрөңкөйдөн Турганбай, Саруу. Турганбай оодарышка түшкөн балбандардан болгон. Күрөңкөй каза болуп аялы төркүнүнө Арууга барып төрөп, атын Саруу койгон. Саруу жаш чагынан тың чыгып, уй-жылкыларга жүгөн-октосу жок минип чаптырып жүрчү. Он эки жашында өкүм жүргөн күлүк тору айгырды жүгөнү жок минип, чаптырып келеатып айгыр мүдүрүлүп жыгылып Саруунун башы ташка тийип каза болуп калган. Карасай мүнүшкөрчү, мергенчи, санжырачы болуп, өткөн окуяларды көп айткан киши болгон. Андан санжыраны Токтонбай, андан Макмут угуп, санжырачылар арасында санжыра айтып жүрөт. Карасайдан Аким, Эшен. Акимден Кудайберген

анын бир уулу Тепкеде. Эшенден Кишен. Аким менен Эшен Ата-мекендик согушка кетип каза болду. Кишен энеси менен Шатыга кеткен. Кийин эки бала беш кызы менен келгенде Асан менен Мамбетакун Карасайдын жерин кестирип берип ал жерге үй салып кайра 1973-жылы Ошко көчүп кетет. Анын тукуму Түптүн Шаты айлында. Ачакейден уул жок, үч кыз. Аалыдан Садык, Кубат. Садыктан Кумар, Кубан. Кубаттан Жеңишбек, Кеңешбек, Бактыбек. Жеңишбек үйлөнүп бир кыздуу болот. Ал кызы Барскоон суусуна төгүлгөн цианид уусунан кийин каза болуп калат. Бир айдан кийин Каракол электр тармагынын адистерин сырт өрөөнүнөн алып учуп келе жаткан вертолёт Жууку ашуусунан аскага урунуп жарылып, Жеңишбек каза болот. Жеңишбектин сөөгүн таап келгендин эртеси жубайы күйүтүнөн, беш этаж үйдөн бой таштап каза болуп. Экөөнүн сөөгү бир коюлду. Аалы менен байбичеси да бир коюлган. Малайдын экинчи уулу Кайып. Кайыптан Токтош, Турдубек. Токтоштон уул жок. Турдубектин уулумун деп бир эркек баласы келгенде Ороз уруусу Турдубектин үйүн берген ал балага, эркек тукум калган турбайбы деп. Ал бала атасынын үйүн сатып жиберип баса берди. Алышпайдан Акун. Акундун биринчи байбичесинен Курман, экинчи байбичесинен Жылкыбай. Курмандан Турарбек, Медербек. Жылкыбайдан Бактыбек, Шергазы, Нургазы, Сергек, Кенжебек. Манапбайдан Касен, Жокен. Касенден Изат, Нурзат, Кутуй, Иса. Жокенден Жээнбек, Серенбек, Эркинбек, Жанарбек, Таалайбек, Шайлообек, Бактыбек.

Шаакеден Асан, Эсен, Ыксан. Асан согуш жылдарында колхоздо актив болуп беш атар мылтыгын асынып жүргөн, дезертирлерди кармап. Ошол кезде Караколдун түрмөсүнө дезертирлерден киши батпай калган. Согуш бүткөн жылдан баштап бир топ жыл башкарма болот. Согуштун залалынан кийинки оор турмушту оңдоо заманы туш келет. Асандан Аскарбек.

Эсен Ата-мекендик согушта «Киргизский Маресьев» деген ат менен гезитке чыгып, согуштүн аягында эки бутунан ажырап келет жыйырма үч жашында. Сельсоветтин аскер учёттук столунун начальниги болуп иштеп, Тамга айылынан жүз сексен жигит каза болуп, дайынсыз жок болуп, ата-мекендик согуштан келбей калганын билет. Эсенден Тилек, Мураз, Арчел, Марат, Азиз.

Ыксан ак боз ат минип чоңойду, кийин колхоздун саан уйларын багып колхоздо эмгектенди. Ыксандан Муратбек, Кадырбек, Кылычбек, Нурбек, Нурдин, Нурлан, Нурболот.

Жалбынын Үчүнчү байбичесинен Бектур, Аксан, Байтерек. Бектур чечендиги бар, топко бир жаңылбай сүйлөгөн адамдан болгон. Бектурдун улуу байбичесинен Бектен, Бектенден Болот-

бек, Төлөмүш. Болотбектен Курманбай, Өмүраалы, Акжолтой. Курманбайдын бир эркек баласы аскерге кетип жок. Акжолтойдон Садыбакаш, Сатыбалды, Манас. Аксан ажыга барып келген 1880-жылдары, Сопу болуп. Аксан ажыдан Бекболот, Бекболоттон Желдең. Желдеңден Осмонкул, Стамкул, Тойчубек, Бактияр. Байтеректен Мамбетакун. Мамбетакундан Мырзабек, Айтпай, Орозбек, Таалайбек, Анарбек.

Мүйүздүү эненин айткандарынын баары келди деп, илгерки карыялар айтаар эле.

Бугу-марал, аркар-кулжа, эчки-теке эликтерди ак-кийик, кара кийик деп экиге бөлүп кайберен деп койгонубуз да ошондон. «Кайберендин колдогону бар» — деп, азыркы күнгө чейин мергенчилер арасында бекеринен айтылып келбейт. Ысык-Көлдөгү «бугу эли» ушул кыздын мүйүзү болгондугуна себептүү жана жаман-жакшыны көрө билген кереметине байланыштуу бугу энеден кийин «Бугу эли» аталып калган.

***

Мен быйыл 2001-жылдын февраль айында Бишкек шаарындагы карындашым Венерага барып калсам Токтогулдун бир айылынан Шербет аттуу теңтуш кызы бар экен. Биздин түпкү атабыз Жумгалдагы кан Кошойдун Катаган уруусунан, Эсиркеп деген уруу болобуз. Бир айылдын жарымын түзөбүз. Чоң атабыздын бири бугу энеге жолугуптур, кармап келгенден кийин. Бугу эне айтыптыр, мени таң атканча уктабай кайтарып чыксаң, сага Күйөөгө чыгам деп. Түнү бою уктабай таңга жуук уктап калыптыр. Ошондо мүйүздүү кыз каргаптыр: «тукумуң узарбасын, тукумуңдан баш көтөргөн чыкпасын» — деп. Андан кийин Токтогулга жылкы тийгени барып, колго түшүп калат. Ошондон жүрүп үйлөнүп, Токтогул жергесинде отурукташып калат. Шербет менден сурайт, бугу эненин тукумунун кыздарына уулдарынан үйлөнсө каргышы жазылабы? — деп. Мен жатыны бекем кыздарынан алса жазылса керек, баш көтөргөндөр чыкса керек, — деген оюмду айттым.

****

Бугу эли Ысык-Көлдүн буруусуна отурукташат. Көлдүн күңгөйүн да тескейин да каркыра казак, кытай жагын да чабыттаганга жакшы жер деп. Ошол туштарда Ысык-Көл жибек жолунун бир нугу болуп турган. Каркырадан ары Нарынколго чейин кыргыздын жери болгон. Кытайдан кербендер Нарынкол аркылуу кыргыздын жерине өтүп, андан Каркыра аркылуу Ысык-

көл өрөөнүнө Жыргалаң суусунун жээги менен келип, Ысык-Көлдүн күңгөйү менен өтүп, андан Боом капчыгайы менен батышты карай өтүп турган. Жыргалаң суусунун аркы- берки өйүздөрү он беш саржандан ашык чаң, уюлгуган жол болуп турган, мал менен өткөн кербендердин. Кытай, Индия өлкөлөрүнөн бери кербендер өтүп турган бул жибек жолу менен. Бул жол менен Чыңгыз хан, Батый өткөн. Бул жол менен Темирлан (Аксак Темир) өткөн. Буга күбө Күрмөнтүнүн башындагы суунун астында катылган, кийин Ата-мекендик согуш убагында казылып кеткен Чыңгыз хан, Батыйдын байлыгы. Буга күбө Темирландын (Аксак Темирдин) чыгыш менен батыштын ортосу деп Чаар жондун астына, алыскы ысык жолдон кийин ат которуп эс алдырып турганга деп, кербен сарай салдырган. Жана ошол кербендерди тийип-качып тоногон каракчыларга атайын зындан салдырып, жердин түбү, ордун түбү деп, кийин ал жер Зындан аталып калган. Ошол жер азыркы Зындан айылы турган жер. Жана ага күбө Кызыл-Кыя, Чаар жондон бери түшө калышта үйүлүп жаткан «Сан таш», азыркы Түп районундагы Сан-таш айылы, Сары-тологой айылы турган жер. Жана ага күбө Ак-Суу районундагы Кайырма-арык, Сары-Камыш аркылуу Жыргаландын суусуна чейин түшкөн он эки «курган» дөң. Так эле ошондой он эки «курган» дөң Түп районундагы Күрмөнтү айылынын күн батыш жагындагы тоонун этегинен башталып Ысык-Көлдүн жээгине чейин барат. Үчүнчү ошондой «курган» он эки дөң, калмак ашуудан ылдый түшүп Сөң-Көлдүн түштүк жак жээги менен өтөт.



## ЭЛ, ЖЕР ЭЛЕСТЕРИ

Алтайдын эли айтат: «Энесайдан келе жатканда Алтайдын тоолорун атчандары, байлары силер өтүп кеткенсиңер, а биз аты жок кедей-жоочондору Алтайдын тоосун ашалбай калып калганбыз», — деп. Ал тоону өтүп кеткен эл казактын кең талаасын ашып, Нарынкол аркылуу Каркырага кыргыздын жерине келишет.

Манас баатыр кырк чоросу менен ошол Каркыра жайлоосунда бир топ күн өргүп жатып калат. Каркыранын башы Турукту ашып, Сарыжазды басып, калмактарды Текеске сүрөт. Оттук тушта түнөп калышканда, Алманбеттин сараласы жылкыларды ээрчитип кетет. Эртең менен турушса аттары жок, изин кубалап, ээр токумдарын көтөрүнүп алып, сарала аттын изи менен Алманбет алдыга кетип, жылкыларды Гөөлүнүн оозундагы түздө оттоп жаткан жеринен табат. Ошондон бери Сарала жылкыларды эрчитип кеткен таштуу бет «Сарала таш» деп айтылат. Аттанып алышып Гөөлүнүн ичи менен Сарычатка ашып түшөт. Азыркы күнгө чейин Гөөлүнүн ичинде « Манастын ташы» деген чоң таш бар. Сарычаттын ичинде « Кырк чоронун мүрзөсү» деген да жер бар. Кайсыл баатырдын кырк чоросунун мүрзөсү экени белгисиз. Манастан кийин көл өрөөнүнүн көбү эле кара калмактар болуптур.

Андан кийин эр Табылды чыгат. Чалкалмактын топурак кирпичтен жасалган үйү Барскоон суусунун оң жагында, эски кашаттын чыга беришинде турган. Барскоон суусунун бери жак бетинде да калмактардын үйлөрү турган. Ал тамдар жарымына чейин чокмороктолгон эле таш-топурак аралаш кылып көтөрүлүп, жарымынан өйдө топурак менен көтөрүлгөн, чабалекейдин үйүндөй кылып төбөсү ачык болгон. Ал эми Тамга жак өйүздөгү бир үйүнүн аянты: туурасы эки метр, узуну төрт метрдей, дагы бир тамдын аянты беш метр туурасы, узуну дагы беш метр келген тамдарынын урандылары жатаар эле.

Тамга, Барскоон жана Үч-дөбөгө тоонун этеги менен арык чабылып, суу тоонун боору менен агып жүрүп отуруп, тоонун үстүндөгү түзгө суу чыгарылган. Кийин бул арыктар кеңейтилип отуруп, чоң арыкка айланган. Негизи бул арыктын нугу калмак доордон бери келет. Ушундай дагы бир арык Оргочордун дөңүндө бар. Азыркы кезде дагы «калмак арык» деп аталып, ушул кезде дагы пайдаланып келет.1998-жылдагы цианид уусу так эле ушул калмак арык менен Барскоон айылына жана Тамганын сугат талааларына агып кирген. Төрт күндөн



кийин көлгө куюлган жердин, кашаттын үстүндө, асманда ачык кызгылт келген буу туманга окшоп турган.

Чалкалмак чепти Сары-мойнок ашуусуна, Барскоон суусунун баш жагындагы имерилишине кууш жерге салган. Бул жер Жууку ашуусунан Дүңгүрөмөнүн түшө беришине, Азыркы Сөөк, Буркан, Арабел ашууларынын түшө беришине, Болгарт, Үч-Эмчек тоолорунун түшө бериш кошулган жери болуп калат. Эр Табылды кырк жигити менен келип, чептин оозундагы чоң кара ташты көрөт. Чалкалмак өткөндө дарбаза сыяктуу бир капталына балбандарына жылдырып, кайра жаптырып койчу. Дарбаза болгон чоң кара ташты Элдияр тизесине чейин көтөрөт, Эрмек көкүрөгүнө чейин көтөрөт. Эр Табылды көтөрүп туруп сууга ыргытат, эрдигимди көрсүн деп. Ошондон ылдый түнү жол жүрүп отуруп, калмактын жылкысына Таарылгадан тиет. Айдап келип Тамганын үстүндөгү Жолборстунун ичине камайт. Ал жерден эки балбанына субай жылкылары менен тайларына тамга бастырат да, эрдигимди көрсүн деп, чоң таштын эки жак бетине ошондой тамгасын чаптырып, чоң кара ташты айбалтасы менен эки чаап экиге бөлө чабат. Тамга басылган субай жылкылары менен тайларын Тамга суусунун башына карагайчердин ичиндеги жалгыз аяк жол менен Балтырканга ашырып, чоң бээлерин айдап, Тосордун суусунун аркы өйүзүнө өткөрүп, ошол тумшуктан тосот калмактарды. Чалкалмак тайакем элчи

жиберсе бээлерин берейин, куугун жиберсе чабайын деп. Чалкалмак куугун жиберип, эр Табылды астын тосуп калмактарды чабат. Ошондон жүрүп сүрүшүп отуруп Чалкалмак менен Эр Табылды сырттагы азыркы Караколканын түзүнөн сайышат, ошондон ары кытайга сүрүп таштайт калмактарды. Ошол тамга ташка байланыштуу айылдын аты Тамга аталып калган. Тоскон жерине байланыштуу айылдын аты Тосор аталган. Сырт өрөөнүндө калмактардан калган таш үйлөрүнүн орундарын көрүүгө болот, Ыштыкта, Ак-шыйрактын маңдайында суунун аркы өйүзүндө, Борколдой, Беш-мойнокто, Арабелде. Чабалекей сыяктантып салынган таш үй, төбөсү түндүктөй болуп ачык. Андан бери жер өсүп, өзгөрүп кетип, жакшы билинбей баратат. 1920-жылдардын баш чендеринде Чалкалмактын бузулган, талкаланган үйүнүн кирпичтери жатаар эле, ошол кирпичтерди Тамганын эли эс тартып чоңоюп калган балдарын жиберип алдырып, үч айлык, беш айлык, балдардын мойну, колтук башына чыккан ысык, кызамык-жараларга ушалап сээп таңып коюшчу. Жаш балдардын көбү ошондон айыкчу. Ошол кирпичтен артып келген балдардын бири Кендирбаев Дүйшөнбү, ушу күндө Тамга айылынын эң сакалдуусу.

## ТАМГА, ТОСОР АЙЫЛДАРЫ ТУРГАН КОНУШ ЖӨНҮНДӨ

Жети-Өгүз районундагы азыркы Ак-Терек айылы турган жердин Кара-куурай деген туз аянтчасында, Желдеңдин Маркаш уулунун Бакы-Сеитинин алты баласы урук тукуму менен жашап турган — Жалманбет, Ороз, Шертай, Малдыбай, Доолос. Сеитинен Сопу. Ак-Теректин күн батыш жагындагы мүрзөлөргө Маркаштын тукумунун отуз-кырккы коюлган. Ороз уулу Жалбы атанын мүрзөсү дагы ошол жерге, Ысык-Көлгө жакын ат жолдун боюна коюлган, азыркы чоң жолдун үстүндө. Ары өткөн бери өткөн кишилер куран окуп, өзүлөрү дагы жол жүргөндө куран окуп өтүп турган. Негизи эле кыргыздардын коргон мүрзөлөрү жолдун боюнда коюлган. Арбактарга куран окуп туруу үчүн. Куран окулбай калган пенделерге ач кирип, ач арбак дегенибиз ошондон. Арбак болуп көзгө көрүнүп, түнкүсүн үн чыгарып турганы жана башка ушул сыяктуу эл оозундагы айтылып келген сөздөр. Көбүнчө жалгыз коюлуп калган мүрзөлөр.

Маркаш көл өрөөнүндөгү бай адамдардын бири болгон. Элдин оозунда айтылып калган Маркаштын сан-кара малы

деп. Малдан тышкары мергенчилик кылышчу. Маркаштын Бакысынын улуу баласы Жалманбет тоодон жардын жараңкасынан «кумайык» деген иттин чолок куйрук күчүгүн таап келген. Ал чолок куйрук ит эки кар баскандан кийин түнүчүндө таңга жуук бир жолу ап! — деген бойдон боз үйдүн босогосунда жаткан жеринен чыгып кетет. Эртең менен эрте бир туугандарын ээрчитип алып, кыламык кар жааган экен ошол ийизи менен кууп жүрүп отуруп бир сыя тиштелген карышкырдын өлүгүн табышат. Андан ары жүрүп отуруп дагы сый тиштелген ар кайсыл жерде, ошондой алты карышкырдын өлүп жатканын табышат. Жетинчи карышкыр, бөрүнүн сырттаны менен тиктешип жаткан экен кара чолок коктунун чыга бериш жеринде. Аны көрүшүп ит жагынан чыксак табыш алып ит бизге кылчайса иттен айрылып калабыз. Карышкыр жагынан чыгалы деп, өңүп жүрүп отурушуп карышкырдын артынан чыгышканда, табыш алып карышкыр артына кылчайганда, ит бөрүнү бир серпип өтөт. Ошондо карышкырдын терисин сыйрып тиштеген жерин карашса бөрүнүн ооз омурткасы сынып кеткен экен.

Күндөрдүн биринде Кара-куурайдын үстүндөгү кашаттан, Жалманбеттин атын отко койгон жеринен, илбирс атты күчүктү ыргыткандай ыргытыптыр. Ыргытканда аттын жабуусу карагайдын бутактарында илинип калыптыр да, ат өзү сайдын таманына түшүптүр. Өзү жай баскан илбирс экен. Бир кырдын башындагы үңкүргө кирип кеткенин байкап калышат. Ошол илбирс кирген үңкүрдү Ороз менен Жалманбет экөө тосуп жатышат. Илбирс бир жумадан кийин чыгат. Ошондо экөө эки атып жыгышат. Терисин сыйрып атка жаап алып келгенде, бучкактары жерге тийип сүйрөлүп келген экен.

Ошондон мергенчилик кылып жүрүшүп Ороз Барскоондун башындагы карагайдын арасынан он эки айры мүйүздүү бугу атып алат. Андан жүрүп отурушуп, азыркы Тамга айылы турган жердин тоосуна бир топ күн мергенчилик кылып отуруп калышат. Ошондон улам жерди жактырышып, кыштоосу кенен жер экен, токой черинде бугу-марал элиги, андан өйдө жайлоосу кенен. Күн чыгышы Барскоон суусу, Көк-жайыктан бери жайлоо төрлөр аркар-кулжа жердеген, күн батышы Алтын-Күнгөй Балтырканга чейин малга ченебеген жер экен. Аска зоолорунда киши көрбөгөн эчки теке кенен экен дешип, азыркы Тамганын өрдөшүнө Токой чердин этегине, Аянт менен Жолборстунун ичине суу жээктей отурукташышат 1830-жылдары. Күндөрдүн биринде Жалманбеттин Ажыбек баатыр баш болуп,

Жалбынын Карасай, Ачакей, Күрөңкөй уулдарын ээрчитип дагы эки киши болуп, баардыгы алты киши мергенчилик кылып чыгышат. Аянттан өйдө Жоон-Дөбөнүн кырына чыгышса, Чегедектин түзүндө жыйырма-отуздай бугу-маралдын жатканын көрүшөт. Ажыбек өңүп келип төрт ок чыгарат. Калган бешөө түшүп барса, төрт өгүздөй болгон бугуну атып коюп, Ажыбек баатыр ортосунда турган экен. Он күн жатышат ошол жерде чардап. Ошол убакта бир жаш жигит келет. Аны ууру кылып жүрөсүң деп алтоо байлап алышат. Ал киши айтат, бугу бар деп эки киши келгенбиз мергенчилик кылып. Жанымдагы киши кетип калган отту көрүп дейт. Алтоо айылга түшүп барышат, төрт бугу бир киши алып келдик деп. Кийин туугандары төртбеш кара алып келип бошотуп кетишет тиги кишини. Тамганын эли азыркы Тамга суусунун өйүз-бүйүзүндө тоого жакын отурукташкан. Суунун оң куймасында Жолборстуда, андан өйдө Аянтка чейин, карагай черлүү жерге чейин жайгашкан. Жолборстудан ылдый суунун имерилиши Иймекке чейин отурукташкан. Иймектен тартып, суунун сол жак өйүзүнөн ары күн батыш жакка, Үч-дөбөнүн тегерегинде, азыркы Тосор айылынын Муратчан эли жайгашкан. Үч-Дөбөгө суу илгери калмактар чапкан арык менен Тамга суусунан тоонун боору менен агып, ошол Үч-Дөбөгө чыгат. Ал арык азыркы күндө дагы колдонулуп келет.

Кийин колхөз уюшулганда 1930-жылдарда көлдүн жээгине көчүп барып, Ак-чий айылы болуп аталды, кийин Тосор аталды. Ошол эле колхоз уюшула баштаган. 1933-жылдары Тамганын элин Барскоон суусунун агымынын сол өйүзүнө отурукташтырууга көчүрө баштайт Барталга. Азыркы аэропорттун аягы болуп калат. Ошол жылдары Жалжике сельсовет болуп турган. Жалжике элдин баарын кулакка тарта берген, өзү ушул эле айылдан. Жалжике менен Макени партячейканын башчысын барскоондук Саманчиев Сарке деген мас кылып кол коюп бер, жер мурунку бойдон эле калды десе, бармагын басып беришет. Ошону менен азыркы Тамга айлындагы Барталдын, аэропорттун үстү бүтүн бойдон Жолборстунун башындагы Көлкечүүдөгү суунун нугу менен бөлүнүп Көк-жайык барскоонго өтүп кетет.

Азыркы Тамга, Барскоон айылы турган жерге биринчи болуп орустар отурукташкан. Тамга айылы турган жерге орустардын үстүнө 1904-жылы Караколдон Ногой татарлары көчүп келип отурукташкан. Ногой татарлар кыш болбойт, кар түшпөйт экен деп Уралдан, Казандан келишкен. Караколдо татарлар

1827-жылдары бар болучу. Кыргызстанга орус менен татарлардын көбү аскер кызматына барбай үй-бүлөлөрү менен качып келген. Ал кезде орус өкмөтүнүн аскерине жыйырма беш жыл «рекрут» кызмат кылыш керек эле. Орустун көпөстөрү менен татарлардын байлары мал менен соода кылуучу. Кыргыздардан малды сатып алып, Россиянын орто райондоруна чейин барып, соода кылып келишчу. Татарлардын көбү орус менен кыргыздардын ортосунда тилмеч болуп келген. Каракол, улуу жибек жолунун боюнда жайгашкан. Өзбектер менен уйгурлар ошол соода болуп турган кезде Караколдо отурукташып калган.

Улуу октябрь революциясына чейин Караколдо калмак, өзбек, ногой татар, орус, кытай, дунган элдери жашап келген. Кыргыз эли кийин Караколго отурукташа баштаган. Ал кезде үч мечит, бир чиркөө бар болучу. Өзбектердин мечити, Татарлардын мечити, Дүнгандардын мечити (пагодасы), анан орустардын чиркөөсү менен Монастыры бар эле. Караколдогу Монастырды кийин Түптөгү «Светлый мысь» айылындагы монастырга көчүргөн. Ал жерден 1957–58-жылдары талкалантылып, кирпичтери Николаевка айылына ташытылып спорт, ден-соолук лагери курулган. Жыйырманчы кылымдын башында Каракол шаары ошол учурдун эң өнүккөн шаарлардын бири болгон. Караколдо орус-тузем мектеби, татарлардын мектеби, орус мектеби, прогимназия, реалдык мектеп жана офицерлер клубу болгон. Революцияга чейин орус-туземдик мектепте орус, татарлардан башка кыргыздардан болгону жыйырмага жетпеген бала окуганга улуксаат берилген. Болгону бир класста бир кыргыз баласы окуган. Ошонун бири Мухтарима Габдрахманова менен алтынчы класска чейин окуган, революцияга чейин. Төртүнчү класста окуп жүргөнүндө Мухтаримага бир тарак белек кылып берген. Караколдогу чоң үйлөрдүн көбү ошол кезде салынган октябрь революциясына чейин. Орус-татар көпөстөрдүн, байларынын үйлөрү болгон. Совет өкмөтү тартып алып, азыркы күнгө чейин Каракол шаарынын мекемелери пайдаланып келе жатат. Чыңгыз Айтматовдун энеси Нагима, Хамзабай Абдувалиев деген ногой татардын кызы болгон. Алардын үйү азыркы Ленин мектебинин ордунда болгон. Хамзабайдын дүкөнү — азыркы Ленин көчөсү менен Токтогул көчөсүнүн кесилишиндеги рентген кабинети. Тамга айылында жашап жаткан Абдулиндин чоң аталарынын үйүн азыр Караколдо баклаборатория ээлеп турат жана ушул сыяктуу.

Байсоорунга 1864-жылдар ченинде он түтүн ногой татарлары көчүп келип отурукташкан. 1914-жылы кыргыздар тери,

жүн, кийиз, шырдак, жылкыларды орус герман согушуна камдап берип турган. Аны «интендант» — заготовитель дегендери арзан акчага алып кетип турган. Ал ногой татарлар 1916-жылы үркүндө кыргыздардан качып, баш калкалап Караколго көчө качышкан. Караколдогу татарлар 1919-жылы Тамгага көчүп барышкан мурунку татарлардын үстүнө, убактылуу өкмөт кулап, совет өкмөтү орношкондо. Ат арабаны жасаганды тегеректеги кыргыздар, ошол ногой татарлардан көрүп үйрөнүшкөн. 1933-жылдары Тамгада эки колхоз түзүлөт, ногой татарлар «Вахит» колхозу болуп, Барталдагы кыргыздар «Сталин» колхозу болуп. Биринчи башкарма болуп Орозбай уулу Саалай шайланат. Партячейка болуп Чынгышбаев Шамбет шайланат. Бул туш басмачылардын тушүна, оор мезгилге туш келет. Элдин тыңдары боз үйдө, колунда жоктор сайма алачыкта жашачу. Алачыктын бийиктиги киши бою. Уктардын баштарын бириктирип түндүгү жок алачыкка, кийиз курмушу жабылчу. Кээ бирлери там согуп жашай баштаган. Ошол тамдын урандылары жетимишинчи жылдардын аягында түзөлүп айдоо аянтына айланган. Улуу ата мекендик согушка эркектерди бүтүн алып кетип, жалаң аялдар калат. 1944–45-жылдары Барталдагы элди турбагыла бул жерге деп, Вахит колхозуна отурукташтыра баштайт, эки элдин башын бириктирип, бир «Сталин» колхозу кылат. Биринчи орустар Тамгага Россияда «крепостная права» кулаган жылдары келген. «Обетованная земля, райская земля» — деп Ысык-Көлдү. Көлдүн күңгөйүнө отурукташып тегеренип жүрүп отуруп, калмактардан калган түз жерлерди ээлеп калышкан Тамга менен Барскоонду.

Эч документ менен далилденбеген, эл оозунда айтылган сөз бар: «Иса пайгамбардын эки апостолу Иван (Иоан) менен Матвей (Матфей) улуу жибек жолу менен кытайга барып келе жатышып ооруп калышат да Караколдогу Монастырда жатышат. Андан оорусу күчөп Түптөгү «Светлый мысь» айлындагы монастырда каза болушуп, Түпкө коюлган деп. Ал эки апостолдун кытайга барып келген жолунун картасын кийин кытайдан, орустун бир чалгынчысы уурдап кетет. Ошол карта сакталып калып, картанын негизинде кийин орустун саякатчылары келе баштайт.

Ошондой саякатчылардын бир экспедициясын Балбай баатыр эки жүз кишиден турган кол менен барып, бүт кырып салган. Кийин Ормондун өчүн алабыз деп, Ормондун уулдары, Күйөө баласы Өмүрзак жана Зарпбек уулу Күчүк ошонусун орустарга айтып, Балбай баатыр Текеске көчө качат. Андан

орус солдаттары менен барып кармап беришип, Балбай баатыр Алматынын кабагында каза болот.

Негизинен орустар Ысык-Көлгө саякатчылар Семёнов Тянь-Шанский жана Пржевальскийлерден кийин келишет. Ат, өгүздөрүнө үстү таар менен тартылган араба чегип, көчүп келе баштайт. Боом капчыгайынан чыгып, балыкчынын түзүнө чыкканда «Улан» шамалына кабылышып, бир тобу кайра кайтат Чүй бооруна, суук жер турбайбы деп. Калгандары жок, улуу саякатчылар айткан, жазган бейиштин жери болуш керек. Ошого чейин жетебиз деп, жүрүп отурушуп Ысык-Көлгө жетишип, андан күңгөйү менен жүрүп отурушуп, кол буруусундагы кара топурактуу жерге отурукташа баштайт. Караколдон аркы Ак-Суу айылына орустардын чалгынчылары карательный отряд менен келип «форт» курушкан.

Болгон саякатчылардын баардыгы ушул фортко токтоп, ат-жылкыларын, кийим кечектерин алмаштырып, тамак-аштарын камдап алып, мындан ары жол жүрүп турушкан. Алар Потанин, Пржевальский, Роборовский, Козлов жана башкалар болгон. Ошол кезде Индия менен Кытайдын чегинде отурукташкан кыргыздардын айылдары болгон. Саякатчылар менен кошо жер өлчөгүч, жердин картасын чийгич адистери кошо ээрчип жүргөн. Ал кез ошол форт орношкондон кийин, тегерегине орустар отурукташа баштаган, улам жерлерин кеңейтип. Ысык-Көлдүн тегерегиндеги бир топ айылдарга отурукташкан. Байсоорун—Сазановка кийин ата-мекендик согуштан кийин Ананьево, Түп— Преображеновка, Ырдык—Малиновка, Кызыл-Суу Покровка, Жергез—Константиновка жана ушул сыяктуу аттар менен аталып келген. 1950-жылдары Түпкө кирген атчан аксакал кыргыз болобу, жөө киши болобу орустун балдары таш менен ургулап, узатып чыгаар эле. Атасын таш менен койгулап көк-ала кылып, ээрчиген жаш баласы болсо сабап коюшаар эле. Жолдун боюнда отурган орустун абышка-кемпирлери унчукпай карап отура беришчү, өздөрүнчө күбүрөп сүйлөшүп.

Тамгадагы «Военная Санатория» 1922-жылдан баштап курула баштайт. Ошол кезде Сулайман деген калмак селсовет болуп турган. Партячейканын башчысы Жалбы уулу Шааке болгон.

Улуу ата мекендик согуштун аяк ченинде Тамгага беш жүздөй япон пленderин алып келген. Аларды Баатыркандын сайынын үстүндөгү түзгө чатыр тигип, азыркы алма бактын орду, тегерете тикенек зым курчап, «вышка» салынып автомат менен солдаттар кайтарып турган. Санаториянын таш тепкич

жолдорун Ысык-Көлдүн жээгиндеги таштарды сындыртып, талкалатып ташытып жасаткан. Ачкадан иштей албай, шайы ооп жыгылган япон солдаттарын арабага салып, апкетип турган. Кайда алып кетчү белгисиз. Жана ошондой азыркы «Аист» кафесинин жанындагы жыгач барак үйлөрдү салдырып, жолдордун четиндеги талдарды тиктирген. Тамга суусунун көлгө куймасынын оң өйүзүндөгу кара-бакты тиктирген. Ал жер мурда айдоо жер болуп арпа, картошка айдалчу. Тамгада Жанек баатырдын коргонунун астындагы жерди «Чодурдун жери» деп коюшат. Ал Фёдор деген орустун жери болуптур. Ошол жерге жер үй салып картошка, арпа эгин айдачу экен. Фёдорду Чодур деп жүрүшүп, Чодур атка конгон. Үркүндө кыргыздар менен чабышпаган жалгыз орус. Кыргыздар да ага тийген эмес. Азыркы күнгө чейин Чодурдун жери деп аталып келет.



## КООГАЛАНДУУ МЕЗГИЛ.

1914-жылдан баштап Ак-падыша аскерге ала баштайт орус-герман согушуна. Кыргызстанга отурукташкан орус, ногой татарларды. Тамгадагы татарлардын дагы алды ошол согушка барып келди. 1916-жылы Кыргыздардан аскерге-согушка алынгандары басымдуулук кылып, байлары кедейлерин жаздырып, ич ара арazдануу башталып, уезддегилер бай-кедейине карабай



ала баштайт. Ошондон кайра бirimдик пайда болуп, кыргыз эли жумурай журт бүтүн ак падышага каршы көтөрүлөт. Кыдыр аке ак падышага жолборстун күчүгүн белек кылып Санкт-Петербургка барып келген. Анын айтканына болушпайт. Кыргыз эли уйдун кашкасындай кенедей элбиз, калган уйдун тыбыты Орус эли дегенине. Кыргызстандагы элдердин караңгылыгы, кыргыз жергесиндеги орустарды жоготсок башка орус жок деген ой болгон.

Караколдон Тамгага кабар келет, күзүндө Түптөн ак падышага каршы, орустарга каршы көтөрүлүш чыгат, улуу от чыгат, Пишпектен дагы, бүтүн кыргыз эли көтөрүлөт деген. Көтөрүлүш чыгаардын алдында орустарды чаап өлтүрүп, катын балдарын кул, күң кылабыз деп, үйлөрүнө алып келип иштете башташат көпчүлүктүн кой дегендерине болбой. Ошолордун бири Токбай болот. Бир орусту аялы менен өлтүрүп он үчтөгү бир баласын карындашы, иниси менен үйүнө алып келип, кул кылып алдым деп иштетип жүрөт. Он үчтөгү бала түнүчүндө Токбайды өлтүрүп, качабыз деп койнуна ак балтасын катып жатып уктап калат. Эртең менен ойготом деп барып, Токбай койнундагы балтасы менен кармап алат. Үчөөнө өз көрүн өздөрүнө каздырып, тирүүлөй көөмп таштайт. Токбайдын артынан куугун түшөт. Азыркы Санаториянын дарбаза-

сы турган жерде боз үйү болгон, ошого кире качат, чык бери десе чыкпайт. Аялы чеңгел, балта менен боз үйдүн оозун тосуп, тигилерди киргизбей тосуп калат. Ошондон пайдаланып Токбай боз үйдүн арткы капшытын кайрып чыгып качып кетет.

Көл-Кечүүнүн оозунда жайлоодон орустар келе жатыптыр дегенди укканда Токбай, Байток экөө орустун бир жаш баласы бар экен, ошону айры менен сайып өлтүрүп таштайт. Аны жардын этегиндеги корум таштар менен корумдап таштакшан. Ошол жердеги жаш үч-төрт кыз бала барып, өлгөн баланын бешмантыбызга топчуларды кадатып алабыз деп, топчусун кесип алышкан. Аны көргөн ата-энелери топчуларды алып ыргытып, өлгөн орус баланын сөөгүн алыс башка жерге, орустар көрбөсүн деп, корумдап салышкан.

1916-жылдын жай мезгилинин толук күндөрүнүн бири. Караколдогу Монастырдын мандайындагы мечитте молдо сабак өтүп жатты. Эки бутун баканга байлатып, шымын шыпыртып чыбык менен көчүккө он эки жолу жеген Түлөкабыл ыйлап жаңы эле басылган, көзүнүн жашын аарчып, кичинекей терезенин түбүндө турду. Монастырь түрмөгө алынган. Монастырга казак орустары аттары менен кирип, чыгып турду. Бир убакта колу буту чынжыр менен тушалуу мурду коңкойгон, түркко окшогон бир адам качып чыгып, түз эле мечитти көздөй салды. Артынан ат минген казак орус кылычын булгалай монастырдын ичинен атып чыкты. Улам артын карай кылчактап качып келип, мечиттин тегереги тосулган кашаадан секирип өткөндө, эки бутундагы чынжыры ортосунан кашаага илинип калып саландап асылып калды. Жанталашып колу менен түртүнүп аракет кылып жатты бошонгонго. Ангыча казак орус чаптырып жетип келип, кылычы менен бир шилтеп башын денесинен бөлө кыя чапты да, кайра аттын башын буруп, токтолбостон чаптырган бойдон монастырдын ичине кирип кетти. Аба кескен кылычтын үнү менен «күрс» эткен үн чыгып, жаандан кийинки көлчүккө башы топ түшкөндөй сууну чачырата, топ дей түштү тоголоно. Манжа алакандары жер тыткан бойдон калды чыңала. Аягы өйдө асылган денесинен улам жыйрылып дирт, дирт эткен денесинен кан суудай агып жатты.

Бир жумадан кийин Түлөкабыл мечиттен качып чыгып, Тамга айылын карай жалгыз жол тартты. Караколдун суусун кечип өтөм деп агып, эптеп берки өйүзгө өтүп, кийимин сыгып жатса атасы менен атасынын иниси Сыдыкбек келип калды. Атасы учкаштырып алып, үчөө кайра айылды көздөй жол тартышты. Жолдо бара жатып, Сыдыкбек Түптө өткөрүлгөн

жыйындын жыйынтыгын айтып бара жатты. Күзүндө ак падышага каршы көтөрүлүш чыгаарын, улуу от жагылаарын.

Дархандын ылдый жагы менен өтүп бара жатышса, камыштын арасынан чырылдап ыйлаган жаш баланын үнү чыгат. Ал жакка бастырып барышса, курсагына айры сайылган орус аял өлүп жатат. Жанында эмчектеги баласы ачкасынан ыйлап жаткан экен. Эмне кылабыз деп, бир топ карап турушту да, аттан түшүп айрыны сууруп салышты. Баланы карашса ыйлаганынан көгөрүп, ачкасынан өзөрүп калыптыр. Энесин карашса эмчегинин сүтү толуп чыңалып, акырындан сүтү агып калыптыр. Ичке узун чөптөрдөн жулуп келип, баланы бир аз эмизип энесинин төшүнө байлап коюп, кете беришти. Түлөкабыл башын буруп артын караган бойдон атасынын артында, учкашкан бойдон кетип бара жатты.

* * *

Отузунчу жылдары Чоң-Жаргылчак айылынын булуңундагы көпүрөнүн жанындагы жыгач кампага, чыгышы Ак-терек, батышы Тосор айылдарынан бери өкмөткө ат-арабаларга, төөлөргө жүктөп барып эгин тапшырышчу. Андан ошол пристандан баржа менен жүктөп кетчү. Ошол жыгач кампанын элден эгинди таразага тартып алуучу приемщиги, Калганов деген орус болгон. Ал бала кезинде ошол Токбайды эстеп калган экен. Токбайдын бою эки метрге чукул келген зоот киши болгон экен. Ошол орус эгин кабыл алчу. Калганов Токбайдын тапшырган эгинин кемитип жазып отуруп, бир шылтоо таап, кестирип ийген түрмөгө, отузунчу жылдын аягында. Токбай ошо кесилип кеткен боюнча кайра келген жок.

Үркүндө Тамганын эли Үч-турпан менен Кашкар тарапка качкан. Үркүндө качпай калгандары тоо-токой аралап, камыштын арасына жашынып жашап калган.

1916-жылы Аянттын оозунда орустардын пилорамасы болгон, ошону өрттөп жиберишет. Аянттын үстүн «Белөтөк» деп коёбуз. Жер түз келип илгертеден бери арпа айдашчу экен. Ошол жерден бир топ айылдын кишилери Жамакеге эки жакты каратып коюп, калгандары машак терип киришет. Эки жакты карап турган Жамаке, арчанын арасынан уктап калып, орустар келип калат. Баары качып кетип машак терип жаткан Байтеректи, Кураманы жана Ороздун бир келинин Күлүмканды кармап алышат. Ошол жердеги саманды чогултуп Курама менен Күлүмканды атып, Байтеректи кийими менен тирүүлөй ороп, үчөөнү өрттөп жиберишет Аянттын этегинен. Кийин аларды

Чым менен жашырып, Сары тикенек менен малдар тебелебесин деп үстүнө таштап коюшкан. Байтеректин бир жаштагы Мамбетакун деген баласын Дархандагы таякеси багып өстүрөт.

Ороз уулу үркүндө мына кетебиз дегендин алдында орустар менен чабышып, Алышпайдын мойнуна бир бытыра тиет. Мойну шишип кетип Алышпайдын дем алганы оор болуп, жолго чыдабайт деп, күтүп калышат. Ошол түнү Алышпай каза болот. Эртеси Алышпайды жерге жашырып Ороз уулу бүтүн үркүп кытайга кирип кетишкен.

Үркүндөн кайтып келген жылдары Ачка-жылаңач элге убактылуу өкмөт каражат тамак-аш бөлдүрүп берген. Ал азыркы «гуманитарный помоштой» элге жеткен эмес. Жаратылыштын тегеренип, кайталанып турганы бекеринен эмес. Айыл аксакалдары, болуштар ачка-жылаңач үркүндөн келген элди колунда бар бир-аз малдуулардын үстүнө киргизип турган, ушул үй-бүлөнү багасың деп.

Ошондой окуянын бири: Айылдын аксакалдар – болуштары жыйынга келишсин деп элге чабарман жиберет. Бир боз үйдө жаңыдан аякка чалап жасап талкан чалып ичели деп жатышса,чабарман келип чакырып калат, аялы баягы чалапты алып чыга калып чабарманга сунат. Чабарман бир ууртап, кайра чапкан бойдон кетет. Анан ал үйгө аксакалдар жыйыны төрт үй-бүлөнү болуп берет, ачка-жылаңач буларды бала бакырасы менен багасың деп. Алар келгенден баштап эки-үч күндө бирден семиз коюнун карды чубалып өлүп жатканын көрөт. Ал окуя кайталангандыктан үйдүн ээси болушка айтса, болуш: эч нерсе болбойт, мал табылат эл табылбайт, — деп жооп берген.

1916-жылы Тамганын үстүндө Үч-дөбө деген жерде, азыркы Тосор айылынын Муратчандын төрт ата айылы жашачу. Ошол жерде кургак сай бар. Жазында гана суу агат кар эригенде. Ошол жерге Тамгага отурукташкан эки орус, бир айыл элди отуздай кишинин көбү катын бала болгон, силер багындык, бири-бирибизди байладык деп байласаңар Улукка көрсөтөбүз анан аман каласыңар дейт. Эки орус эки мылтыгын жөлөп коюп, тигилер бири-биринин колу-бутун байлагыча, көң калап, чай кайнатып ичишет. Колу буттарын байлап бүткөндөн кийин, ошол Сайдын кырына тизип алып четинен атып, кылыч менен чаап сайга четинен кулата беришет. Ошонун ичинен бир Батма деген жаш бойго жетип калган кызды, кылыч менен чапканда эмчектин үстүн, ийнин чала чаап калган. Өлүктөрдүн

ортосунда калат көмүлүп. Түн ортосунда эсине келип, суурулуп чыгып өйдө карагай аралап, Булакка чыгып кетет. Токойдун ичинде жалгыз, кишилерден жашырынып бир жыл жашайт. Кийин ал кызды таап келишет. Ошол сайдын кырына жаш-карысына карабай тизип бүт баарын кырып таштаган. Элдин сөөгү көмүлбөй калган. Кийин туугандары барып, чогуу эле ошол жерге жашырып коюшкан. Ошондон кийин Кыргын-сай аталып калган. Маркатай молдо Тосордон, Эсенгелди молдо Тамгадан баш болгон айылдын абышкалары, бир туугандары барып куран окуп жүрүштү. Бул өлүмдү «Шеит» өлүм деп коюшчу. Жылдар өтүп ал жер жаздын күнү аккан суунун кум топурагы толуп толтуруп көмүлдү.

1981-жылы жазында, мен мектептин тогузунчу классында окуп жүргөнүмдө, туут маалында колхоздун койчуларына жардам берүү үчүн сакмалга, ошол Үч-Дөбөдөгү Кыргын-сайдын үстүндөгү кашардагы чабандыкына чектелип калдым. Ошондо суу агып, кум чайкалып кишинин куу-саргыч келген сөөктөрүнүн чыгып калганын көрдүм. Карыялар бу, кыргыз койго окшогон момун эл деп айтаар эле ошол кезди. Ыраматылык, кошуна эки карыя бар эле, бир нерсени туура эмес кылып койсом: «кыргызсың да балам, кыргызсың да», — деп, кулактан акырын чоюп, ушалап койчу эле.

## АК-ШЫЙРАК АЙМАГЫНДА.

Манап чоң атам, атам Жамгырчы. Мен — Курман Кызыл-Дыйкан айылында 1920-жылы төрөлгөм. Үч жашымда ата-энем болуп Үч-Көлгө келиптирбиз. 1931-жылга чейин Үч-Көлдө жашадык. Ак-талаада, Ой-Кайыңдыны, Орто-Токой, Чоң-Токойду кыштачубуз. Орто-Көл, Баш-көл, Кызылдын белин, Эшекартта жайлачубуз. 1932-жылы колхоз уюштурулуп Ак-Шыйракка көчүп бардык

Ошондо Ак-Шыйракта Коңурат, Чабалдай, Черик, Моңолдор уруусу жашап турган. Топоз ошондо эле бар болучу, кабактык Токсобо дегендин 90 топозу бар эле.

Ак-шыйракка Ысык-Көлдөн жол тартканда Жуукучак ашуусун ашчубуз. Чоң Жуукуну кийин колхоз, совхоздун малдары көбөйгөндө гана мал менен аша баштадык. 1953-жылдан кийин мал көбөйө баштады. Топоз ошол Ак-Шыйрактан тараган. Анда башка мал жок. Кошоктоп саап каймагын алып, жуурат уюутчубуз. Топоздун өгуздөрүнө жүк артып көччүбүз.



Ак-Шыйракка көчүп барганда Жанартта Чабалдай уруусу турчу, көбүнүн сааны жок. Байлары — Дөөлөс, Алсеит, Шайымбеттен жакын жээк-жааты саан алып турчу, кийинки жылы деле саан сурап баргандардын, кээсине бербей коёр эле. Кийик атып жан сактагандар болгон. Алдуулары Ысык-Көлдөн 1 атка ун-талкан жүктөп келсе, алсыздары Үч-Турпанга ашып, бир-эки конуп, 1–2 пуд жүгөрү унун алып келчү экен. Апийимди Ысык-Көлдөн тилип. 1–2 кг алып, Турпанга жакын Ак-Өгүз ашуусун аша калчу Жаңарт аркылуу.

Бөрү Коңурат, Саспак Коңураттын жүздөй койлору бар эле ошо Эшекартты кыштап калчу, Жаман-суунун оозунда, Бордуда.

Сарычаттын ичин, Эшекарттын бели контрабанда жолу деп аталып келген. Ал эмнеге байланыштуу? Ысык-Көлдөн апийим алып келип, Үч-Турпанга соода кылуучу, көбү кармалып кетээр эле. Пограничниктер деле кармачу эмес, көбү милициялар колдуу болгон. «Бакан ооз» деп койчубуз, өзүбүздүн эле ичибизден чыкчу бирин-бири көралбастык кылып, тиги-тигинтип атат деп милицияга айткандарды. Ошентип кармап кетчү да, камачу деле эмес. Сурап-сурап 1кг, 2кг апийимин алып кетчү. Кайда алып кетет эч ким билбейт. Кармалгандар ой, аман калдык деп, кутулганына сүйүнчү. Кээсине штраф салып койчу. Жайкысын Үч-Көлдүн суусу, Сарыжаздын суусу жол берчү эмес муз тоңгончо.



Бедел ашуусу аркылуу 1937-жылы Кытай менен соода кылууга жол ачылган. Сарттар Уч-Турпандан келишчү, ар бирөө тогуз-ондон төө жетелеп Ак Белдин белин ашып, Чон-Жуукуну , Кашка-Сууну ашып, Совинторг деп койчу Кызыл-Суунун чатын. Ошол жерден баржага жүктөп кетип, кайра темиртезекти, оролгон зымдарды жүктөп кетишчү. Ак–таңылчактар, маталар, кебез, чыйбаркыттар, мындан башка төрт бурчтук коргошундарды жүктөп келишчү жалаң жаш сарттар.

Кыштын күнү да өтчү бир чепкен кийгени, ак курду курчанып койнуна эки токоч салып алып төөлөрүн жөө жетелеп, токочтон жеп коюп кете берчү. Үч-Турпандан Кызыл-Суუга чейин жөө басчу. Кербен башы гана ат менен жүрчү. Эшек айдаган, жетелегендери өзүнчө төрттөн-ондон. Кээде төө жетелегендери менен аралаш жеткен жерине эле түнөй беришчү. Күндүн суугуна карабай ашуу белдерге түнөп калчу.

Соода жүктөрүн Совинторгго тапшырышчу. Баржа менен алып кетип, кайда жеткирип, соода кылчу билбейбиз. Жолдон соода кылчу эмес. Ысык-Көлдө товарынын бири калбайт. Килем куржундарды ошондо көрүп калдык. Күрүчтү билчү эмеспиз, аны да ошондо көрдүк. Сарттар тамактанып жатканда сурап, кээде соода кылып калчубуз. Сураганга деле берчү эмес. Айран, сүт кенен ошондо, Ак-Шыйракта 60 түтүн элбиз — бир сельсовет. Сарттар тамактанып жатканда айран, сүт, сүзмө

берип, күрүч алчубуз. Көп берчү эмес, ченеп бир аз берчү. Сүткө бышырып жечүбүз. Палоо басканды ошондо көрүп, жасай баштадык. Күрүчтү көбүнчө этке алмашаар элек. Анда аркар-кулжа койдой жайылчу.

Чыйбаркытты дагы этке алмаштырып алчубуз. Шым костюм тиктирип он жыл кийчүбүз. Элдин жашоосу ошондо кыйын деле эмес, ортодон ылдый болчу. Ак-Шыйрак сельсовети анда «Биринчи Май» колхозу деп аталган. Бирин-экин мал бар, Ысык-Көлдөгүлөрдөн өйдө турчубуз. Көлдөгүлөрдүн бирин-экин малдары жоктор кыйын эле болуп, жашоосу начар эле. Биз ун, талканга түшкөндө көрүп калбадыкпы. Көлгө эт, жакшы ашатылган эчкинин терисин алып түшчүбүз. Эл көлдөлөң, тон тигип сатаар эле. Анда ала кийиз, шырдак жок. Малдын баарын колхоз алып койду, ордуна эч нерсе берген жок. Кийинки жылы элге кой аз деп, акысына бир аз жылкы берди.

Ак-Шыйрак заставасы 1928–30 жылдары курулуптур. Колхоздогулар отунун кесип, кийигин атып, чөбүн чаап берчү. Эмгек күн жазылчу экен, элдин карангылыгы ошо, аны башкарма өзү эле жеп койчу экен. Бизден алган малды бат эле жок кылып койду. Мен өз малымды эле бакчумун, мергенчилик кылып. Анан бизге окшогондорго застава үчүн кийик аттырып эт даярдатчу. Кийин машине жүрүп, отунун, тамак-ашын, чөбүн да Ысык-Көлдөн ташый баштады.

## БАПА МАНСУР.

Мансур 1916 жылы үркүндө ага-туугандары менен кытайга Үч-Турпанга качып барган.

1930-жылдары Бапа Мансур жигит курап сарттын байларын коркутуп, малдарын тартып ала баштаган. Үч-Турпанга бир күндүк жердеги бир чоң капчыгайды коктуну ээлеп, кол жыйнап, коктунун эки башына кароолчу коюп, кирген адамдын баарын аттыра берген. Акыры ал коктуга киши жолобос болуп калган. Капчыгайдын ичине заңгыраган чоң үй салдырып, кампаларынын баарын кап-кап кылып ун талканга толтурган.

1937-жылы «Мансурду аскер жыйнап алып Ысык-Көлгө келет экен», — деп Совет өкмөтү Ыштык заставасына Сарыжаз, Ак-Шыйрактын жана Жети-Өгүз районунун мергенчилерин топтогон. Андан Үч-Турпанга кызыл аскерин алпарат, Бедел ашуусун ашырып. Капчыгайдын оозун, үстүн тосуп атышып, Мансур окко учкан. Негизи Мансур Кашкар тарапка көчө турган

болгон. Мансур жөнүндө бул маалыматты аялы Орустун чалгынчысына, бир алтын шакекке алданып айтып койгон.

Моңолдор Азбай уулу Жумаке менен Токсобай уулу Ысрайыл капчыгайдан качалы, согушка кирбейли, окко учабыз деп, сүйлөшкөнүн бирөө угуп калып, орус командирине айтып барган экен. Ал силер чыккынчысыңар деп, согушка киргиче аттырып салмак болгондо. Ак-Шыйракта бирге жашап, бир тууғандай болуп калышкан Тулкубай менен Салык ортого түшүп, «биз алып киребиз согушка алдыга салып, качса өзүбүз атып салабыз», — деп аларды атуудан аман алып калышат. Ошол салгылашууда, таштан жасалган окоптогу Мансурга кимисинин огу тийгени белгисиз, ок тийип каза болот. Мансур өлөөрү менен сарттары (илгери уйгур-өзбекти айырмалабай эле — сарт деп коюшчу экен.), кыргыздары, чериги да бар анын калган жигиттери мылтыктарын таштап, колдорун көтөрүп багынып беришкен.

Үч-Турпанга келгенде Мансурду Кызыл аскерлеринин командирине көрсөтүп, ал Үч-Турпандын көчөлөрүн кыдыртып, эл мындан ары тынч оокатын кылышсын деген ой менен орус командири Мансурдун башын кесип, Үч-Турпанга ала кетебиз деген буйрук бергенде, башты кесүүгө эч кимиси даабай коет, ошондо Түлкүбай макул болуп, Мансурдун башын кескен. Башты куржунга салып, Жумаке минген аттын канжыгасына байлатат. Капчыгайдан Үч-Турпанга келе жатканда, канжыгадагы куржун түшүп калып, тоголонуп барып жардын боорундагы бадалга илинип калат. Үч–Турпанга келип, куржунду караса жок болуп чыгат. Түлкүбай Жумакеге башты таппасан, сенин башыңды кесип алам, — деп тап берет. Жумаке куржунду эртеси издеп таап келет. Мансурдун башын көчө кыдырып көрсөтүшкөндө, Үч-Турпандын сарттары жүгүнүшүп, ыракматын айтышат. Түлкүбай менен Салык үч жылдан кийин гана келет, себеби басмачы дагы чыгабы деп, — совет өкмөтү Үрүмчүгө чейин кыдыртат. Башкалары согуш бүтөөрү менен эле келишти бир жылдын ичинде. Көлдөн баргандардан окко учкандары бир аз гана бөлду. Ак-Шыйрак, Сарыжаздыктар сүйүнүп жүрүштү биздөн баргандар аман эсен келишти деп.

Жумаке кийин дагы айтып калчу экен, башты таппаганымда чын эле Түлкүбай менин башымды кесип алмак окшойт деп. Түлкүбай — Коңурат, Түлкүбайдын чоң атасы менен Курмандын атасы Жамгырчы бир тууган, энеси башка. Түлкүбай менен Салык япон согушуна барып келишти. Түлкүбайдан тукум жок. Жумаке чоноюп эс тартып калганда Нарындан төрт үйбүлө,

бир өгүз менен сырт аркылуу көчүп келип, Ак-Шыйрака отурукташып калган. Ажар Жумакенин карындашы, Түлкүбайдын экинчи аялы, азыр Тилекмат айылында турат. Курман бир баласын алты айында Түлкүбайга берген, аты Таштабек. Таштабек 2–3 балалуу болгондо Түлкүбай каза болду. Ажар эне ошо баласынын колунда. Курман ата дагы Тилекмат айлында жашайт.

## ҮРКҮН

Абайылда чоң атабыз, андан Күрөң, Күрөңдөн Байбарак, Байбарактан мен 1903-жылы төрөлгөм, — деген эле Мамбетчан карыя. Уруубуз Айбаш. Анда биз бу казактардын Күрмөнтүсүндө турчубуз. 1916-жылы биз качканда Чиликтин суусун кечтик. Түптүн суусунун башына жеткенибизде, Кыдыр аке Түптүн суусунун баш жагында, конушу суунун аркы өйүзүндө туруптур. Кыдыр аке үркүндө кытайга качкан жок. Мурда орустарга кыргыз элинин атынан барып, ак падышаға жолборстун күчүгүн белек кылып орустардан сый көрүп келген. Үркүндө орустар Кыдыр акенин элине тийген жок, бөлкө нандарын алып барып сыйлашыптыр. Качкан эл кумурскадай көп, Алайдын кырын ашып баратканда, таштар кулап жатты, кулаган чон таш бир кыздын төшүнө тийгенде, апа! деген бойдон ылдый кулады. Улам-улам артымды карайм, жыгылган кызды караган, ага бурулган да киши болгон жок.

Кытайда Көк-Терсктин суусунда, Аттын - Тоосунда эки чоң энемди биринин аягына биринин башын каратып бир койдук. Эки чон атам ачкадан эле өлүп калды. Качканда малдын баары, үй жайдын баары калды. Бирден минген атыбыз менен эле кете бериптирбиз. Эки кыштадым Текесте. Кытайдан келе жатканда Ыштык заставасынан өттүк, унаа жок жөө эрчишип. Заставада аркар-кулжанын туш эттери көп экен. Бир аз күн туруп калдык, этинен беришти. Сары-Жазга келгенде ата – энемден адашып калып, кайтып келаткан казактарга кошулуп, Казахстанга өтүп кетиптирмин. Жолдо бара жатканда, Казахстандын Эшиктүү деген жеринде орустар уйгурларды кырып жатканын да көрдүм. Мен Эшиктүү –Талгарда казактардын уйун, коюн багып жан багып калдым. Кийим жок. Уктап калат деп жуурат бербей, жууратган чалап берчү. Эгин айдашчу эмес. Ал мезгилде бир-эки тоголок курут жесең, азыркы бөлкө нан жегендей болчумун. Казакстандан атам үч жылдан кийин ба-

рып мени таап келди. Мени Кыргызстанга алып келгенден кийин, кабарымды айтып келген татарга Керенский деген акчадан берсе, ал алган жок. Бул, Сары-Булакка келдик. Анда эки жыл туруп, Күрмөнтүгө келдик. Өрдөштө туруп бир аз малдуу болуп калдык. Колхоз 1929-жылы уюшулду. Колхозго 1932-жылы кирдик. Колхоз малды эки жолу алып алды, бирин - экин мал калтырып. 12 жылкы алып, кийин кайра 3 жылкы берди. Ата мекендик согушка катышкан жокмун. Согуш башталгандын биринчи жылы, Чүй каналын каздык жети ай, Ивановкада жашап. Ошондо күрүчтү биринчи жолу көрдүм, арпадай болот турбайбы.

## БӨӨДӨ КЫРГЫН

Бул, Эңилчек тарапта Шалба аттуу киши жана Кадыракун, Исакун деген бир туугандар өзүнчө басмачы болгон. Орус оңдурбайт, орус кырат кыргызды деп үгүт жүргүзүп, бир топ кыргызды кытайга качырыптыр. Коңурат уругунан жүздөй эле кою бар Токтобай деген киши дагы байларды ээрчип жөнөйт. Баягы үч басмачы силер кете бергиле, биз орустарды тосуп атып салабыз, алардын аскерин кайырабыз дейт да, Кайыңдынын Таш-Короосунан тосуп калышат. Кызыл аскерлери Ысык-Көлдөн чыккандан баштап кезиккен элден, басмачынын башчысы ким деп сурап жүрүп отурушуп Кайындыга келишет. Аскерлер келгенде, Кайыңдынын Таш-Короосунда он түтүн үй бар экен. Орустун аскер командири: «бизге басмачы эле керек, жөнөкөй карапайым эл четке чыккыла» дегенде, Шалба чыга калып, «Мына мен басмачы!» — деп атып жибергенде, командири чалкасынан кетет. Кийими калынбы, же ок жанып кеткенби, Аткыла! — дегенде, жаш балдарын койбой аскерлер элди бүт кырып салат, үчөө колго түшүп бергенде, эли аман калмак экен.

## ИЛГЕРИ АЯЛДЫ КАНДАЙ АЛЧУ ЭЛЕ?

Илгери ала качмай болчу эмес. Кыз менен баланын ата энеси бири-бири менен сүйлөшүп, кудалашчу. Колунда бар малы болсо үйбү, жылкыбы, ошону сөйкө салдык деп койчу. Анан убада-убада деп жарым жыл, бир жыл жүрө берчү. Малын сөйкө салдык дегенде да берчү эмес, башка жакка берип

салабы деп. Же кыз, же бала, же кудалар айнып кетеби деп, кыз колуна тийгенде гана малын берчү. Кой, эчки берчү эмес. Никени кыз бир түнөгөндө ага-туугандарын, коңшуларын, молдону чакырып бүлөө болуп калды деп бир коюн союп никесин кыйчу. Кызын күчтөп берчү эмес, Күйөө болчу жигитти көрсөтүп, кыз кээде жактырбай калганда ата-энеси барар жерин Күйөө, убада берип койгонбуз деп кызды көндүрүшчү.

Бу, кийин эле ала качмай, ачуу басар, кыз отурбай кетип калды дегендер башталбадыбы. (Автордон: бала кезде эсимде, көчөдө агам кошуна кыз менен туруп сүйлөшүп калса мектептен келе жатып, чон энем кирип-чыгып уруша берчү, чоңоюп эле калган балдарсыңар, элдин көзүнчө алдигинтип турган уят, абийири жок дебейби көргөн кишилер деп.)

## ТЕКЕС БАГЫТЫНДА

Бугу Белектин бир баласы, Токой уулу, андан Акжол-Эрдене-Сүйүндүк-Тыныбек-Мусабай. Андан мен — Абдыш 1920-жылы кытайдын Текесинде төрөлгөм. Биздин чон атабыз Тыныбек 1906-жылы Каркыра жайлоосуна барып Текес деген кен жер деп угуп, Текеске көчүп кетиптир. Анда там жок, жайы-кышы дебей боз үйдө турушчу. Ошондо өз атам сегиз жашта экен. Малдарын айдап алып беш үй көчүп барган.Текеске барганда Көк-Теректе Меңмурат деген Токтосундун айылы бар экен. Отуз түтүн. Белектин Алдаш деген уулунун тукумдары экен бир уруу. Ошолорго кошулуп бирге жашап калат Көк-Терек суусунун боюнда. Отуз тутүндүн чет жагында кытайдын туруктуу казагы Кызай казактар турчу. Бир «акалакчы» бир район эл. Бул туруктуу казактар 5-6 кылымдан бери жашап келген. Ал кезде сен казаксын, мен кыргызмын деп бөлүнчү эмес. Алдаштын Токтосуну түштүк жакка Кашкарга көчүп барып андан кайра Текеске көчүп келген. Казактын болуштарына биз бир тууган болобуз, эл болобуз деп, бир четине отурукташып калган. Текестин башы бул эле Каркыранын аржагы Нарынколдон бери болот. Текеске Каркыра менен Туруктту ашып андан Алай кыр, Сайкал ашуусун ашып кытайга барчу. Ал кезде чек ара жок. Текес ушу Тескей тоонун уландысы, мөңгүсү деле токою деле тескей тоодой. Текес көл өрөөнүндөй жер, күнгөй-тескей болуп ортосунда Текес суусу агат. Көк-Терек суусу — Текес суусунун куймасынын бири. Суунун чонду-

гу Түптүн суусундай. Биз тескейинде, Көк-Терек суусунун боюнда жашачубуз. Тоодон аккан бир нече суулар Текеске кошулуп отуруп Иле дарыясына айланат. Дарыя имерилип, Кулжа шаарынын чети менен Казакстанга кирип, Чүнжанын чыгыш жагы менен өтүп Балхаш көлүнө куят. Казактар дагы жер айдаганды билбейт. Текесте эгин айдалчу эмес, ун-талканды Кулжадан сатып алып келчү. Текес менен Кулжанын ортосу 110 км, ат менен бир түнөп жетет. Бир-эки кап арпа буудай болсо бир жылга жетчү жээр-азык. Сорпого талкан чалып ошону ичишчү, күчтүү деп. Нанды деле эл жечү эмес. Киши-кара келгенде бир аз көмөч жасачу. Буудай арпаны талкан кылчу. Кулжа ошо кезде эски шаар болчу. Анда акча жок.

Ал кезде Кулжада кытай жок болчу. Биринчи жолу кытай 1919-жылы келди Кулжага Өкмөт болуп, Совет менен бөлүнгөндө. Нарынколдун чыгыш жагына, Шаты деген жерге кытай застава курду. Заставага чек арачы солдаттары коюлгандан кийин кишилерди өткөрбөй калды. Бул жактан апийим алып баргандар, кытайдан товар алып келем дегендер, жашырынып өтүп калды да, алар контрабандист атка конушту. Мектеп ачылган жок. Үркүндө качып баргандар кайра кетип, эл отурукташкандан кийин карагайдан бир комнат үй салынып, дин окуусу башталды. Медресе, анда үч эле ай окуучу кышкысын. Жазында байлар малыбыз тууйт деп балдарын окутпай алып кетип калчу. Кыргыз өзүнчө окуучу. Отундун бетин ортосунан бөлө чаап, тактайча жасап, анын бетин балта, керки менен түздөп, ошол тактайдын бетине тамганы Молдо жаздырып үйрөтчү. Кийин бетин кайра балта менен жылмалап жаза берчү. Кызай казактын эли менен кыз алышчу. Үркүндө кыргыздын кыздары кытай казактарында көп калды, талап-тоногон калмактарда калды, дуңгандарда калды.

1930–1932-жылдары «бай, кулак» болуп кесилгендер качып барышты Текеске. Ысык-Көл, Чүй боорунан бери. Алардын ичинде арапча, латынча, орусча билгендери бар.1932-1933 - жылдары мектеп салынды. Үчүнчү класска чейин, жайкысын үч айлык курс кылып арапча окута башташты. Классты «сынып» деп койчу. Үчүнчү классты бүткөн балдардан мугалимдик үч айлык окууга барып, мугалим болуп окута баштады. Маузедун менен Сталин жакшы кезде, 1949-жылдан баштап Алма–Атадан геометрия, математика адабият жана башка китептери басылып келе баштады. Ата-Мекендик согуш сезилген жок.

## КАЛМАКТАР

Калмактар көбүнчө азыркы Жети-Өгүз районундагы Ыштыкты, Карасайды, Жуукуну, Ит тишти, Арабелди конуштаган. Эр Табылды ошондо Текеске чейин калмактарды сүрүп таштаган. Ак-Шыйрактан Жанарт жакка кечип өткөн жер Кызыл мойнокто, Ыштыктан ары, Беделден бери Көк иримде, Курмөнтүдө, Беш Мойнокто кыштачу. Алар салган үйлөр Ак-Шыйрактын Кургак Коосунда 2–3 жерде, Ыштыкта бар. Жер өзгөрүп кетиптир, төрт бурч болуп билинип турат.

Эр Табылды бизден бир нече 5–5,5 кылым мурда болгон. Чалкалмактын убагында колго түшүп калган калмактар Челпек, Бөрү-Баштагылар. (Каракол шаарынын уйгур-өзбек-калмактын аралашкандарын сарт калмактар деп коюшат).

Кытайда калмактар көп болчу. Өз тили бар. 1940-жылдары «келте» ооруу менен ооруп калмактардын көбү кырылып, боз үйлөрүнүн түндүктөрү тартылбай калды. Мурдагы доордо булар аябай кир келген эл болчу, сууга жуунбай, кийимдерин жуучу эмес. Кулжа шаарындагы кыздарынын сулуу келгендерин айт, кызыл-тору болуп. Калмактар итти арам көрчү эмес, жанына келген итине чөмүчкө сүзүп тамак салып берип, өз тамагын иче берчү. Казанга тамак жасаганда, ит башын салса «кар!», — деп (кет дегени го ) чөмүч менен башка бир салып, кайра чөмүч менен тамагын куюп жей беришчү. Казанын жуубай эле ийленген суурдун териси менен сүрүп-сүрүп коюшчу. Башка элге караганда калмак момун, жоош болот. Бир жакшы жери - жолдо калып кеч кирип кеткенде, биз кудайы конокпуз деп байыраак жашаган үйгө түшкөнүбүздө, кудайы конок болсоңор, кудайы коноктук деп бир майда жандыгын берчү. Өздөрү кийлигишпейт, үй-бүлөсү менен Бөз үйдүн бир капталында. Биз үч төрт кишибиз, жашыраагыбыз от жагып, суу ысытып, идиш аягын күлгө сүртүп, ысытып казанын кошуп жууп, малды өзүбүз союп, өзүбүз бышырчубуз. Эт бышканда сиз малдын ээсисиз, мал сиздики гой, ооз тийиңиз деп бир аз эт салып берчүбүз. Алар далыны улуу устукан кылат. Кудайы коноктор тамагын жеп, калган этти артынып кетсе да унчукчу эмес. Калмактар ак кийизди эки каттап шырып коёт. Ошонун үстүнө жууркан-төшөк жок эле ичиктин ичине оронуп жата беришет, балдарын дагы ичикке оройт. Калмактар кытайдыкындай эки таяк менен тамактанчу. Бычактын кынындай кылып эки таякчасын капталына, куруна салып алышат. Нанга караганда талканды көп жешчү.

## ОЮН ЖАНА ТЕКЕС АКЧАСЫ

Текесте бала чакта Шабиет оюнун, жылаңайлактанып, беш-бештен бөлүнүп, он бала ойночубуз. Тегерек чийип алып, анын ичинде беш бала,чийиндин сыртында беш бала. Тыштагылар ичиндегилерди чаап калыш керек, ошондо ичиндегилерден бирөө чаап же тээп тийип калса орун алмашылат, чийиндин ичиндегилер сыртына чыгып сыртындагылар ичине кирет.

Мындан сырткары ордо, аркан-тартмай оюндары ойнолчу. Той-томолокто аркан-тартмай оюнунун байгеси чон коюлчу. Ал кезде бир чоң койдун баасы 50–60 сом. Текеске акча 1949-жылы келди, 2, 3, 5, 10, 20 сомдугу жана майда тыйыны бар. Эл карапайым болчу. Кытайдай адилет болбойт. Бир тыйын жебейт. Кичинекей баланы базарга же дүкөнгө жиберсең эмне алганынын баасын жазып, калган тыйынын түйүнчөккө ороп берчү. Же өзү апкелип берет, кичинекей баланы жибериптирсиң деп. Дүкөндү бир дунган 1957-жылы ачты. Майда-барат алып сатарлар (уйгурлар) эшектерине артынып алып кийин келе баштады Текеске.

## МЕРГЕНЧИЛИК

Белектен Токой, андан Бабай, Бообек, Дуулат, Мөөнтай андан мен Турсакун 1925-жылы Текесте төрөлгөм, биздин аталарыбыз жайкысын жылкыларын Текес суусунун боюна жайлатып келчү экен. Ошо жылы жылкыны күзүндө кайра Күрмөнтүгө айдап келерде жылкылар тууй баштап кыштап калат. Кийинки 1911-жылы менин атам уйга жук артып, текеске көчүп кетет, ошо кезде эле бир туугандар арасында ыр-чыр бар экен. Аркар-кулжа, эчки-теке, марал көп болчу. Мергенчилик кылчумун. Чолок-Терек деген жерден бугу ферма ачылып, мергенчилерди уюштурду, 12 кишини бир топ кылып. Маралдын музоосунан тирүү 12ни кармап, 6 айга чейин багып бердик. Акчасын төлөдү. Бизден башка дагы бир топ мергенчилер тобу түзүлгөн. Мылтыгын ок дарысын берчү. Каалаган жагына бара берчисүн. (Автордон: Ал кезде бизде Советте, ар бир айылдын универмаг дүкөндөрүндө ок-дары, сайлуу кек мылтыгы кенен турар эле.) А быякта мылтык көтөрүп чыксан эле, баса калып жатпайбы, документиндин бар жогуна карабай тартып алып. Текестен мергенчилик кылып жүрүп Шаты деген жерге келдик, андан Кайыңды деген жерге барып, Тай-Ашуу ашуусун ашып,

бир чоң Сайга түштүк. Ашуу жак бети Жашыл-Көл, маңдайы Кононор. Коңонордо түнөгөнгө орун камдап жатсак, Тай-ашуунун кырынан үч-төрт атка артынган жүктөрү бар жети-сегиз киши көрүндү, атчаны бар, рюкзактары менен жоосу бар. Кайра бат эле жыйналып, Тай-Ашуунун кырына чыктык. Кононор Советтин жери, сайдын ичи карагай чер, бугу марал ошонун ичинде. Бугу-маралдын музоосун кармайбыз деп үчөөбүз келгенбиз. Кой деп, артка чегиндик кармап кете элегинде деп. 1958-жыл болчу, тигилерди көрүп кайра качтык.

## КҮРӨШ

Үрүмчүдө күрөш болду. Текестен Турсакун барды. Кызыл-Сууда Кызыл-топ уруусунан Өмүркасап деген уйгур бар экен. Күрөштөн биринчиликти 2–3 жылдан бери бербей жүрүптүр. Мастерим дунган, мени ошого бекем тур, — деди. Аны эки жолу көтөрүп чаптым. Цынцзянь областы той берип, «Балбан» атка кондум. Андан кийин 1959-жылы Пекинге алпарды. Таразага тартты, мени менен күрөшчү 17 киши болду. Курөшкө ички моңголиядан бир көзу сокур, ичке адам чыкты. Ошондо менин атым чыгып калды Цынцзьянамоя, Цынцзьянамоя деп. Мен барып эле көтөрүп урам десем, мастерим антпегин деди. Мен күчүмө ишенем десем, макул деп айтты. Ошо сокурду көтөрүп урам деп чыгып бардым. Кол алышып, эки жакка бастык, ангыча кандай урду төшкө жүрөк тушка билбейм, акырын эле колдун учу тийгендей болду эле ыргып кеттим, топ ыргыгандай. Ошентип утуп кетти. Экинчи күрөштө көтөрүп урдум. Бир топ эс алдырып койду экөөбүздү. Кайра күрөштүк, күрөшкөндө эки ит талагандай болду, колго тийсе көтөрүп урмай, колго тийбесе жыгылмай. Ойт берип, эки жагыңды караганга да үлгүрбөйсүн. Биз аларга караганда өгүз экенбиз. Мастерим күрөштүн эч нерсесине машыктырган эмес. Жайлоодон айдап барган өгүзгө окшоп бардым да күчүмө ишенип. Колго тийбейт, колго тийсе эле урам. Күрөшкөндө бешке-беш болуп калдык. Судья ышкырыгын чалганда колума тийип калды, кармап туруп жерге чаап таштасам, судьяга баш ийген жок деп, судьяга рая кылбастык деп Турсакунга бешке-төрт деп бир бааны алып салды. Андан кийин кайра күрөшкө кирдим. Майкемди чечсем эмчек жак капкара болуп топудай болуп шишип чыгыптыр. Кармасам бычырап атат оорубайт, берч болуп калыптыр. Доктурлар чуркап келди. Шишиктин тыяк быягын

кармалап, бирдемесин сыйпап укол куйду. Бир чон ийнесин сууруп чыгып, шишиктин алдынан өйдө сайганда тескери карадым көздү жуумуп. Жарым литр банка толтура кан сордуруп алышыптыр. Андан кийин ошол сокурду отургузуп койду. Ал Турсакундан башка киши менен күрөшкөн жок. Кетет келет отурат, кайра кетет келет отурат. Мени төшкө уруп койгон үчүн күнөөлөп койду. Ошентип сокурга жеңилип келдим.

Күрөш бүткөндө өнөрлөрүн көрсөтүштү. Жанагы кум бар го, туз мүшөккө салынган, урганда алаканды түздөп колдун учу менен жоон билекке чейин «күрп» этип кире түшөт. Ак балта менен чапсаң кирбейт ал жерге. Үч-төрт метр алыстыкка шам чырак күйгүзүп коёт, он киши үйлөсө өчпөйт. Кана, кана деп сөөмөйүн шилекейлеп туруп, болжолдоп туруп чертип койсо өчүп калат. Дагы бир адамдар бар экен, өз далысын өзү карап атканын көрөсүң. Жылаан, адам жылаанга окшогон нерсе экен. Эми бу күрөшкөн кишилердин көбүнүн кулактары жок түбүнөн. Бул эмне десең тубаса дейт. Тубаса эмес, бу баягы күрөшкөндө кулактын баары ушаланат экен да, суу чыгып барбайып кулактан суу куюлуп турат экен, дүңгүрөп ооруганы билинбей аябай этин өлтүрүп салат экен, анан көбү кестирип салат. Бу бизден кызыл топ уруусунан бир уйгур бала барган эле, эки кулагын тең кестирип салды.

## ТЕКЕС 1990 ЖЫЛДАРЫ

1990-жылы Текесте баягы токойдун бири жок. Ошондогу илбээсин марал, кийиктердин бири жок. Токойдун баары кыйылып, ордунда чириген гана дүмүрлөр калган. Токойлуу өрөөн ачык түздүккө айланган. Дүмүрлөрдүн түбүндө жаңыдан бармактай болгон чырпыктар өсүп чыга баштаптыр. Кытай, дунган эли көп отурукташкан экен, аска-зоонун түбүнө чейин үйлөр салынган, бош жер жок.

Аяктагы кыргыздардын жашоосу тың эле. Бышкан кирпичтен үйлөр салына баштаптыр. Кыз алсаң калыңды катуу салат. Бирөөнүн ипподромдо чаптырып, биринчиликти алып жүргөн жылкысын алып бер дейт экен. Анан ортого киши салып отуруп калыңды ылдыйлатып бир келишимге келишет. Майда кыргыз, казак, калмак өңдүү элдерди аскерге албайт экен. Эгер аскерге барам деп суранып туруп алсаң алат. Аскерге барып келгенден кийин жумушсуз калтырбайт. Участковый милиционер же, башка бир кызмат таап берет. Кытай менен

Дунган элине бирден гана балалуу болууга улуксаат. Калган майда элдерге экиден бала уруксаат. Андан ашык төрөлгөн балдарды каттоого албайт дагы, эч кандай мамлекеттик пенсия, пособия, шайлоо дегендерге укугу жок болуп паспорт дагы берилбейт.

Кытайдан, Кыргызстанга кытайдын алты шаарынын өрөөнүндө жашаган кыргыздар, совет өкмөтү орношкондон кийин, чек аралар бекитилгенден кийин чыкпай калган.

Болгону Текестеги кыргыздар чыккан. Совет өкмөтүнөн чалгынчылар барып, Текестеги кыргыздарды тизмеге каттап кеткен. Кийин ал кишилерге паспорт жасап алып барып берген, Кыргыз ССРнин гражданини деген. Кытай өкмөтү ошол паспорттордүн негизинде карап, уруксаат берген. Катталбай калгандары ага-ини, эже-синди бир туугандарын кетебиз дегени менен кете албай калып калышкан сыздаган бойдон, паспорттору жок.

Нарынколго чек арага чейин, кытай өкмөтү жеткирип барган машиналарга жүктөп элди. Андан Казакстанга, Алма-Атага машиналар менен ташып барган. Ал жактан Кыргызстандан барган машиналар күтүп турган. Алма-Атадан Токмоктун үстүндөгү Мичурин айылына жеткирген. Үч күндөн кийин ким каякка десе, ошол жерге жүктөрү менен ташып, четинен түшүрүп жүрүп отурган машиналар менен. Текесте бир айыл болуп жашаган эл, Кыргызстандын булуң бурчуна чилдей тарады. Текесте төрөлүп чонойгондору менен ар ким өз уругуна, тугандарынын айылдарына гүшүп жатты. Текестен үч жолу чыкты казак, кыргыздар. Эн акыркысы 1968-жылы. Азыр Текестен келген кыргыздарды кытайчы деп коюшат.

## ЖЕР-СУУНУН АТАЛЫШЫ

1916-жыл. Кар аралаш бороон чапкында, ыйлаган баласына эмчегин эмизейин десе сүтү жок, баласын өңөрүп төө минген бир келин келе жатты. Арабел тоосунда маңдайдан урган ызгардуу шамаалынан чыйрыкканын сезбей, өткөндү эстеп, өңү кумсарып, көзү токтоп калган. Кээде көзүнөн ылдый жаш тоголонуп кетет. Тоголонгон жашын сүрткүчө, сууктан бетине тоңо түшөт. Төөнүн буйласын анда-санда тарткылап коёт. Көз алдына жайлоодон жаныдан жуучу келип, ата-энеси тааныштырган жигитинин элеси келген кезде, алыстан улуган жалгыз

бөрүнүн үнү угулуп, эсине келе, башын өйдө көтөрсө Жетим тоонун ашуусун этектеп калыптыр. Сол жагында бир абышка көзү ачык бойдон, небереси менен отурган жеринде тоңуп калганын көрүп, жүрөгү сестене түшүп, жакшы элестин баары бычак менен кескендей жоголуп кетти. Ал абышканын көздөрү узап кеткенче ээрчий карап отургансыды. Канчалык аракет кылганы менен жакшы элестер кайра көз алдына келбей койду.

Жетим бел тоосунун ашуусуна чыга берер жерде жайнаган кишинин өлүктөрү. Орустар кырып таштаганы, же суукка тонуп өлгөндөрү билинбейт. Өлгөндөрүнө бир топ күн болгон окшойт, тытылган кийимдери менен денесинин айрым жерлери кардын астынан чыгып турат. Үрөй учурган жерден караңгы киргиче өтүп кетейин деп, төөсүнүн буйласын улам-улам тарткылап теминет. Эмчектеги баласынын дагы чырылдап ыйлагасы басылбайт. Ашууну ашкандан кийин шамаал жок тыптынч боло түштү, жумшак кар акырын жаап жатты. Төөсүн токтотуп, бир аз талкан чайнап, баласынын оозуна салды. Жетим тоонун ашуусунан ылдыйлап жарымына жеткенде, төөсүн күн батып бараткан тарапка оңго бурду. Кар басылып, күндүн нуру асмандагы булуттардын артынан билинер-билинбес болуп кызгылт тартып турду. Коктунун ичине кирип, кайра өйдө чыкканда, эки жагы жарлуу тоолордун ортосундагы түз келген карлуу бетке туш келди. Бекем кармап келаткан төөнүн буйласын бир аз бош коюп, уктап жаткан баласынын чекесине эриндерин тийгизе бир аз жыттап, кенен-кенен дем алып үшкүрүнүп алды. Оюн кайра кечээ жакында өткөргөн күндөрү ээледи.

Арабада үй-бүлөсү менен бара жаткан орусту айры менен сайып өлтүрөм деп агасынын окко учканын, тоодон эки орусту өлтүрүп, айылдын жигиттери атка колу буттарын байлап жулдуруп, суугa салып жиберип, ал өлүктөрдү суу ылдый отуруктaшкан орустар таап алышып, айылды тегеректеп жаш карыны койбой аткылап кыргынга учуратканы. Ошондо үй-бүлөсүнөн ажырап, эмчектеги жалгыз баласы экөө жашынып качып, аман калган окуялары көз алдынан өтүп жатты.

Башын көтөрсө, жалгыз аяк жолдун нугун шамаал карды үйлөп, жаап салыптыр. Түз келген жер бүтүп, ылдыйда тоңуп калган көлдүн үстүн кар басып, түптүз ак табактай болуп калыптыр. Анчалык чоң эмес көлдүн үстүндө, каршы-терши өткөн карышкыр, түлкүнүн издеринин нугу көрүнүп турат. Күн ылдыйлап, маңдайдагы чон зоонун сүрү ого бетер күңүрт тар-

тып, жүрөктүн үшүн алат. Көлдөн ары бир чай кайнамдай жерде конуш бар эле ыктоо, ошол жерге жетип, түнөйүн деген ой менен төөсүн астыга бастырды. Төөнү муздүн үстү менен көлдү жээктей бир аз бастырса муз бир топ эле калың экен. Көлдү айлангыча караңгы кирип кетип, таппай калчудаймын деген ой менен шаша түз бастырды. Көлдүн ортосуна жете бергенде муз жарылып, төө менен кошо муздак сууга чөмүлө кирип кетишти. Кайра сынган муздүн арасынан караандары бир аз көрүнүп, төөнүн бакырганы, жаш баланын «чыр» деп кулак теше ыйлаганы, келиндин аска зоону жаңырта чаңырган үнү тегеректи жаңыртып барып, ошону менен жок болушту.

Азыркы күнгө чейин кыштын күнү бороон-чапкын болуп, шамаал катуу жүргөн түндөрү, Көлдөн келиндин ыйлаган үнү, төөнүн бакырганы коштоп, жаш бала ыйлагансып боздойт. Ал көл ушул окуядан кийин «Өкүргөн-Көл» аталып калган.

Жетим бел тоосунун ашуусунда карыялардын айтуусүнда кырылып эки жүз токсон эки адамдын сөөгү калган, ошондон бери ал ашуу «Сөөк» ашуусу аталып калган. Ашуу деңиз денгээлинен 4028 метр бийиктикте жайгашкан.

* * *

Үч-көлдүн аталышы Баш-Көлгө байланыштуу. Ак-Шыйрак тоосундагы Кунан-ашуу, Ак-Шыйрак тарабы түз келип, бер жагынын тиги деле жок, чон корум, ташы жок кум болот.

Эшекарттын бели менен мурда сарттар каттачу эмес, кыргыздар эле революцияга чейин каттачу. Анын бели узун — саздак келип, дениз денгээлинен 3800 метр бийиктикте жайгашкан. Кышкысын белге калың кар түшүп күрткү басып калат. Эшектерге жүк артып Эшекарт ашуусун ашып келе жатканда атчандары ашып кетип, эшектер кыйналып баспай, ашууга түнөп калчу экен. Эртеси кайра жүктөрүн эшектерге артып, ошондон ашуунун аты «Эшекарт» аталып калган. Эшекарт ашуусунун түшө бериши Сарычат – Эрташ суусунун аягы Үч–Көл суусунун башталышы болуп калат. Үч–Көл коктусунун баш жагы Эшекарт карандай суук келет, себеби катуу шамаал Коёндунун башындагы мөңгүдөн үзгүлтүксүз согуп турат.

Кургактепчи суусу — мурда Эшекарттын чоң суусу деп аталчу. Азыркы Сарычат–Эрташ коругунда жайгашкан «Жамансуу» коктусунун кечмеси тигирээк келип, суу катуу агып, кишини минген аты менен кошо ура агызып, зыян да кылып

койчу экен илгери. Ошондон суунун аты «Жамансуу» деп атайлып калган. «Жамансуудан» аркы корумдардан өткөндөн кийин кичинекей сазча бар, ошол жерди Көбөктүн Таш-Тулгасы дейт илгертеден.

Жаман кыяны – илгери Кой Кыя, кой жолдун кыясы дешчү экен. Жаман Кыя дегенибиз — Гөөлүнүн мандайындагы Сарычат суусунун он өйүзүндө, тик келген жардын үстүнөн өткөн кыя жол. Аркар-кулжалар бирден чубап өтөт.

«Чомой» коктусу — илгертеден калган аты.

«Оройсуу» Чон-Сарытөрдү туурасынан кесип агып түшкөн суу. Суунун башы жайык келип, ортоко келгенде ичкерип, суу жер кыртышын, жер гранитин жеп, терендиги 10 метрдей, жазылыгы 1,5–2,0 метрче тик келген жаранканын таманында ылдый карай катуу агат.

«Чон Сары-Төр» — жердин шартына жараша коюлган.

«Ача» — эки суунун, кичи Сарытөр менен Колпаковский мөнгүсүнүн суусунун кошулган жери. «Бороко» коктусу- илгертеден бери аталып келе жатат.

«Кичи Борду» жана «Чон Борду» коктулары жанаша келип, күнгөй бет болуп ыктоо. Илгери анда мал кыштачу. Жайып кайтарган малдары байлап бордоп семиртkенге барабар болуп, ыктоо жер, ошо «бордоп» деген сөздөн «Борду» аталып калган.



# ӨЗҮМ БАШТАН ӨТКӨРГӨН ТООДОГУ ОКУЯЛАРДАН


Ноябрдын үчүндө, Ак–Шыйрактан кар-аралаш бороондо эки егерим Аязбек менен Бакыттын тамак-аш, жүгүн аттарга артып, Эшекарт ашуусүн ашып беш жарым саатта, караңгыда Үч-көлдөгү үйгө жеттик.

**4-ноябрь 1999-жыл.** Үч-Көл суусунун башындагы Эшекарт ашуусунун алдында коруктүн егерлери турган үй. Эртең менен үйдүн маңдайынан Чон-Күңгөйдүн этегинен карышкырлардын Үч-Көл тарапка кетип баратканын көрүп калдым. Турнабай менен карап санасак тогуз карышкыр экен. Бакыт Соломо жакка аттарга кеткен, аттарды айдап келип бир дөңдү көрсөттү, бөрүлөр ошонун үстүнө чыкты деп. Бакыт менен Аяз Коёндуга барып калган жүктү алып келишмек. Шашпай түшкө чейин чай ичип, анан карышкырларга чыкмай болдук. Октябрдын жыйырмасынан бери 3 жылкы жедиришиптир. Бөрүлөр кеткен жак өңүттүү болгондуктан, суудан өтүп артынан жөнөдүк. Өйдөкү дөңгө бөрүлөр эски кыя жол менен чыгып кетишиптир. Аяз менен Жылкыбай абаны ылдый жагы менен астына жиберип, Бакыт экөөбүз карышкырлардын изи менен кыяга салдык. Аттарды калтырып, бузулган кыя жол менен араң дегенде дөңгө чыктык. Кыя жол менен бир топ жылдан бери кийик, мал баспаптыр. Кыя жолдү жаан чачын кар жеп отуруп, анын аты эле калыптыр. Алдыбызда өткөн бөрүлөрдүн буттары катып калган кызыл топурактуу майда таштары бар тик бетте тайгаланып, тырбаландап жүрүп отуруп, суу агып жеген жети метрлик жаранканын эки метрден ашыгыраак келген жерине туш келдик. Бөрүлөр ошол жерден секирип өтүшүптүр, биз секиргенден чочулап эптеп жаранканын ичине түшүп, араң дегенде бири-бирибизди тартып, түртүп отуруп жарандадан чыктык. Деги, киши басалгыс жер менен чыгышыптыр. Күн түш, асман ачык, жел урбай тыптынч. Бакытка кызмат СКС карабинимди берип, анын мылтыгын өзүм алып, видеокамераны даярдап мен айтмайынча атпа, эгер кача турган болсо гана ат дедим. Бакыт алдыда магазининде он огу бар карабин менен, мен 4–5 метр артта мылтыкты октоп, колтукка кысып алып, эңкейип, видеокамераны бетиме кармап келатам. Дөңдүн үстү түз, бирок ылдый өйдө ойдуңдары бар. Бир убакта Бакыт отура калып, акырын жаңсап бери кел деди. Мен токтогон жеримен кичине өйдөрөөк болсом, бир карышкыр узунунан капталын салып, өйдө жакты карап туруптур. Дагы өйдөрөөк

болуп карасам, карышкырлар катар тизилип, ары жакты карап жатыптыр. Мен Бакыттын жанында болсом, бүт бардыгын тартат элем деген ой менен, бирок табыш алдырып аламбы деп, кол жаңсадым даярдана бер дегендей.

Видеокамераны иштетип алып, энкейип отурган жеримен өйдө боло тарта баштадым. Бакыт мылтыкты сунуп жатканын тарттым. Өйдөлөп баратып турган карышкырдан ылдыйраак дагы бир карышкыр туруп калыптыр капталынан, ал экөөнү кошуп, жаткан карышкырларды тартайын деп, дагы бир аз өйдөлөп баратканда: тарс! эткен карабиндин үнү чыкты. Мылтыктын огу аткан карышкырдын башынан алыс кетип аркы беттеги ташка ок жаңыра бир тийгенде, бөрүлөр кайра бизди карай салды. Маңдайыбыздан бизди карай түз келаткан үч бөрү көрө калып оң бетке, өйдө карай капталын сала жөнөдү. Бирөө алардан бери менден жети-сегиз метрчелик аралыкта, сол каптал жагымдан кыйгай тарта арткa, биз келген жакка жөнөдү. Дагы бир чоң карышкыр андан бери менден үч-төрт метрлик жерден чуркап өтүп баратты. Бакыт өйдө бараткан үчөөнүн бирөөнү атып калды. Ортонкусу сол жак капталын каап калды. Камеранын паузасын баса коюп, коё бергенимде мойнумдагы куру менен менин төшүмө илинип калды. Сол колтугумдагы мылтыгымды ала коюп жанымдан өтүп бараткан карышкырды кароолго кармай албай андан аркысына суна берсем, так эле сол колтук далы тушка келе түшкөндө машаны бассам: чык! этип осечка берди. Ушул эле убакта Бакыт мага тушташа түшүп ошо бөрүнү атып тийбей калды. Чуркаган бойдон жаныбыздан өткөн карышкырдын артына салды, кок-туга кирип, өйдө сызып бараткан карышкырды жата калып, эки атып тийгизе албай калды. Бул убакытта мен мылтык менен алышып жаттым, ичиндеги осечка берген огу чыкпай жатты клей менен чапталып калгансып, оң капталымдагы чөнтөктөн макини алып, аны менен патронду алып ыргыттым да, башка окту сала коюп өйдө карасам, Бакыт кайра биринчи ок чыгарган карышкырлар жаткан жерден өйдөрөөктө чуркап баратыптыр. Мага арткы бир бутун сүйрөп, өзүнөн ылдыйраак-та кетип бараткан карышкыр жакка шилтей, «мен жакка келбе муну жоготуп ийбе», — дегендей кыйкырып, жаңсап калды. Мен баш ийкей, ылдый карай сүйрөлүп кетип бараткан карыш-кырдын артынан мылтыкты суна далбастай чуркадым, же ви-деокамерага тартаарды же атып салаарды билбей.

Карышкыр даана көрүнөр замат мылтыкты колтукка кыс-тым дагы камерага тарта баштадым, кезиккен таштын үстүнө



камераны коё калып артынан ылдый карай чуркадым. Оң жагына бир, сол жагына бир чыга, тик ылдый келген кокту беттен чалынып-мүдүрүлгөнүмө карабай, артынан сая кирип бара жаттым.

**5-ноябрь,** дагы бир коруктун егери Адылбек экөөбүз Буферный зонаны, Үч-Көлдүн ичин кыдыралы дедик. Аяз менен Бакыт калган жүктү Коёндудан алып келмей болушту. Үйдүн жанында, бир үйүрдө он эки аркар менен бир чоң кулжа, алардан элүү метр арыраакта эки жаш кулжа андан өйдөрөөктө үч аркар өзүнчө оттоп жүрөт. Кулжа аркарларга куутка 19-октябрдан баштап көшүлдү. Быйыл 20 күндөй эрте кошулду, жылдагыдан жаз эрте келчүдөй. Же жылдын суук болушунан го.

Үч-Көлдүн ичинде аркарлар эки жыл мурункуга караганда көзгө көрүнүп, бир төп эле байыр алып, көбөйүп калыптыр. Карышкырлар дагы көбөйүптүр, ат жолдун кыя жолдордун баардыгында тапталган издери бар. Баш- көлгө жеткенибизде алдыбыздан карышкырдын дөбөтүнүн жолдү туурасынан - жаңы чийген изи кезикти. Орто–Көлгө жеткенче ошондой жаңы чийилген издер алдыбыздан кезигип жатты. Орто-Көлдү өтүп Аяккөлгө жеткенде, эки атчандын изи кезикти. Эки-үч күн мурунку из. Изди изилдесек Аяк-Көлдөн түшүптүр. Бул түздөн от жагышыптыр, тамактанышса керек. Келип-кеткен из менен жүрүп

отурдук аяк көлдүн суусун өрдөй бараткеныбызда он жактан бир кыр түшүп турат, ал жакка бир аз чыксак, бир таштын астынан кылдыраган чынжырдын үнү чыкты. Эңкейип карасак, бир мадыл капканга түшүп калыптыр. Бир аз тегерегин карасак эч нерсе байкалбайт. Күн бир топ эле ылдыйлай түшүптүр. Суук шамаал Эшегарт жактан ура баштады. Түнөйлү десек тонуп калчудайбыз. Мадыл оң бутунун жоон билегинен түшүптүр. Коё берели дегенинен мен болбой койдум, буту айыкканча багалы, анан коё берели десем мейлиң өзүң бил деди. Тиштеп атат, кантип алып кетебиз дейт. Ушундан улам тамак-аш салып алган мүшөктү бошоттум да, капкан сапканы менен Мадылды салсам, мүшөктүн түбүнө дымып жатып калды. Мүшөктүн оозүн байлап, Мадыл атты тиштеп албасын деп тердиктин үстүндө калгандай кылып, атка артынып алдык. Биз бери карай кайра бастырганда күн тоолордүн артына жашынды.

Айсыз караңгы түн, коктунун ичинде кар жаткандыгынан жолдүн нугу көрүнүп турду. Алыстан «гап, гап, гап» — деп үргөн карышкырдын үнү бир убакта «борс, борс» этип, жакын жерден үргөн добушка айланды. Ак – Шыйрактын Кунан–Ашуусунан бир карышкыр улуп, аны үч-төрт жаш карышкыр-лар коштоп, көктүнүн ичи улуган карышкырлардын үнүнөн дымып калгансыды. Баш–Көлгө жете бергенибизде, келе жат-кан тоо боорундагы эски кыя жолдүн нугу суугa желип, анын орду жар болуп калыптыр. Аттарды ылдый түшүргөнгө мүмкүн болбой, кайра артка кайрылып, айланып өтүп келиш керек болуп калды. Ошол кайрылган жерден бери, мен минген аттын такасы жок болгондуктан, эки километрдей аралыкты муздун үсту менен атты жөө жетелеп келиш керек эле. Аттан түшүп, мен ушул жерден күтүп турайын, сен Адылбек атты жетелеп, айланып кел десем, карабинди бербейсиңби, — дейт. Ошондо карышкырлар жеп кеткен «Ажар» эсиме түшүп, «сен эмне, мени Ажар кылгың келип атабы, карышкырлар кубаласа жетелеген атты таштай кач, жөө эмессиң, — дедим.

Ай жок караңгыда тоо жеринде жол жүргөн азап эле. Ушу-ну менен Үчүнчү жолу суукта, караңгыда, көрүнгөн аска жарга камалып, Энильчектен Үч-Көл менен Эшегартка келишим. 1997-жылы март айында жана 1998-жылы февраль-март айында ке-лип кайра кеткем, жаныма экөөндө тең бирден киши алып. Энильчектин эли карышкыр күч болуп, куутунан кийин ачка үйүгүшкөн бөрүлөр айылдын четинен колдон буттан талашып, мал-жылкыларыбызды жеп кетип атса, силер кышкысын киши барбаган карышкырдын чордонуна баратасыңар, деген эле.

**6-ноябрь,** Сарычаттын ичин туман каптап келип Жамансуга теңелип кечке турду. Үч-Көлдөн аягы өйдө туман келип. Соломого жетип токтоду. Эшекарттын белин кечке чейин туман каптап турду. Күн бата булуттун баары кошулуп, кар акырын себелей баштады, муздак шамал менен. Түнкү төрттөрдө шамаал бороон-чапкынга айланды.

**7-ноябрь,** Эртең менен күн чыга Жылкыбай аба мешке от жагып, тезек калап коюп, жылкыларды караганы кеткен. 30 мүнөт өтпөй кайра келди, бир тайды карышкырлар жеп жатыптыр, аралчада, үйдүн астындагы суунун айрылышында, — деп. Эртең менен от жагып күлүн төккөнү чыкканда, маңдайында 250 метрдей жерде сегиз бөрү атты жеп жатканын көрбөй, үйдөн алыс 500 метр ары бир дөңгө чыгып, эки-жакка турнабай салып ошондо гана көрүптүр. Кардын калыңдыгы 4–5 см. Аттарды кармап токугуча, бир чыныдан чай иче коюп Жылкыбай аба экөөбүз из кубалап жөнөдүк. Тай Кургактепчи суусунун аркы өйүзүндөгү түздө оттоп жаткан экен. Карышкырлар биз аткылаган жактан кайра бирин-бири таап үйүргө чогулушуп, түн ортосунда суудан өтүп өйдө, Соломонун түзүнө чыгып, ал жерден Куу Чагырды этектеп, жардын үстү менен биз турган жерге түз эле түшүп келишиптир. Эки чон карышкыр үйдөн эки жүз метрдей аралыктагы эски мүрзөлөрдү аралап, үй жакты улам иликтеп өтүптүр. Карышкырлар андан өйдө суунун аркы өйүзүндөгү дагы бир егердин үйүнүн үстү менен өтүп, дөңдөрдү аралап, кайра үйгө чукул эле жер менен, ошол түздөгү жылкыга, таңдагы бороонго жамынып тик, катуу сайылып түшүүшүптүр. Байкуш тушалуу жылкы болгон күчү менен качыптыр, мал да болсо жан таттуу да. Бир-эки жерге мүдүрүлүп, тумшугу менен жер сүзгөн экен. Жылкынын жерге тийбеген жеринен бир кесим эт калбаптыр, аркайып-аркайып эле сөөктөрү калган. Жер жак бети аман. Беш карышкыр качырып келген жакка кайра өйдө салып, Чон-Кашка төрдүн ичине ашыптыр. Берки үч из кетип баратып жылкы оттоп жүргөн түзгө каршытерши издерди салып, экөө тоонун этеги менен өйдө салыптыр. Жылкыбай аба бул экөөнүн артынан жөнөдү. Мен болсом чаташтырган изди бир топ тегеренип, Сарычаттын ичин карай салган чон дөбөттүн изинин артынан жөнөдүм. Эки үч жолу изди жоготуп жиберип, кайра таптым. Дөбөт түз баратып оң жакка салып, суунун үстүндөгү жардын чети менен арт жакка бир аз басып келип, баягы өзүнүн изине кайра бурулду, ал жерден изди жоготуп жибердим. Мен кубалап өткөн эле из, башка из жок. Ары-бери жакты карап, кайсалай мурунку из

менен кайра экинчи жолу жөнөдүм, оң жакка бурулган изге келгенде токтоп, эки жакты байкасам сол жакка эки метрге жете бербеген аралыкка секириптир. Биринчи изинин үстү менен бир миллиметр жаза баспай, басып келип, андан ары бадалдардын түбүндөгү кургак жерге секириптир. Бир аз карарып калган жерлерди басып, изин жашырып, арыктын күнгөй жак бети менен өйдө жөнөптүр. Жыйырма метрдей аралыктан кийин, кайра оңго коктунун ичин карай жөнөптүр. Бир топ жүрүп солго бурулуп, тегеренип отуруп, отуз метрдей аралыкты кайра басып өткөн изинин үстүнө түшүп, басып өтүптүр. Ал жерден кары кетип, карарып калган майда таштардын үстүнө секирип өйдө салыптыр. Ошондон жүрүп отуруп, экинчи Байтал коктунун оозуна келип, сол жак бет менен өйдөлөп, улам коктунун оозу корүнгөндөй болуп турган тумшукчадан, анан андан өйдө жалпак таштын үстүнө чыгып, артын карап бир аз туруптур да, тоонун жарымына жеткенде кайра тоонун бети менен артты карай кетиптир. Ат коктунун оозунда калган, жөө киши карышкырга жетчүдөй эмес. Үйгө келсем Жылкыбай аба келелек экен. Бир.жарым сааттан кийин келди, күн бата. Берки беш карышкырга эки карышкыр, бир аз убакыттан кийин өйдөдөн биринчи Байтал коктусүнүн башынан ылдыйлап дөбөт карышкыр келип кошулуп, Чон-Кашка төрдүн башын ашып өтүп кетишиптир.



## ТОРУ ТАЙ

Жыйырманчы кылымдын бүтүп бараткан айынын бири. Үйүргө кошпой тор айгыр кубалап салгандан кийин, көк ат, эки эркек тай өзүнчө оттоп жүрүштү. Күздөн бери коруктүн ичинде бир киши жок. Жакага күзгү түшүмдөрүн жыйнап унталканын алып келгени кетишкен. Октябрдын жыйырмасынан баштап, тынч жаткан баштарына караңгы түн түшүп, кайдан келгени белгисиз бир үйүр карышкыр пайда болуп, үчөөнөн ажырап калды.

Тору тай жалгыз, эки үйдүн ортосундагы суунун оң жак өйүзүндөгү чоң түздө оттоп жатты. Ошол түзгө таңдагы бороонго жамынып, карышкырлар үйдүн үстүндөгү дөңдөрдөн тик катуу сайылып түшүп келатканын көргөн, алдыңкы эки буту тушалуу эки жаш тай, үйдү карай сызып жөнөйт, жалгыз аяк жол менен. Эки жолу ылдый өйдөдөн сүңгүй тизелей түшүп, кайра жүрөгү оозуна тыгыла, капталын байкап сезип бараткан. Жакындап келаткан жаналгычтарды сезип, бүткүл денесин коркуу сезими басып «жардамга» деп кыйкырган үнүнүн жарымы чыкса, жарымы чыкпай, болгон күчү менен сызып келе жатты. Көз алдына өткөн өмүрү октой келип кетип жатты: Үйүр жылкынын ичинде энесин ээмп оюн салып жүргөнү. Кишилер келип мойнуна аркан салып муунтканы (мындан он эсе өйдө экени). Башына нокто салып бир атчан киши жетелеп ашуу ашып келгени, быяктагы үйүр жылкыга кошпой, айгыр тиштегилеп кууп салганы. Ошондо өзүнүн эркек экенин сезгени, жалгызсыраганы. Чоңойгондо менин да үйүр жылкым болот деп энсегени. Өзүнө окшош бир тай менен атка кошулуп достошкону, буларды дагы үйүргө кошпой койгону. Ээн-эркин оттоп жүргөнү. Анан тез эле караңгы түн түшкөнү. Бөрүлөрдүн үчөөнү үч жакка бөлө кубалаганы. Ар кайсыл жактан шыйпандап, итке окшоп чыгып келгени, жыты иттикинен курч экенин. Көк аттын кенебестиги ай. Жыттайм деп жанына барганы. Тумшуктан көк жалга алдырып тоңкоч атканы. Бүткөн бойду калтыратып, жүрөктү шуу этирген, түндү жарган үнү. Үн чыгаар замат шыйпаңдамыш болуп, айланып жүргөн бөрүлөрдүн көк атка жеткени. Байкуш көк ат, улам башын көтөрүп ташка ургулаганы. Бөрүлөрдүн тирүүлөй курсагын жарып ичегисин сууруп чайнабай, жутуп жатканы, бөрүлөрдүн көк атты көрүнтпөй жаап калганы.


Ал жерден Кер тай экөөнүн кетип баратканы. Кер тай экөөнүн короого жакын айланчыктап, алыс кетпей калганы.

Кер тайдын ага караганда көк ат менен мамилеси ысык экени. Күндөрдүн бир күнү сарайдын жанынан Кер тай болбой жатып, көк атты дагы бир жолу сонку жолу көрсөм болот эле, — деп ээрчиткени. Эми көк аттан эчтеке жок. Ат жыгылган жерде аркайып-аркайып эле сөөктөрү калган. Кер тай көк аттын жытын искегилеп, жанына жыттап барганы. Ичим уйгу-туйгу бук болуп, бир жаманчылыктын жышаанын сезип турганым, кер тайды шаштырып. Ылдыйдан, кер тайдын ар жагынан алты бөрүнүн чыгып келгени. Артында деп, кишеней коюп окуранып, астыга түшө качканым. Негедир ошондо коркуу сезиминин жоголуп кеткени. Шилтеген буттары ээ жаа бербей өзүнөн да тез алдыга умтулганы, туяктарынын жерге тиер-тийбес болуп, алып учканы. Улам алыстай, Тору тайдын болгон күчү менен токтой калып, артын караганы. Ойдуң жылгадан кер тайдын чыга бергенинде, алдынан эки бөрүнүн тосуп чыкканында, ортосунан өтө берем дегенинде, сол жагындагы бөрү моюнга секиргенде, оң жакка буйт сала бергенде, карышкырдын жаагы жаагына шак! — эткенде, энтигип буулугуп тургaн жүрөгү зырт эткени. Он жакка буйт бергенде, үстүгөрөөктөн тосуп чыккан көк жалдын оозүна чандыры толо түшкөнү. Ошол эле кезде, артынан кууп келген бөрүнүн толорсуктан тиштейм деп, оозүна куйрук кыл толо түшүп, жааактарынын шак эткени. Кер тай аянычтуу кишенегени кулагын жара мээсине шак тийген кезде. Эмне кармап турганын билбей, эчен-эчен жөнөп кетейин дегенинде, Тору тайдын өзөгү ооруй, жалгыз каламбы деген сезим күчөп ордунан жылбай башын бурган бойдон карап турганы. Кер тайдын оң соорусу аянычтуу ачыша ысый түшүп, чандырынан кан чубурай солго бурулуп, ылдый сууну көздөй салганда, куйругунда сүйрөлүп бараткан жырткычты тебейин деп буттарын көтөрсө, артка серпилбей ылдый бир аз зүңгүй кирип барып, сууга түшкөн бийик жарга такала түшүп, чаржайыт болуп турган мээсине коркуу сезими келе, мындан учсам өлөм деген ой ээлеп, кайра өйдө өрдөштү карай башын көтөрө кишеней жөнөгөндө, аркайсыл жери ысый ачыша түшүп, дем алганы оорлой, мурдүна кан аралаш бөрүнүн жыты бур дей түштү. Бир аз зүңгүй, буттарын аркайсыл жакка серпе, оң жакка кичинекей жылгындуу ойго кулап, эс үчүн жоготуп, көзү өзүнөн-өзү ирмелип, айдарым жылуу желге төшүн тосуп, коркуу сезими жоголуп, башын булгалап, буттары жеңил серпилип, жерге тиер-тийбес болуп, алыскы күнөстүү жайыттагы үйүр жылкыга сызып баратты. Жылгындуу ойдон арсылдап, бирин-бири капкан үндөн эсине келе, суук абаны

жара келген изин жазбай, улам –улам кылчактай, таштуу адыр бетти тарсылдатып кетип баратканы Тору тайдын көз алдынан учкан октой өтүп жатты.

Алдыңкы тушалуу буту тайгаланып, муздак сууга шарп дей түшкөндө эсине келе, арткы буттары тайгалана түртө, суудан тез эле атып чыкканда, жырткычтар муздан-ташка, таштан-ташка жеңил секирип, сызып келе жанашканы аз калыптыр. Оң жагынан барган сайын жанашып келаткан чоң бөрүнү тез эле байкады. Төрү тайдын бүткөн бою сары күрөң тартып, астыңкы колунан далысы жонуна кеткен кара түктөрү бар бөрү, Көк атты тумшуктан, Кер тайды чандырдан, кокодон алган ушул экенин сезээри менен деми кыстыга түшүп, болгон күчү менен тоң жерди тарсылдата уруп баратты. Туягы жерге так дегенде, мурда жүрөк деген эмне экенин билбеген жаныбар, эми жүрөк деген муштумдай эт экенин сезди. Капталында жанаша келаткан бөрүнүн демин кадимкидей сезип баратты. Алдыңкы эки бутүн тушаган кишилерди каргаганга да убактысы жетпей мээси чаржайыт. Бутун байлаган жип болбогондо, далай жерге жеткирбей кетпейт белем деген ой келе калганда, Жарк! — дей түшкөн чагылгандай бороон чапкын караңгы түндө көз алдына күнөстүү, бетегелүү бетте үчөөнүн жүргөнү көрүнө түшөөрү менен башы канк дей көзүнөн от чагыла түштү, тумшугу менен жер сүзө. Оң жагындагы карышкырдан жалгыз аяк жолдон сол жакка селт бергенинде, тоң саздак жердин дөңсөөлөрүнүн бирине тушамыш илингенде, алдынкы буттары шилтенбей сунулган бойдон барып тумшугу менен жер сүзгөндө, оң капталына жүздөгөн эки миздүү бычактар кадалды. Көзү алачакмактап, караңгылап тура калып чуркайм дегенде, туман болгон көздөрүнө эч нерсе көрүнбөй алдыга умтулганда, сол жак капталга темселип бир-эки кадам зүңгүй барып, күп этип кулап түштү. Көзүн ачса бүткүл денесине жабышкан карышкырлар, денеси чыңалып дымып калган, эч жери оорубай. Өзү кыйкыргысы келбесе да, өзөгүнөн кыйкырык, кыйкырык тээп чыкканда, ач айкырык кишенегени короонун астындагы, ылдыйкы тумшукта жаткан үйүр жылкынын кулагына бычак тийгендей тийди. Турганы турган бойдон, жатканы жаткан бойдон катып калды, жуушаганы, дем алганы да угулбай. Бир чиренип төрт бутуна бир аз турду да, он капталга күп деди. Эми үзүлдүм го деди эле жок, мээсинин чаржайыты ачыла, акыл-ээси ордуна келе, башын өйдө көтөргөн бойдон, мойнун бура маңдайындагы карышкырды карады. Арс, –ырр, — этип колтугунан тиштеп, астынкы эки колуна чирене тартканда, муштумдай эт-териси менен кошо

үзүлүп, сугалактык менен бир-эки умтула чайнабай жутту. Көк жал экен деген өй келээри менен бөрү анын оюн сезгенсип шарт башын бурганда, көздөрү кезиге түштү. Кыйгач жайгашкан көздөрү тике кадала, жон жүндөрү үрпөйө, араа тиштерин арсайта, кан аралаш шилекей тиштеринен таамп, ууртунан ага, мурду көзүнө дейре түрүлө ырылдай жакындап келатты, оозу араандай ачыла. Кайра көзүнө тигилгенде, бөрүнүн көзүнүн карегинен кара-көпкөк учкун темененин көзүндөй болгон чийилген сызыктай болуп, тор тайдын карегин тешип өтүп каракушунан чыгып, мейкинсиз караңгылыкка сиңе өтүп жатканын даана байкады. Өзү ошол учкун менен, мейкинсиз караңгылыктагы жылдыздардын арасы менен, барган сайын түбү жок караңгылыкка чөмүп баратты.



## БУГУ МЕНЕН САРБАГЫШТЫН ЧАБЫШЫ. БАЛБАЙ БААТЫРДЫН КАЗА БОЛУШУ

Өткөн тарыхтын изин кандай күч өчүрөт. Биз, кийинки муундар ата бабабыз басып өткөн тарыхтын ак-карасын эми-эми гана ажыратып биле баштадык. Болбосо Атаке, Атакан, Балбай баатырлардын, Тилекмат жана башка акелердин, толуп жаткан эрлердин ким экенин билбей калмакпыз.

1853—-жылдарда кыргыздын эки бир тууганы бир кылжырдан тараган Бугу менен Сарбагыш бирин-бири кырып чоң кыргынга учурашкан. Бугу менен сарбагыштын чабышынан кийин Семёнов Тянь-Шанский Орто-Азияга саякаттап келген убактысында, адамдын өлүгүнүн сасыгынан өтө албай, тоону жээктеп жүрүп, төтө жол менен өттүм. Адамдар аябай көп өлгөн экен, деп, өзүнүн китебинде жазган.



Ормон менен Кетиркейдин Алыбеги Соң-Көлдө бирге жайлап жатышат. Шернеси чогуу болуп, ордо атышып, акыры чыр чыгат. Кетиркейдин Алыбеги өзү кыйын чыккан, көзгө атар мерген болгон. Чөгүп турган төөнүн кулагына конуп отурган сагызганды атканда, ошондо төөгө тийбей сагызганга тийген. Кээ бир убакыттарда Ормонду көзгө илбей кетчү. Күндөрдүн биринде Ормондүн көк букасы менен Алыбектин күрөң өгүзүн сүзүштүрүшөт. Сүзүшүп жатканда күрөң өгүз Ормондүн көк букасын ыргыта сүзөт. Ормон арданып, ачуусу келип, мылтыгын ала коюп көк өгүздү ыргыта атат. Мындан Алыбектин ичи ооруп таарынып калат. Ошол убакта сарбагыштарга казактар кол салып, Кененсары, Ноорузбай деген баатырлары кол курап келип согуш башталат. Бул согушка жалпы кыргыз журту катышат, көл бугусу дагы. Казактардын колу көп болуп жеңе турган болгондо, Ормон казактарга тамак-аш жардам келе турган жолүн тосуп таштайт. Болгон кокту-колот, дөңдөргө түнкүсүн от жактырып коёт, таң атканча түмөн кол түнөп жаткандай кылып. Күндүзү жоокерлердин аттарына тал-чыбык, чычырканактарды байлатып ары бери чаптыртат карангы киргиче, уюлгуган эле чаң болуп калат. Муну көргөн казактардын жоокерлери четинен качып кете баштайт, Бир чети ачка болуп өз аттарын жыгып союп жей башташат. Казактар өз ара ыр-чыр болуп бөлүндү боло башташат. Ошондо казактын каны Кененсары менен Ноорузбай чабышка кирип, экөө тең колго түшөт. Сарбагыштар Ормон баш болуп отуруп Кененсары менен Ноорузбайды өлтүрүп салышат. Өлтүргөндөн кийин Ормондун атагы бүткүл казак, кыргыз элинин ичине тарап кетет. Ошондо казактардын ичинде бир Уулбала деген кыз мен Ормонго Күйөөгө тийчимин деп, атайын казактан издеп чыгат. Ормонду издеп келе жатып Кетиркейдин Алыбегине кезигип ал үйүнө алып кетет.Үйүнө алып кетип токолдукка алып алды деп айтышат. Бул кабар угулат, Ормонго жетет. Ормон Кетиркейдин Алыбегине жуучу жиберет. Уулбаланы берсин, бербесе мен саякка көрсөтөм дейт. Анда Кетиркейдин Алыбеги жооп берет, Уулбаланы берейин, баш аты кылып кара келтесин берсин, калган малды өзү билип берсин дейт. Атаңдын көрү жаман саяк деп ызасы келип өлтүрүп, кара келте мылтыгын берип Уулбаланы алат.

Арадан эки жыл өтөбү, үч жыл өтөбү күндөрдүн биринде эсине баягы кара келте мылтыгы түшөт. Алыбекке айттырат жуучу жиберип, баягы кара келтени берсин, кара келтенин күндагы чирип калды, мен ошону жаныртып берем, кара кел-

тени берсин деп. Анда Алыбек жооп айтат, Уулбаланыкы дагы чирип калды Уулбаланы берсин өзүмө, анан ошондо берем кара келтесин дейт. Ормондун жини келип ачуусу кайнап кара санын мыкчып–мыкчып алып туруп, сага кылбасам деп ачуула-нып чаба турган болгондо, Алыбек бүт туугандары менен түнү боюу Соң-Көлдөн көчө качып, Тоңдун Ак-Терегине келип туруп калат. Балбайдын жигиттерине кошулуп Балбайга чоро болот. Ормондүн ага ичи күйүп калат. Боронбайга айттырат кудасына, качып барган качкынымды кайра берсин деп. Көл бугусун башкарып турган Меңмурат уулу Боронбай эле. Анын уулу Өмүрзак, Ормон хандын Кулан деген кызын алган. Борон-бай унчукпай коет, жооп бербей. Бул бир чатак.

Андан кийин Ысык-Көлдүн аягында карала саз деп, кээде сарала саз деп да коюшат. Ошол сарала сазда эки дубандын чоң тобу болот. Топко Ормон, Төрөгелди, Айкө Майтык, Сарыбай Сарбагыштын бир топ баатырлары, мыктылары ке-лет. Көл бугусунан болсо Боронбайлар баш болуп көл мыкты-лары чогулат. Ошо аралыкта, убакыт боло калганда эриккен жигиттер кымызга тоюп алышып ордо атышабыз дешет. Кырк таман ордо салат. Сарбагыштын мыкчегери Чагалдак деген киши болот, ата теги саяк. Көлдүн мыкчегери Жоомарт деген Бугудан. Экөө ат тандап берүү үчүн калыстарга берет. Калыс-тар асманды көздөй ыргытат, эки чүкө тең алчи конот. Кайра шагыратып калчап туруп асманга ыргытса эки чүкө тең таа конот. Элдин арасында отурган бирөө куйкумчул болуш керек тура калып, токтоткула бул ойнуңарды, жарабай калды. Ойну-ңардын башы чаң, аягы кан менен бүтүп калды дейт. Десе баягы дөгүрсүп алган эл болобу, эмне биз өзүбүз бир кылжыр-дын Бугу сарбагыштын баласыбыз. Бир тууган болуп туруп эле кантип кан төгүшүп чабышып кетели, ойнойбуз эле деп ордо атышып ойношот. Ордо атышып жатканда сарбагыштар бугу-ларды чөкөндөтүп коёт. Бугулар шашкан бойдон берки Сары-Камышындабы кайсыл бир жерде экен Чыймыл деген мыкты чегер бар экен, ошону кош ат менен чаптырып алдырышат дагы Ордого киргизишет. Ал чөкөн менен түшөт, чөкөндөгөндө бир же эки эле атат экен. Ошондо Чыймыл оң колу менен оң чөнтөгүнө колун салып, оң томпойду сууруп чыгат. Чүкөнү байлап ийгенде, барып борборго отуруп калат. Борборго оту-руп калганда чүкөнү чертип атат, чертип атат, чүкөнүн үчтөн экисин чертип чыгарып үчтөн бири калганда Чыймылдын бар-магы жарылып кетет. Жарылып кеткенде аны жерге тийгизбей, экинчи колуна тийгизбей туруп, томпойду өйдө көтөрүп туруп

Оо! Журт. Ат солбуу алууга уруксаатпы дейт. Ошондо отурган Ормон деле Төрөгелди деле, бугулар деле эки тарап тең ой, өнөрүң болсо көрсөткүн деп уруксаат деп, уруксаат беришет. Оң колундагы томпойду он чөнтөгүнө салат дагы, сол колун сол чөнтөгүнө салып, сол томпойду сууруп чыгат. Анан калган чүкөнү сол колу менен сол томпой менен чертип кирет. Чүкөнүн баарын айдап чыгат чийинден. Аягында кан калат. Канды отура калып туруп чёрткенде чийинден ары барып түшөт. Ошону менен бугулар сарбагыштын мыкчегерлерине ме жандыргыла деп салып беришет. Чүкөнү салып бергенден кийин алар чүкөнү ары чертип, бери чертип жандыра албай калышат. Жандыра албай калгандан кийин алар ордодон утулган болот. Ордого сайган байге эки элдин ортосунда бир эле жылкы экен. (Кээ бирөөлөр он беш жылкы дешет). Сарбагыштар утулуп байгесин бер берге келгенде, Төрөгелди чыр чыгара баштайт. Оюн чыр болуп калды, оюн жыды болуп калды деп. Анда малдашын жайып отурган Ормон Төрөгелдинин айткан сөзү жөн, деп күчөтүп кетет. Талаш, оюн чырга айланды. Сарбагыштар байгени бербеске чатак кыла баштады. Калыстарга барды. Калыстар карыяларына чогулуп барса, Ормон — силер өзүңөр уруксаат бердиңер өнөрүңөрдү көрсөткүлө деп, аттырып коюп. Оюндан силер утулдуңар, байгесин бергиле деп аксакалдар бүтүм чыгарат. Ошону менен Ормондун ачуусу келип «атаңы оозу чайын жаман саяк, сен ордо аталбагандан кийин, эки дубандын ортосундагы ордого эмнеге түшөсүң. Минген атын жыгып бергиле», — деп, минип келген атын жыгып берет. Жанга өлчөгөн жалгыз ат. Чагалдактын ичи күйүп калат. Бугулар жетелеп кетет. Кандай да болбосун атымды ыгы келгенде уурдап алайын деп, аңдып артынан сая түшүп көзөмөлдөп жүрөт. Күндөрдүн биринде ыгы келип калып, түнүчүндө колуна тийип калат. Уурдап алып качып кетип баратканда, бугулар туюп калып артынан кубалайт. Кубалаганда Чагалдак жердин уусун билбейби, же шашып кеткенби бирөө айтат мына бу Курмөнтүнүн ар жагындагы күбүргө, көлгө түшүп өлдү деп. Бирөө жок, ушул Тосордун башында кош Кара-көл бар, ошого түнүчүндө бара жатып, ат-маты менен кирип кетип өлдү деп айтышат. Кабар Ормонго угулат. Атаң көрү, Чагалдакты катын бугу өлтүрдү, атын дагы өлтүрдү. Буган кун бергиле деп, күн доолап келет. Кун доолап келгенде Карандыз дейт, ошо Карандызда топ болот, топко салат. Топко салганда Тилекмат баатыр менен Байгана баатыр экөө Чагадак өз ажалынан өлдү. Чагалдакты эч ким көлгө түртүп ийген жок деп, эки баатыр

какшанат. Ошо экөөнүн какшанып турганына карабай Боронбай кудасына тартып «жоок, Чагадак биз колдуу болуп өлдү», — деп бугуну бутунан тартып, Ормонго жыгып берет. Жыгып бергенден кийин Ормон бийге салат. Бий Чагалдакка үч жүз кун чыгарат. Бугулар үч жүз жылкы бере турган болот. Ошо кезекте, топко чоң Карач келбей калат. Үч жылкыны ошо чоң Карачтын айылы бермек болот. 297 жылкыны чогултуп берет. Күзүндө Ормон айдап кетет. Келээрки жылы көктөмдө Ормон үч жылкыны дөөлап кайра келет. Үч жылкы калган бергиле деп. Тилекмат чоң Карачты чакыртып, баягы үч жылкыны айдатып келет. Үч быштыбайтал айдап келет. Ормон быштыларды көрүп туруп, мен асый үчүн быштыларды албаймын деп албай таштап кетет.

* * *

Эшкожо Атакенин кичүү кызын алган, андан Балбак төрөлөт. Андан кийин боюнда болуп, жолборстун этине талгак болуп жүргөн учурда саруу уругунан Коңгозо, кыдыктардан Бердигул, саяктардан Сүйүн деген мергенчилер эки аюу, бир жолборс атып кетип бара жатканда Эшкожо үйүнө кондуруп коноктойт. Эшкожонүн зайыбы жолборстун терисинен кесип алып, чокко бышырып жеп: «Талгагым эми канды, кудай жалгасын», — деп бата берип узатат. Эркек төрөп, атын Балбай коёт. Төрөлгөндө эле ак челге оролуп, тулку бою кара көк тартып, жыш жүнү болот. Мойну, жону туташ сын сөөк болгон. Он беш, он алтыга чыкканча Балбайды атасы Эшкожо айыл аралатпай, тоо арасына мал бактырып коет. Эки урук бирибиринин малына тие качышып, куугунчулар менен салгылашып калганда Балбай беш-алты кишини сулата чабат. Кырынан жатканда уюган булчуң эттерден эки бутунун башы бирибирине тийишчү эмес. Балбайдын баатырлыгы да бар, жамаакчылыгы да бар, ошол эле убакытта жүгүрчөөк болот. Мунун тайы сарыбагышта ошо тааженелеринин, тайэжелеринин айылдарына чейин кирип кетчү экен. Бул Ормонго чейин угулат, бу биздин кыз-келиндерге айгыр болот деп, ага ыза болот. Атандын көрү деп, жини келет. Сарыбагыштардын жылкыларына тийип жүрүп, күндөрдүн биринде Балбай жылкы тийип келе жатып суусаганда, саяктардын айлына түшө калат, ачкыл ичем деп. Түшө калганда Курманкожо, Кулжыгачтар кармап алышат. Кармап калып, сен Балбайсыңбы дешет. Жок мен Балбай эмесмин дейт. Ошонун ичинде бир кемпир тааныйт Балбай

экенин, бирок ал кемпир айтпай коёт, өлтүрүп коёт экен деп. Ошондо дагы бир кемпир кирип келет дагы, эгер сен Балбай болбосоң бир кулагынды кесип алайынбы дейт. Кесип ал деп бир кулагын тосуп берет, кемпир кулагын шарт кесип алат. «Ой» — деген үн чыгарбай, тике карап отура берет. Андан кийин Ормондун колуна салып беришет. Жаш кезинен тың чыккан баатырдын жүрөгүнүн үшүн алып, сындырып кою максатында Ормон Балбайдын колун чегелеп 12 метр терендиктеги аркан бою орго салып таштайт.

Арадан айлар өтөт. Алты ай өткөндө Кыдыктардан Намазбек баатыр «сынык бел» тору күлүктү жетелеп барып Ормонго тартуу кылып, Балбайды ордон суурун алат. Ордон чыгарып үйгө киргизет. Үйгө киргенде камчысын кармай кирип, эки тизесинин үстүнө кармай отурат. Чоң аякка кымыз куюп берет. Кымызды жутуп жиберип Балбай аякты тегеретип иет. Чыгып бара жатканда Балбай согончогу менен Ормондүн босогосүн жыра басып, чыгып кетет. Анын баарын Ормондүн байбичеси байкап турат. Балбай аттанат. Балбайды Намазбек аттантып алып, кетип бaратканда Ормондун байбичеси көзүн ирмебей артынан карап турат. Ошондо Балбай баатыр артын бир карап кылчайып койбостон, түнөргөн бойдон кетет. Байбиче үйүнө кирип Ормонго айтат: «Ой Бай, Чунак баланын жүрөгү өлбөптүр, тигинин кеги ичине кетип калды, кайра чакыртсаңчы. Ичин агартып туруп кетир. Акыры ажалың ушундан болуп жүрбөсүн», — деп чебелектейт. Ормон үнчукпай коёт. Ошону менен Балбай кетет.

* * *

Мына ушул Ысык-Көл жарыктык жердин соорусу турбайбы, жаратылыш ушундай кооз кылып көз суктангандай кылып жараткан экен. Ысык-Көлгө төрт тарабынан суу агат. Суу агып келип туруп жалгыз бир Ысык-Көлгө куят. А Ысык-Көлдөн бир тамчы суу агып чыкпайт. Бүт ырыскысын көл өзүнүн койнунда камтып жатат. Көлдүн күнгөйүн караса дагы, көлдүн тескейин караса дагы, жайы кышы ушүнчалык ысыгы жок, ушунчалык суугу жок. Бул жер Ормонду суктандырат. Ормон жерге кызыгып, кантип бир шылтоо таап ушу катын бугуну Текеске айдап жиберип, жерин алууну эңсеп жүрөт. Аракет кылат.

Мына ушунун баарын көргөндөн кийин атасы Ниязбек балдарын чакыртат Ормон, Бердибек, Бердикожо, Кожобек,

Рыскулбек, Ажы, Суван, Шатен деген сегиз баласын чакыртса, Ормон келбей коёт. Ошол алжыган абышкадан эмне чыгаар дейсинер. Силер өзүнөр барып угуп келгиле. Көп болсо, мен эртели кеч эрмек кылып турган бугуга кол салба, дэп айтаар. Андан башка акылы болсо силер айта келгиле деп, бир тууган-дарын жиберип ийип, өзү калып калат. Балдары келип тегерек тартып отурат. Отурганда Ниязбек кеп салат. Мына мен карып баратам, ушу жашка келдим. Менин атагым оңго солго да тараган. Дүйнөдөн көзүм өтүп кетсе андай кылгыла, мындай кылгыла деп, жайын айтат дагы: жанагы ит келбей койдубу, келбесе айта баргыла, — дейт. «Мына ушул Көл башындагы бугуга кол салбасын. Кол салганы менен чамасы келбейт. Чамасы келбеген себеби ушул. Тээтигил Ала-мышыктын тоосунда жүргөн мүйүздүү байбичени кармап барышып, Ысык-Көлдүн четине тукумдатып ийди, тукумүн жайып жиберди. Көл буруу-сундагы эл ошол. Мүйүздүү байбичеден тараган. Бул мүйүздүү байбиче сыйкырдуу, касиеттүү. Тукумуна кол салган киши он таппайт. Тилимди алса койсун, тийбесин аларга, тийгени менен аларга чамасы келбейт. Тилимди албай эле барып кол салып калса, анда ошол иттин ичегисин көл уруусу чубайт. Муну мен көрбөсөм да, көрүүчүлөр көрөт, ушуну айта баргыла», - деп балдарын аттантат. Алар келет, келгенде эмне болду, ушүндай-ушундай деди. Баягы сөздүн баарын кайра айтат Ормонго. Ой мен ушуну айтаарын билбедимби, силер бастыраарда ушинтип айтпадым беле, — дейт Ормон. Ал атамдын оюн, мен жатып алып билет бекем. Демек, мен атама караганда мыкты, кыйын турбаймынбы, ошонун оюн билгенден кийин мен көрөгөч тур-баймынбы, билгичтигим артыкчылык кылат. Калжыраптыр, колду чогулткула, даярдангыла, курал–жарак жыйнагыла!

Мынча кол болсун деп, канча миң сандаган колду, сарба-гышты жыйнап туруп, андан кийин Күрмөнтүнүн ар жагында Ышыната Чөн-дөбө деген бар, ошол жерге жыйнайт дагы, кол салууга чабуулду баштайт.

Адегенде арыктар качат дыркырап. Бүт бугу эли качат. Качып баратат абышка-кемпири, жаштары, кыздары, келин-байбичелери, баардыгы зыркырап-ыйлап качып кетип бара жатат. Балбай баатырдын оң колунда коңуру бар экен, ошол кезде үйүндө жаткан экен, ооруп кыймылдабай. Эл зыркырап ыйлап кетип бара жатканда, чыдай албай турат. Чалабын канжыгасы-на байланып, башын катуу таңып, качып бараткан элдин ал-дын чаап, токто эле токто! Качпа эле качпа! — деп токтотот.

Ошо тушта Каркыранын ичи менен Туруктун ашуусунан ары Сарыжаздын суусуна чейин бугулар сүрүлүп барат. Ал тушта Теке баатырдын бейити дейт, Сарыжаз суусунун оң өйүзүндө мүрзөлөр бар экен, аттан ыргып жерге түшүп, куран окуйт. Түнүчүндө түшүнө Теке баатыр аян болуп кирет. Эртеси куран окуп, өзүнүн сур айгырын Балбака мингизип, Балбактын сур атын өзү минип найзасын колго алып Балбай, Балбай! — деп өз атын ураан чакырып, Теке баатыр! — деп кайра качырганда, баягы сүрүлүп качып бараткан жигиттер Балбайга кошулуп, бугулар жанданат. Кайра сүрүп качырып, Түптүн суусуна камап, аябай кыргын болот. Тескейин Жанек баатырлар Кеңкен-Белге чейин сүрө кубалап, Күнгөйүн Күрмөнтүнүн ар жагына чейин сүрө кубалап, аябагандай кыргын болгон. Ошол кезди Алдаш молдо адабият кылып жазган:

Алдаш молдо Апенди ай
Адабият жазган ай,
Абалкы өткөн заманды.
Айтып өткөн азгана ай,
Колума уучтап калемди.
Байкап турсам заманды,
Адам ата! Оо эне!
Пайгамбарлар баары өткөн.
Падыша канча жан өткөн,
Улукман акилкары дагы өткөн.
Үрүстөм арстан дагы өткөн.
Азиретаалы шер өткөн.
Манас, Кошой алп өткөн.
Семетей, Сейтек шер өткөн.
Сергек, Сыргак бир тууган,
Ошолордун баары өткөн.
Калемди колго уучтайын,
Эркин тоонун заманын,
Азыраак баян кылайын.
Аштык айдап чөп чаппай,
Арыктатып мал бакпай,
Малы семиз эркин тоо
Байлаганы билинбей,
Баары тегиз эркин тоо.
Кулун тайы билинбей,
Кур жүргөнүн айтайын.
Кулу бийи билинбей,
Бир жүргөнүн айтайын.
Кыз келини бир порум

Кийингенин айтайын.
Кымбат баалуу жибектен
Жамынганын айтайын
Кымбат баалу чоң сөйкө
Тагынганын айтайын
Кызыл нарга жүк артып,
Кыз жетелеп чубалтып
Эрте көчүп, кеч конуп,
Эркин тоого ээ болуп
Эрк өзүңдө кең болуп,
Жылдызган жылкы ашырып
Жыргап өткөн заман ай!
Кара түпөк найза алып,
Ыргап өткөн заман ай.
Үч Кошойдун бөксөсү
Жайлап өткөн заман -ай!
Жыбыратып көп кулун
Байлап жүргөн заман -ай!
Күнөс менен Текести
Жердеп жүргөн заман -ай!
Кыштын күнү чилдеде
Кысыр аттын этин жеп,
Кымыз ичип буркурап
Тердеп жүргөн заман ай!
Дүнүйөсү тептегиз
Толуп өткөн заман -ай!
Өкүмөтүң өзүң ай,
Болуп өткөн заман- ай!
Шарыяттан жол сурап,
Сарт акеден нар сурап,
Адилетти бийлери
Кылып өткөн заман –ай!
Куйрук кесип күн бүтөт,
Чыбык кыркып доо бүтөт,
Билгенинче аа дөөлөт
Кылып өткөн заман –ай!
Убадасы бек эле,
Иш бузулмак жок эле
Шарыятка байланып,
Жардыга байы айланып,
Жай жайлоосу бир болуп,
Жарды байып бир конуп,
Уюшмасы көп болуп,
Урушмагы жок болуп,
Ынтымагы бир болуп,

Ыракаты зор болуп,
Ынтымака келбеген.
Ич аралуу кор болуп,
Жалгыз консо бир сууга
Чаптырып өзү кор болуп,
Жалгыз тайга зар болуп,
Салт эле байларга
Жардыларга күч бермек.
Саанына сүт бермек
Далил айтып бекитип,
Сараңбайды кекетип,
Канагаттуу заманда
Калк ушундай касиет.
Канагаттуу заманда
Ынсап кетти Ормондон,
Ынтымак кетти кыргыздан,
Ырыхат кетти баарыбыздан,
Ыктыяр кетти колубуздан,
Кайсы бирин айтайын
Карангыга конгон куштайын
Кан Ормондон баштайын.
Канга бийлик жетерде,
Калыстыгы жок болот.
Зулумдугу көп болуп,
Адилеттиги жок болот.
Байга мээнет жетерде,
Сараңдыгы көп болот.
Элге мээнет жетерде,
Эки жааты көп болот.
Чыгым жыйнап элинен
Күндө-күндө ток болот.
Ниязбектин Ормону
Саякат кылды бир күнү
Өргөчөрдүн дөңүнө
Ормон келип олтурду.
Ойлоп акыл толтурду.
Күнгөй менен Тескейди
Тегерете карады.
Жерди байкап сынады.
Бетегелүү Ысык-Көл
Менин жерим болсо деп,
Темир Болот Черикчи
Тегерете консо деп,
Карагайлуу калкыма,
Жайлоосунун салкына,

Жайлоосунда түрү бар.
Жакасында Көлү бар.
Көлдүн жээги шор экен,
Малды күтчү жер экен,
Жер соорусу турбайбы.
Муну жердеген журтум тынбайбы.
Орто жерин ойгондой,
Эки жеңи коргондой.
Тегерете карасаң
Телегейи тептегиз
Тегеле сонун жер экен.
Сепил салып койгондой
Ормон жерге суктанды
Жер алууга ыктанды.
Кашкардын жолун каратып,
Анжиян жолун аңдытып,
Анда бир койсом кан кылып,
Ат-башы менен Нарынды
Үмөтаалы Чарбынды
Байтактуу көлдү кылсам деп,
Баш ийбеген душманды
Кармап алып байлатып,
Күнөкөр кылып айдатып,
Башын кесип салайын.
Байтактуу көлдү кылайын.
Багынтып минтип сурайын.
Он эки айры бугунун
Ойлоп ыгын табайын.
Кандыгыма көнбөсө,
Кайыпка чалыш бугуну
Калдыратып үркүтүп,
Калмактан ары ашырып,
Күнөскө айдап салайын.
Көлдү минтип алайын
Текеске айдап салайын.
Жерин минтип алайын,
Жалкоо болгон жаныбар
Чагадактын куну бар
Жана башка кеги бар
Ордо атышып уттуруп,
Жана башка чыры бар.
Уттуруп коюп сарыбагыш
Бербей койгон жери бар.
Мөөрөйүмдү бербейт деп,
Кетиркейдин Алыбек

Кан Ормонго таарынып,
Качып келген жери бар
Кан Боронбай баатырга
Кайта айдап бергин деп,
Айтып жүргөн жери бар.
Ниязбектин Ормон кан
Оюнда ошондой кеги бар.
Качкынымды бербейт деп,
Алыбекти жаркоолоп,
Аз нерсени көп доолап,
Арам ишти көп ойлоп,
Кан Боронбай баатырга
Кара күчкө таарынып,
Оолугуп жүргөн жери бар.
Оюнда ошондой кеги бар.
Түп максаты Ормондуң
Он эки айры бугуну
Оодарып айдап бир жакка,
Ысык-Көлдү алмакка
Ормон жерге кызыкты
Мына ушинтип салды бузукту.
Ышын ата чоң дөбө
Чыгып Ормон өлтүрдү.
Темир Болот Черикчи
Тегиз баарын чакыртты.
Курманкожо Кулжыгач
Кумурскадай көп элге
Ормон айтты акылын
Кол аттанып чабалы
Жөн ташты салалы.
Көл башында бугуну
Бүлдүрөтүп үркүтүп,
Өйүзгө айдап салалык.
Көлдү минтип алалык,
Текеске айдап салалык.
Жерин минтип алалык,
Кан айтканың акыл деп,
Калктын баары маакул деп,
Ышын ата чон дөбө
Туу тигилди калкылдап.
Туйгун жаткан бугуга
Кол аттанды калкылдап,
Сурнай тартып дүңгүрөп,
Жер союлуп дүңгүрөп
Жүргөн жери чаң болду

Айдап алып сан колду.
Эсенгулдун Ормону
Бугуну чаап сойгону.
Ар түрлүүсү бир башка
Айдап келет көп колду,
Кызыл-кыя Санташка
Ак асаба кызыл туу
Ай байлаган ызы чуу
Белге чыга келди эле,
Бейкут жаткан көп бугу
Жаңыдан конгон жайлоого.
Саан күлүгү байлоодо
Четтен бирөө көрдү эле,
Жетип кабар берди эле,
Байлоодогу аттарын,
Баары тегиз минди эле.
Баатырларың алдында,
Башкаларың артында
Өмүр баатыр эр Балбай
Жара чапчу балбаны.
Жабагынан Алыбек.
Жазбай атар мергени
Кетиркейдин Алыбек.
Кер күлүгүн эргитип
Кермеден атын секиртип,
Сан көк жалдын баарысы
Санап жеткис көп колду.
Санташтан алдын өткөзбөй
Алдын тозо келди эле.
Муну көрүп Ормон кан
Буйрук берди көп колго
Былк этпестен токто деп.
Мылтыктарын окто деп
Жар чакырды уксун деп
Жекеге баатыр чыксын деп
Кабыл алып буйругун,
Барамын деп аттанып,
Камынып жатат Абыкан
Кутурган иттей жулунуп.
Көмөлдүрүк узартып,
Куюшканын кыскартып,
Жез өлөңүн бек тартып,
Атынын түйүп куйругун
Арстан көк жал бөрү экен,
Азаматтын бири экен

Ажынын уулу Абыкан
Аябаган эр экен
Найзасы бар колунда
Айбалтасы белинде
Чыгып келди жулкунтуп.
Бөлүнүп аскер экиге
Абыкан баатыр айкырып,
Жекеге келди чакырып.
Казак кыргыз калкында,
Карыянын наркында,
Жекеге баатыр келүүчү.
Жекеге баатыр келбесе,
Жеңилгендин белгиси
Түшкөн мыйзам үлгүсү.
Муратаалы Боронбай,
Өмүр баатыр эр Балбай,
Олжобайдын Токсобай,
Тоокенин уулу Чоңдабай,
Ыракматтын чоң Карач,
Зарыпбек менен Качыбек
Акылыңарды бейсейлик.
Жылкы айдаардын Тилекмат
Акылыңардын билгичи.
Найман аке сынчысы,
Жашы менен карысы
Чогулушту баарысы
Кеңешке чыкты жамысы.
Баатырларды тандайлы,
Жекеге баатыр камдайлы.
Беребиз деп камдайлы,
Ким билиптир мындайды.
Ошондо Найман сынчы кеп айтат
Аксакалдар деп айтат.
Баатырды салсаң мыктап сал,
Ат уулунан ыктап сал.
Аябаган өжөрдөн,
Намысынан өлөөрдөн,
Аксакалдар ук деди
Наймандын сөзү куп деди.
Найманга берип ошондо,
Аксакалдар бошонду.
Наймандын сөзү жарады
Ал өзү атка минип алганы
Баатырларды сынады.
Моңолдордүн Баймырза



Муну Найман сынады
Эрдиги мунун жарады
Ал такоолдука алдырат
Өзү мыкты кул экен,
Кичи атанын уулу экен
Ошо жери болбосо,
Жекеге жараар кул экен.
Сынады Найман ар кимди
Жаратпады кай бирди
Кез кезде Найман болтурбай
Көп сынына толтурбай,
Көңүлүн улап азыраак
Жаратымы эр деди.
Такоолдун бири бул деди
Алып келди алдына,
Байымдын уулу Акимди.
Жүрөгүндө оту бар,
Билегинде күчү бар,
Аз жеринен сын тапты
Анын атасынан моон тапты.
Мунун эрдигинде калет жок,
Бирок атасынын дүңү жок.
Айткан сөзү макул го
Акимди алды такоого.
Айтылган сөздүн чыны бар
Наймандын ичте кири бар.
Ажынын уулу Абыкан
Азыраак артык жери бар.
Эсенгул менен Болотто
Эки атанын дүңү бар.
Эр чыкса деп барабар
Ашкересин айталбай,
Наймандын ичте кири бар.
Найман сынап салат деп,
Аксакалдар бошонгон.
Найман аке кыйналды
Алдырып ийсе кашайтып,
Уяты менде калат деп.
Ал аңгыча болбоду,
Алып чык деп баатырды
Абыкан баатыр кысканда,
Найман аке барганы
Ошондо Нан жебестин Ыстамга.
Ата уулунун бири элең,
Найзакердин эри элең,

Айылда артык чыр элең,
Издесем кайда жүрөсүң
Ичтеги чырың басылбай
Нан жебестин Ыстамы
Эмдигиче табылбай.
Анда Ыстам кеп айтат
Ээ айланайын Наймаке
Ал айтканын чын эле.
Айылда артык чыр элем
Өз туугандын ичинде
Өбөгүм аз киши элем,
Өөдөсүнгөн тууганга
Өжөрлөнүп калчу элем,
Өлүмдөн жанды аябай,
Өткүрө чырды салчу элем.
Кыйынсынган тууганга
Кырчылдашып калчу элем.
Артыксынган тууганга
Айыгышып калчу элем.
Көптүк кылган тууганга
Көктүгүмдү салчу элем
Эрдигимден чыр эмес
Ардыгыман чыр элем.
Зордугумдан чыр эмес.
Кордугуман чыр элем.
Душмандан корбой кордукту
Туугандан көруп зордукту,
Анан бул себептен чыр элем.
Ишенгеним сур кызыл
Иштегеним айбалта
Курама жыйнап аркалап
Курган жанды калкалап,
Ушинтип жанды бакчу элем.
Астымдагы сур кызыл
Жай жайлоосун өткөзбөй,
Тап этинен өткөзбөй
Жайы кышы минчү элем
Ушинтип жанды бакчу элем.
Алдымдагы суркызыл
Тай этинде кез эле.
Ажынын уулу Абыкан
Ал дагы мыкты эр эле.
Найза менен алалбай,
Айбалта менен чабышсаң,
Айланышып калышсаң

Астымдагы сур кызыл
Опсуз күлүк ат эле,
Оозу катуу ит эле.
Эти кызып келгенде,
Ойноп алып каччу эле.
Ойноп алып качпасын,
Ала качып союлгур
Алдына кире бербесин.
Ажынын уулу Абыкан
Артыман кууп калбасын.
Найза менен сайбасын,
Намызым колдон тайбасын.
Жакшылап терип атымды
Такоогон койчу Акимди.
Нанжебестин Ыстамы
Жекеге мында чыкканы.
Суркызыл менен зоңкоюп,
Сыр найза колдо койкоюп,
Ажынын уулу Абыкан
Атка камчы салганы.
Нанжебестин Ыстамы
Качырышып калганы.
Желектүү найза алышып,
Жекеге найза сайышып,
Карагай найза сынышып,
Кайра тартып урушуп,
Найзаларын сунушуп,
Атка камчы урушуп,
Орто белден сынышып,
Айбалта менен чабышып,
Сабы колдо калышып,
Кылыч менен чабышып,
Толтосунан сынышып,
Тегеренип салышып.
Деги бирин жеңе албай
Жакалашып тартышып.
Дагы бирин алалбай,
Омуроодон булкушуп,
Оодарышып жулкушуп.
Дагы бирин алалбай,
Өйдө-төмөн сүйрөшүп.
Үстүндөгү зооттордун
Чынжырын тартып үзүшүп.
Шилиден колун артышып,
Чиренишип тартышып.

Эки сааттай болгончо
Эч бирисин жеңе албай,
Эрегишип калышып.
Сууту канган суркызыл
Эти кызып ээлигип,
Эликтей ыргып секирип,
Чуу дегенде сур кызыл
Сууту канган союлгур
Суурулуп астыга чыкты эле.
Ооздук чайкап кол жулкуп,
Ойноп алып качты эле.
Ажынын уулу Абыкан
Артынан кууп калды эле.
Абыканга ошондо
Такоочу найза берди эле.
Аны көруп эр Аким
Солто тору күлүк менен
Сол жагынан качырып,
Ыргыта сайып өттү эле.
Ажынын уулу Абыкан
Аягы менен тик тушуп,
Ак келте менен атты эле,
Монолдордун Баймырза
Болумдуу мыкты эр эле
Ала качып Акимди,
Аман эсен кутулду.
Акимди аман келтирди.
Ажалы жеткен Болчурду,
Найзалап ошондо өлгүрдү.
Акимге ок жаңылды,
Аңдышып турган калың кол,
Аламан коюп жабылды.
Ары бери сүрүлдү,
Ажалдуусу көп өлдү.
Жара чапчу балбаны
Жабагынан Алымбек,
Жазбай атар мергени
Кетиркейдин Алыбек,
Балбактын уулу Өзүбек,
Бактынын уулу Усупбек,
Өмүр баатыр, эр Балбай
Шапактап ураан чакырып,
Тосуп кайра жапырып,
Каркыранын суусуна
Кайра сайып качырып,

Түптүн суусун кечирип,
Түшүп далай көп өлдү
Түптүн суусу бөгөлдү
Туу түбүндө Ормон кан
Турбай качып жөнөдү.
Туу түбүнөн кан качты,
Туу жыгылып, кол качты.
Өмүр баатыр эр Балбай
Кыйкырып ураан чакырып,
Сарбагыштын сан колун
Сайып кайра качырып,
Кызыл-Кыяны ашырып,
Кырып келет бакырып,
Сарбагыштын баатыры.
Адыл баатыр Абыкан
Найза сайып четтешпей,
Өмүр баатыр Балбайга
Туруп кайра беттешпей,
Түптү кечип качам деп,
Туюк тамды кептеште
Адыл баатыр Абыкан
Токтоналбай качканы,
Токтоянды ашканы.
Экөө качып кеткен соң
Ойлоп билчи башканы.
Сарбагыштын шашканы,
Сайыша албай качканы,
Кайрылбай кача баштады
Ошондо кан Ормонду таштады.
Энтелеп кача баштады,
Эр Ормонду таштады.
Беттеше албай качканы,
Ошондо бек Ормонду таштады.
Сары-Тологой кептештен
Сарбагышка беттешкен,
Сайып жүрүп отуруп,
Өмүр баатыр эр Балбай
Курмөнтүнү ашырып,
Кайтып үйгөн кетпестен
Дөң-Булактын оюнда,
Күдүргүнүн боюнда
Өмүр баатыр, эр Балбай
Кан Ормон менен беттешкен.
Эшкожонун эр Балбай
Найзасын ташка кайрады,



Ошондо кан Ормонду жайлады.
Карыядан кеп уктум,
Как ушундай деп уктум.
Калпы чынын билбедим,
Кан Ормондун заманын
Көзүм менен көрбөдүм,
Же казатында жүрбөдүм.
Жалганы жок сөзүмдө,
Далили бар өзүндө.
Эптеп айткан иш эмес,
Эсенгулдүн Ормону
Эндөөдөн өлчү киши эмес.
Мактап айткан сөз эмес,
Ниязбектин Ормон кан,
Байкоосуз өлчү киши эмес.
Жактап айткан киши эмес,
Жанына күчү келбесе,
Адыл баатыр Абыкан
Эсенгулдун Ормонүн
Таштап качаар киши эмес,
Кошуп айткан иш эмес.
Кошуун башы Ормон кан
Көлгө түшөөр киши эмес,
Эптеп айткан иш эмес.
Эсенгулдун Ормону
Эстен чыгаар киши эмес.
Өмүр баатыр эр Балбай
Өткөрө баатыр болбосо,
Ойноп айткан иш эмес.
Ормон кан оңой киши эмес
Кандай айтса эп экен,
Өмүр баатыр, эр Балбай
Казанат мыкты эр экен.
Калың бугу элине,
Калалуу коргон чеп экен.
Муратаалы Боронбай
Казылык кылган бек экен.
Кан Боронбай баатырың
Ормон кан менен куда экен.
Кан Боронбай баатырың
Ормон кандын сөөгүн
Үйүнө алып барганы,
Журтуна кеңеш салганы.
Кан Боронбай бек айтат,
Калайык журтум деп айтат:

Сөөгүн мунун берелик,
Сыпакерлик кылалык.
Сынап муну көрөлүк,
Журт болорун билелик.
Баарын көрдүк агайын
Башкасы мындан эр эмес,
Баарысы макул болду эле
Сөөгүн артып берди эле.
Сөөккө жапты кымкапты,
Тоого жапты килемди,
Кошуп берди бир далай
Колго түшкөн туткунду.
«Атакелеп» ыйлатып,
Атказды кызы Куланды.

Хан Боронбай, кудасы жарадар Ормон ханды уул-келини Өмүрзак менен Куландыкына түшүрөт. Ормон өлөрдүн алдында кызына керээзин айтып өлөт. - «Төрөгелди Ысык-Көлдү үч айланып чапсын»- деп. Ушул кыргында Ормон Балбай менен сайышып зыян болгон жок. Каркыранын суусунан бүткүл Сарбагыштын колу кайра сүрүлүп, кубаланып келе жатканда кандайдыр бир кырсык менен Ормон атынан ажырап жөө калат. Жөө калганда Ормонду Боронбай, Муратаалы жана башка Көлдүн мыктылары тегеректеп калат. Аны көрүп турган жигиттердин бири алдыда кетип бара жаткан Балбайга чапкан бойдон кууп жетип. Баатыр эле баатыр, токто эле токто! Момундай бир киши көрдүм. Көзү чөйчөктөй, бети табактай, кежигесинен чыккан жалы чычаңына жеткен, биздин элге окшобогон, башкача элдин кишиси экен дегенде. Балбай айтат: Ал баягы канкордун өзү, мен барганча, кармап тургула. Эгер качырып жибере турган болсоңор, Боронбайыңды баштап чабууңдан чабам, — деп айтып, келген жигитти кайтарып жиберип, сур айгырдын үстүнөн ыргып жерге түшөт дагы, астында кара таш жаткан экен, быягына бир жанып, тиягына бир жанганда кара таштан шыркыраган жалын чыгат. Найзанын учун курчутуп алып, жеңинин ичине сойлогудай кылып өлчөп алат дагы, тизесинин үстүнө бир коюп, найзаны сындырып алып сол колунун женине сойлотуп, Ормонду тегеректеп турган жерге жетип келет.

Балбайдын келе жатканын көрүшүп астын тосушат. Колунда курал жарагы жок, Боронбайлар тегеректеп турган экен. Балбай салам айткан болуп, кыдыратып келатып Ормонго жеткенде, баягы жеңдин ичинде даяр турган найзанын сыныгы

менен табарсыкты карай муштап алат. «Жедиң чүнак!» — деп табарсыгын уучтаган бойдон калат. Ошону менен Боронбай жарадар Ормонду жанагинтип үйүнө алпарып, каза болгондон кийин сөөгүн жөнөтө турган болгондо, ошо кезде «сук» деген кездеме болгон. Сөөктү ошо сук кездемесине оройт. Буурага жүктөйт сөөктү. Чү, — деп бууранны өйдө тургузганда, буура буркулдап эки обдулуп, үч обдулуп буркан-шаркан түшүп шилекейин чачыратып, анан турат. Заңкайып турганда элдин баары карап калат. Ошо турган элдин ичинде кыраакылары бар экен Кулсарынын Барагы дейт кээ бири. Тура калып:

— Оо журт, бул эмне кылганыңар. Ушундай да иш кыласыңарбы, — дейт.

— Ой эмне болуп кетти, — дейт тургандар.

— Ормон деген ким. Ормон бул адамдын төрөсү. Ормонду орогон сук, бул кийимдин төрөсү. Анын сөөгүн арткан алдагы буура малдын төрөсү. Мунун өлүгүн ушүнчалык карастарлап, барасмандатып эмне мынча көтөрөсүңөр. Шашпагыла силерди буурадай буркулдап келип туруп, дагы эк үч чабат, — деп барып, баягы киши отуруп калат. Олтуруп калгандан кийин баягы элдин ичинен кыйкырат дагы.

— Ой олуям, анан эмне кылыш керек эле. Анда баягы киши кайра турат.

— Сөөгүн жөнөкөй эле кийизге оробойсуңарбы, анан жөнөкөй эле өгүзгө артпайсыңарбы. Ошондой эле кыйын кадырлайт экенсиңер, ингенге артпайсыңарбы. Мунун өлүгүн маанайын бас кылып туруп анан жөнөтпөйсүңөрбү десе, баягы бууранын буйласын кармап турган жигиттер чок деп тизелетип баратат дейт. Буура тизелеп бараткандa баягы киши кайра турду дейт.

— Эй токтоткула мунуңарды, эми тийбегиле. Эми жөнөтө бергиле ушу бойдон. Силер бууранны тургузуп, асмандатып бүтүн элдин көзүнө көрсөтүп койдуңар. Элдин көзүнө көрүнгөндөн кийин, бул окуя болбой койбойт. Эми кандай кылсаңар дагы болбой калды. Эртедир, кечтир кайра кайрылып келип туруп, куйругу менен чабат. Андан көрөкчө сак болуп камынып тургула, — дейт.

Ошону менен төөнү Ормондун кызы Кулан байбичеге жетелетет. Өлтүрсө ушу кулду өлтүрсүн деп, уругу Тейит, Уйгак деген кишини төөнү артынан айдатып жиберет.

Сөөгү үйүнө барды эле,  
— Баатырым! — деп бакырып,  
Баары өкүрүп келди эле.  
Сөөгүн алып көмдү эле,

Журт чогулуп келди эле,
Масалатка кирди эле.
Калың колду жыймака,
Кандын кунун куумакка,
Катуу убада кылды эле.
Уруп кетчү шарт кылып,
Жарак жабдык таптырып,
Чар тарапка чаптырып.
Таластан бери кол жыйнап,
Саруу менен саяктан,
Санатсыз колду мол жыйнап.
Алайдан бери кол жыйып,
Адигине, мүнгуштан,
Аралаша мол жыйнап.
Аңгеме мындай кураган
Ашмара менен Меркеден,
Ай тамгалуу солтодон
Андан кошуун сураган,
Жумгалдагы чородон,
Курманкожо, кулжыгач,
Кумурскадай чагырды.
Ат жеткен жердин баарысын,
Айдап баарын чакыртты.
Көл башында бугуга
Саламын деп жапыртып.
Таластагы сарууну
Чакырды мунун баарысын.
Төрөгелди, Адылы,
Төгөрөктүн бурчуна,
Артык экен кадыры.
Айчыган алтын туу алып,
Алтымыш түркүн кол алып,
Желбиреген туу алып,
Жетимиш түркүн кол алып,
Төрөгелди баатырын
Ак кызыл минип найза алып,
Наркескени байланып,
Артынан колду айдады.
Адыл баатыр кол баштап,
Ак сур ат минип кыйгаштап
Абыкан экөө эл баштап.
Темир Болот Черикчи
Тегиз алга жүргөнү.
Адыл баатыр айкырып,
Эсенкул элин чакырып.

Төрөгелди баатырың
Керинейди өкүртүп,
Сурунайын бакыртып,
Черикчи деп чакырып.
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы чуу,
Жер тумандап чаң кылып.
Чан уюлгуп буркурап,
Эсенгул! деп чуркурап.
Кайрылганын камчылап,
Кылчайганын кылычтап.
Тээк тартып былкылдап,
Чекендей найза кылкылдап.
Кыйгай тартып былкылдап,
Кылкандай найза кылкылдап.
Кылычы жанда зынгырап,
Айбалта белде шыңгырап.
Бир түрлүүсү ак кийип,
Ат куйругун шарт түйүп.
Бир түрлүүсү көк кийип,
Ат көкүлүн бек түйүп.
Бир түрлүүсүн карасаң,
Сары жаргак шым кийип.
Жалаң кылыч байланып,
Найзалары колунда.
Айбалтасы белинде.
Мылтыктуусу четинде.
Мылтыкчанды алуучу,
Мыктылары көтүндө.
Найзалуусу четинде.
Найзалууну алуучу,
Айлануусу четинде.
Союлдуусу бетинде.
Союлдуүнү алуучу,
Жолумдуусу четинде.
Кайра тартып качпаган,
Кайраттусу бир бөлөк.
Кылычтуусу бир бөлөк.
Кылычтууну кыйратчу,
Кыйындары бир бөлөк.
Боз атчаны бир бөлөк.
Болумдуусу бир бөлөк.
Найзачанды алуучу,
Аргалуусу бир бөлөк.
Ар түрдүүсү ар бөлөк.

Шыгыраган калың кол
Ышын-Атадан жөнөдү.
Дөң-Булакка жөлөндү.
Чаң чубалып көрүндү.
Туу калкылдап көрүндү.
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы чуу,
Айылды басып жоо кирди,
Акыл табар кез келди.
Өмүр баатыр, эр Балбай,
Баатыр Жанек, чоң Карач
Зарпбек менен Качыбек,
Кан Боронбай бек айтат,
Муратаалы кара айтат,
Ошолордун баары айтат:
«Аркасы тиер күн келди.
Азамат жигит, күлүк ат
Акылды тапчу Тилекмат.
Акыл табар кез келди».
Тилекматка сөз берди
Тилекмат анда кеп айтат:
«Аксакалдар — деп айтат, —
Акыл ойлоп алганча,
Араган элчи салганча,
Азарланган калың кол,
Чабуул коюп калбайбы,
Кара элечек кылбайбы,
Катын менен баланын
Баарысын таман кырбайбы!..
Балбай баатыр барсын! — дейт,
Жолдошторун алсын, — дейт,
Жолун тосуп калышсын,
Токтотуп уруш салышсын.
Өмүр баатыр калсын, — дейт,
Өзү туруп текшерип,
Колду иреттеп алсын, — дейт
Балбай баатыр «макул, — дейт.
Тилекмат сөзү акыл, — дейт,
Жан аябас досунан,
Мал аяган бакыл, — дейт.
Баса келген душмандан,
Жан аяган катын», — дейт.
Балбай баатыр бакырып,
Жигиттерин чакырып.
Кырдаалы кыйдысы

Кырк жигиттин сыйдысы.
Азыр аттан найза алып,
Айбалтаны байланып,
Алдына келген душманды
Алың келсе жайла, — деп.
Балбай атка минди эле.
Башкалары кайда, — деп.
Азаарланган калың кол,
Чабуул коюп иет деп.
Балбай баатыр жөнөдү
Ысык-Көлдү жээктеп.
— Кызыталак кырк жигит,
Качан пайдан тиет, — деп.
Кырк жигиттин башчысы
Кыдыраалы кыйдысы,
Кырк жигиттин сыйдысы,
Жайма кап саруусу,
Жандан башка каруусу,
Жөнөдү мунун баарысы.
Чоң багыштын Арзыке,
Кыйын мыкты эр эле.
Кырк жигиттин бири эле.
Кырк жигитке баш кылып,
Ирээти менен маш кылып.
Эшкожонун эр Балбай
Жөнөдү ошондо бири калбай.
Балбай башка көрүндү.
Баатырлыгы көрүндү.
Байкап уккун агайын,
Эми баян кылам Өмүрдү.
Өмүрдүн түрү момундай,
Айласы бар момундай,
Ээрдиндеги муруту,
Ээгиндеги сакалы,
Бөксөөгө чыккан чалкандай.
Балтыры бала белиндей,
Булчуңу буура санындай,
Саноору бүркүт жүнүндөй.
«Тарт!» дегенде табышы
Замбиректин үнүндөй.
Сыр найза мылтык октогон
Заңк этип үнү чыкканда,
Сан колдун алды токтогон.
Ат жалын тартып мингени,
Адамдан качып сүрдөбөй,



Айбааты бар баатырдын
Ажыдаардын сүрүндөй.
Көк кашка минип зоңкоюп,
Көк жекей бутта чойкоюп,
Сыр найза колдо койкоюп,
Жоңгон бөрү сегиз кыр
Соот бузар бөрү тил —
Карагайдын сыр найза
Каруусунда калкылдап.
Алты сайлуу ак бараң
Аркасында жаркылдап.
Аяк каптай чоң кисе
Оң жамбашта саркылдап.
Кылычы белде дыңгырап,
Айбалта белде шыңгырап.
Өмүр баатыр бакырат.
Асоого баарын чакырат.
Эр Жанекти баш кылып,
Ирети менен маш кылып,
Кыдык менен Желдеңден,
Уруш жайын билгенден.
Белсенип туруп билекти,
Берсин, — деп кудай тилекти.
Бапа менен Желдеңге
Баш кылды баатыр Жанекти.
Дагы ошондой баатырдан,
Ирээти менен катардан,
Жазбай атчу мергенден,
Балбактын уулу Өзүбек,
Бактынын уулу Усупбек.
Жара чабар балбандан,
Жабагынын Алымбек.
Кара көйнөк Канайды,
Токо бойлуу Тагайды,
Эсенбайдын Карачын.
Эчен мыкты бир бурап,
Ылгап алды баатырың.
Теңизбайдын Мажигин,
Райым менен Шанаашын,
Өзүбек чүйдүгүн Керегин.
Теңизбайдын беш берен,
Тери байтал берерин.
Тоо бөрүсү көк жалдар,
Жара чапчу балбандар,
Жазбай атчу мергендер.

Балбактын уулу Өзүбек,
Бактынын уулу Усупбек
Уругу мундуз зор экен.
Эрдигиң артык мыкты экен.
Жоо бөрүсү кул экен.
Кичи атанын уулу экен,
Коңураттын уругу,
Кулсарынын Барагы.
Сары жаргак шым кийген,
Сары кызыл ат минген,
Кара кызыл жетектеп,
Карагай найза түпөктөп,
Кара мурут жаш жигит.
Айбалтасы белинде,
Жалаң кылыч байланган,
Ар кандай ишке жараган.
Найман аке сынаган.
Жаркылдатып жарагын,
Жана да кошту буларга.
Күлсарынын Барагын
Дагы ошондой мыктыдан,
Дагы ылгады бир далай.
Сагындыктын Керимбай,
Табылдынын Атантай,
Дөөлөстөрдүн Токонай,
Тилекенин Энтири,
Ылгап кошту төртөөнү.
Кара союл Камчыны,
Катуу чапчу неме, — деп,
Кайра качпас немеден
Дүрбү жалдын Турукбай.
Бул өндөнгөн эмеден
Дагы кошту бир далай.
Ар урукка бирден туу,
Белги кылып алды эле,
Арыктын туусун ак кылды,
Адашпасын, - деп кылды.
Белектин туусун көк кылды,
Белгилүү болсун деп кылды.
Желдеңдин туусу жашылдан,
Кыдыктын туусу кызылдан,
Саяктын туусу сарыдан.
Таанымал кылды баарыдан
Байтүгөлдүн Кененбай,
Байымдын уулу акеңди

Байыштын кара Чобуру
Сабатардын Молдосу,
Эсен баатыр Балтасы,
Бакай баатыр тактоочу,
Баары карып баштыгы.
Ак туу алып айкырды,
Арыктын баарын чакырды.
«Арык болсоң бөлүн — деп,
Ак тууну көздөй жүргүн деп,
Адашпагын бирин» — деп.
Арык чыкты бөлүнүп,
Ак туу алып көрүнүп.
Кан боронбай, чоң Ногой,
Муратаалы карысы
Бүтүн Белек барысы,
Бу да чыкты бөлүнүп,
Көк туу алып көрүнүп.
Көк кашка алып зоңкоюп,
Көк жеке бутта чойкоюп,
Сур найза колдо койкоюп,
Өмүр баатыр баркылдап,
Көк кашка менен каркылдап.
Адамдан башка түрү бар,
Ажыдаардай сүрү бар.
Көк асаба желекти,
Көт жагын жыйнап Белекти,
Белек бери бөлүн — деп,
Бери келип көрүн! — деп.
Белектер чыкты бөлүнүп,
Көк кашка атты теминген,
Көк жолборстой чамынган.
Көргөн душман багынган.
Аяккаптай чоң кисе
Ак келте огун сологон.
Айбалтасы Баатырдын
Алыстан душман кологон.
Айбалтасы темирден.
Ушу баатыр Өмүрдөн
Урушкан душман жеңилген.
Таштабайын билгенди,
Жазайын Бапа, Желдеңди,
Жанек баатыр баркылдап,
Жашыл туу колдо калкылдап.
Кодор уулу эр Жанек,
Жалманбеттин Ажыбек,

Бапалардын Берикбай,
Азарбектин Акидей,
Карабаштын эр Далдай,
Канча баатыр бири калбай.
Абыл акенин Шумбала,
Ат ойнотуп чакырат:
«Бапа желдең бөлүн! — деп, —
Баарың тегиз көрүн! — деп, —
Жашыл тууну белгилеп,
Жаңылбастан жүргүн! — деп.
Желден бапа бөлүндү,
Жалпы туума көрүндү.
Жашыл туу алып көрүндү.
Кызыл туу алып көрүнүп,
Кыдыктар чыкты бөлүнүп,
Кыдыктардын Намазбек,
Кара көйнөк Канайы.
Кыдыктын башка далайы,
Кыйкырып ураан салалы:
— Кыдык болсоң бөлүн! — деп,
Кызыл туунун алдында
Кырка тартып көрүн! – деп,
Кыдыктар чыкты бөлүнүп.
Сарынын туусу көрүнүп,
Саяктар чыкты бөлүнүп.
— Саяк болсоң бөлүн! — деп,
Сары туунун алдында
Тамам баарың көрүн! — деп,
Саяктардын башчы болгону.
Асказандын Жолболду,
Алакөздүн Жантайы,
Бакачыдан Урдөөлөт.
Шайы бешмант белсенип,
Сарынын туусу көрүнүп,
Саяктар чыкты бөлүнүп.
Колду иреттеп алды эле,
Туу жөнөдү кылкылдап,
Кол жөнөдү быкылдап.
Чаң уюлгуп буркулдап,
Алдына салып арыкты,
Аксакалдар баарысы
Аркасын тосуп калышты.
Колду иреттеп алышты.
Жоону карай зымырап,
Кылычтары кыңгырап,

Айбалта белде шыңгырап,
Төрөгелди баатыры
Добулбасты карс койду.
Ак келтени тарс койду.
Сарбагыштын сан колу,
Сарбулактан ат койду,
Адыл баатыр бакырып,
Эсенгул элин чакырып,
Ак сурдун башын чулгутуп,
Оозунан көбүк буратып,
Алдына туура келгенди,
Наркескен менен сулатып,
Алмадай башын кулатып.
Найза менен сулатып,
Ак жолборстой чамынып,
Төрөгелди баатырың
Ак албарсты майлады.
Ажалдууну жайлады.
Тердик токум кан болуп,
Күнгөй менен тескейдин
Арасы туман чаң болуп.
Сарбагыш менен Бугудан,
Саяк менен Чородон
Санат жеткис көп өлдү.
Сары-Булак, Күрмөнтү
Акпай суусу бөгөлдү.
Чакчалекей будуң-чаң,
Далай адам көп өлдү,
Сайдын баары бөгөлдү.
Кайсы уругу белгисиз,
Канча адам көп өлдү.
Кара баткак, Шатынын
Аккан суусу бөгөлдү.
Туу байкалып билинбейт,
Туман чаңдан көрүнбөйт.
Ураан үнү угулбайт,
Уюлгуп чаңдан көрүнбөйт.
Кедей начар көп өлдү,
Кемер аңдар бөгөлдү,
Алсыз начар көп өлдү,
Арыктын баары бөгөлдү.
Төрөгелди баатыры,
Сурунайын бакыртып,
Черикчилеп чакыртып.
Адыл баатыр айкырып,
Эсенгулдап чакырып.

Алдын сүрүп жапырып,
Артын таман чаң кылып,
Алдын кызыл кан кылып,
Адыл келди Шатыга.
Арык уругу жыйналып,
Аз гана калды качууга.
Балбай кирди батууга.
Кыя тартып коктуга,
Кысык жерде-буктурма
Кырк жигит менен тозду да.
Төрөгелди баатырың
Кыйгач өөдө озду да.
Балбай баатыр күүлөндү,
Өзүбекке сүйлөндү:
— Балбактын уулу Өзүбек
Бала чактан мергениң
Кана пайдаң көргөнүм.
Өзүн атпай атын ат,
Чолок сакал баарыңды.
Берсе кудай зарымды
Көчкө айдап сан кылып,
Көк букага таңгызып,
Бута коюп аттырып,
Бутун толгоп сындырып,
Тирүүлөй өлүк кылайын,
Булгаарыга чыңайын.
Балбай баатыр сүйлөнүп,
Ар нерсени ойлонот.
«Бугу качып калдыбы,
Кудай уруп салдыбы.
Же Өмүр өлүп калдыбы?»
Балбай турат батууда:
«Өлбөй аман болсо,
Эми качан тосот? — деп.
Чолок сакал бараң кул,
Кай жагымдан озот деп?
Жанымдагы кырк жигит,
Чар тарапты күзөт деп»
Даярданып турганда,
Шатыдан төмөн сеңирден,
Замбиректей даңк этип,
Табышы чыкты Өмүрдүн.
«Төрөгелди баатырың
Чыга албады сеңирге.
Бата албады Өмүргө.

Баркылдаган калмак кул,
Жолумду тосуп алды», — деп
Аккызыл чоюлуп калды, — деп —
Кыз кулага минди эле,
Кылаарын мунун билди эле.
Табышынан шектенди.
Кулдун үнүн уктубу,
Туура жактан баягы
Чунагы тосуп буктубу.
Төрөгелди баатырың
Солк этип бою силкинди.
Солбуп башка ат минди.
Качып калды кайрылып,
Кызкула менен сызылып,
Көк түтүндөй созулуп,
Кылкылдаган калың кол
Качып калды бурулуп.
Балбайдан башка жеме угуп,
Балбактын уулу Өзүбек
Баатырдын үнүн эми угуп,
Алдындагы белеске
Басып чыкты демигип.
Төрөгелди баатырың
Милтени чертип ымыгып,
Келе жатат сызылып.
Балбактын уулу Өзүбек
Алдындагы белести
Алып калган созулуп.
«Жаза атып салбайын,
Жемеге дагы калбайын».
Учун чертип милтенин,
Кароолун тиктеп келтенин,
Төрөгелди баатырың
Как тушуна келгенде,
Шыкаалап калды созулуп.
Демин алып олтуруп,
Кароолго мыктап толтуруп,
«Алача балтыр тушу — деп, —
Өлбөс жериң ушул» деп,
Басып калды милтени,
Тарс! дедирип келтени.
Кырданып барып жыгылды.
Алдындагы Кызкула
Кар жилиги үзүлдү.
Төрөгелди баатырың

Кара жерге сүзүлдү.
Жанындагы жигити,
Акылбек, Акыл баатыр-ай
Аюке, Майтык,Сарыбай
Атышып турду бир далай,
Жанына жакын бардырбай,
Далайга турду алдырбай.
Батуудан Балбай чыкканда,
Өмүрдүн үнүн укканда,
Акылбек, Акыл баатыры,
Аюке Майтык,Сарыбай
Өмүргө чыдап туралбай,
Качып калды кайрылбай.
Алдаяр, кыдык аралаш,
Төрөгелди тууралуу,
Азыраак болду нарк талаш.
Алдаярга нарк тийди,
Башкаларга ат тийди.
Өмүр баатыр бапырды,
Шапактап ураан чакырды.
Сарбагышты качырып,
Күрмөнтүнү ашырды.
Төрөгелди баатырды,
Колго минтип түшүрдү.
Алдаярлар коргоду,
Арачыга болбоду.
Ачуусу келген эр Балбай,
Аттан түшө жүгүрдү
Төрөгелди баатырдын
Сынган бутун толгоду.
Төрөгелди баласы-ай,
Колго түштү Карасай.
Балбай баатыр бакырды,
Сарбагышты жапырды.
Бузулуп жаман кабагы,
Саякты Балбай чакырды:
«Саяк сага кебим бар,
Таарыныч айтар эбим бар.
Саяк болсоң бөлүн деп,
Санатка мындай көрүн деп,
Найзасын жерге таштады,
Ак-Булуң көздөй баштады.
Башчыларын чакырды.
Айла таппай кысылды
Темир, Болот,Черикчи



Тегиз баары бузулду.
Ак-Булуңга барганда,
Найзасын кайра колго алды.
Эшкожонун эр Балбай,
Эрдиги бар ар кандай.
Адам айран калгандай,
Айласы бар момундай.
Кылычын кайра колго алды.
Кылчайып каччу жолду алды.
«Кан Ормонун өлтүрдүм
Темир менен Болоттун.
Кана саяк сүйлөчү,
Сенин кайсыныңды короттум!»
Деп ошентип, эр Балбай
Ак-Булуңга камады.
Ажалы жеткен саяктын
Аябай баарын чамады.
Көлгө түшүп көбү өлдү.
Көбөлдүн баары бөгөлдү.
Темир, Болот,Черикчи
Тегиз качып жөнөдү.
Кудай уруп салды, — деп.
Төрөгелди баатырды
Колго түшүп калды, — деп.
Адыл баатыр алаңдап,
Кабагы түшүп салаңдап.
Кантип үйгө барам, — деп,
Ак жолборстой булаңдап,
Адырга чыкты кылаңдап
Төрөгелди баатырды
Колго түшүп калды, — деп —
Кайсы атак болду, — деп.
Капаланып кайран эр,
Кантээр айла таба албай,
Кайта үйгө баралбай,
Эки жигит ээрчитип,
Адырга чыга келгенде.
Аты жүрбөй желгенге
Ажалы жеткен Мурзанын
Карачы алдынан чыгып турганын.
Адыл баатыр белестен,
Аксур менен зыр коюп,
Найза менен бир коюп,
Аттан жерге түшүрүп.
Жанындагы жигитке

Эки колун бастырып,
Башын алды кестирип.
Муңдуу коңул жайланып,
Мурзанын башын байланып,
Үйүнө кайтты айланып.
Темир, Болот,Черикчи
Тегиз баары келишти.
Тегеректеп алышты,
Башты ортого салышты.
Карындашы Мурзанын
Качыбектин кызы экен:
«Кай бугунун башы?» – деп, –
Ушуган алып барышты.
Анда келин кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Толу эрдигиңер ушубу,
Соёчордүн башы бу.
Артында аман турбайбы
Он эки айры бугусу».
Бир кылчайып койбостон,
Толгоно карап токтобой
Сумсайып туруп кеткенде,
Улуу кичүү карысы
Уят болуп калышты.
Акылы артык билимдүү,
Кылып көрчү калысты.
Баш байланып барышты.
«Эч ким көрбөй калды. – деп, –
Өлтүргөнүм ырас» деп,
Актанууга жатабы?
Же баш көрсөтүп катынга
Мактанууга жатабы?
Сарбагыш, бугу сайышып,
Тарашып жаңы бөлүндү.
Арага элчи салышка,
Иштерин берди калыска.
Убада сөздү байлашты,
Башкадан калыс шайлашты
Өбүшүп китеп куранды,
Төрөгелди баатырың
Карасайын суранды.
Сарбагыш шайлап Коконду,
Төрөгелди баласы-ай,
Элчиге барды Карасай
Карасай барды Коконго,

Кокондон калыс бек келди.
«Бет кыламын» деп келди.
Качыбек барды оруска
«Кааладык — деп — калыска».
Начальник келди Омбудан,
Орус менен Коконду
Ортого калыс кылышты.
Калыска ишти беришти,
Калыстар ишти теришти.
Коңураттын Энтери,
Төрөгелди баатырдын
Төлөөсүнө бошонду.
Калыстар жакшы оңдоду.
Шапак уулу Мурзаны,
Жаш да болсо кан деди.
Аны кан Ормонго тогоду
Бул экөөнөн башканы,
Аткезге баарын кетирди,
Калыстар ишти бүтүрдү.
Колго түшкөн туткунду,
Бошотуп баарын кетирди.
Калыска келген орусту
Омбуга кайра узатты.
Жакшылап кылып кызматты,
Качыбек кошо да кетти.
Омбудан көлгө кат келди.
«Шераалынын Качыбек
Султан болду» деп келди.
«Тынччылык керек бизге» — деп,
Журтка тегиз эл келди.
Бир аз жылдын ичинде,
Качыбек султан өлгөндө.
Калк чогулуп көмгөндө,
Шайлады султан Зарпбекти.

Ормон өлгөндөн кийинки аралыкта Бугудан сарбагышка Кокон хандыгына кадыр-баркы бар, санжеткис жылкысы бар Сарыбайды арачыга жиберишет.

— Эл бололу, болоор иш болду хан Ормон өлдү, айтканыңарды кылалы, — деп. Сарбагыш Шамен кундун үч шартын коёт:

Биринчиси — Көл мыктыларын кармап бергиле Боронбай, Муратаалы, Тилекмат, Балбайды.

Экинчиси — Ысык-Көлдү күнгөй-тескейи менен бошотуп бергиле да, өзүңөр Текеске калмакка кирип кеткиле.

Үчүнчүсу — Бугу элинде болгон кыл куйруктуу малдын баарын айдап келип бергиле — деп Сарыбайды жолго салышат.

Бугунун мыктылары кеңешип, Сарбагыш билгенин кылып алсын, колунан келсе, чаап алып кул кылсын», — деп тарап кетишет да, жоону тосуп алганга даяр болуп жатып калышат.

Төрөгелди көлдү үч айланта чабам деп келип, колго түшөт. Балбай Төрөгелди баатырды колго түшүрүп алып келип, үстүнө эски алачык тигип, эски туурдукту эки беттеп, ортосуна чүкөдөй таштарды ширетип: «Сенин астыңа салынып жатчу төшөгүң», эски үзүктү алып келип: «Жамынып жата турган башайы жуурканың», эски желдиктин ичмегинен калпак тиктирип: «Башыңа кие турган бөркүң ушул болот», — деп кийгизет. Эки-үч жума өтпөй Балбай анын үстүнө кирип: «Кана баатыр бутуң кантип калды», — деп толгоп, бир аз оңолуп келаткан бутун дагы сындырат. «Мурункусунан да эми эбине келтирип койбодуңбу, баатырым», — дейт Төрөгелди.

— Төрөгелдинин колго түшкөнүнө жылга жакындап калды. Өлүү же тирүүсүн билип бергиле, — деп анын туугандары солто элиндеги Шоорук бийге барып өтүнөт. Шоорук бий келип, адегенде кадырлуу адамдардын бири Солтонкулдукуна түшүп, анан Балбайга барып, Төрөгелдиге учурашат. Жашоо - тиричилигин айтып Шоорук бийге, Төрөгелди буркурап ыйлап жиберет.

Көп сүйлөшүүлөрдөн кийин Балбай Төрөгелдини бошотуп берүүгө көнүп, күн болжоп алып кетүүнү айтып, бийди узатат. Андан кийин Төрөгелдини талаага алып чыгып, Балбай:

— Мен сени элиңе жиберемин, бирок тирүү эмес, өлүгүңдү гана беремин, — деп, эки колун кайчылаштырып таңып, аркандын бир үчүн чий дүмүрүнө ороп байлайт да, өзүнө түз карatып:

— Эки көзүңдүн ортосуна бир эле атып өлтүрөмүн, — деп туруп мылтык сунат. «Тарс» эткен добуш угулганда, Төрөгелди колун катуу силкип, түптүү чийдин түбүн жулуп алат.

— Ажалың жок экен, куру дүрмөт тура, эми тирүү бойдон элиңе аткарайын,—дейт Балбай. Бар кийимин жаңыртып, чачтырмагын алдырып, тазалантып, анан Төрөгелди баатырды аткарат. Кетип бара жатып ал артына кылчак-кылчак караганда Балбай баатыр муну көрүп, мыйыгынан күлгөн.

Канча убакыт өтсө дагы Ормондун уулу Үмөтаалы, күйөө баласы Өмүрзак Балбайдын артынан түшөт. Балбай баатыр Жоруптун уулу Урдөөлөттү, Теңизбайдын Керегин, Өмүрду, Найманды, Мүндуздардын Нусупбек, Желдендердин Жанегин

баш кылып, Көл бугусун жыйнап топ кылып: «Зарпбек Өмүрзагы менен мага көр казып жатышат. Бул жер мага турак болбой калды, көчүп кетемин», — дегенде, Нурдөөлөт менен Өзбек болбой үч күн араң токтотушат.

Бирок, Балбай баатыр «Өмүрзак акыры оруска аттырып коёт», — деп үйүн чечтирип, Ичке Сууну кечип, түн каткан бойдон Шаты тоосун ашып барып, Жылаңачтын талаасына жетет. Өмүрзак Балбайдын артынан түшкөнүн койбойт. Балбай баатыр эр Балта менен Иле суусун бойлоп, калмактар менен күч сынашып, эч нерседен капарсыз жатат.

Балбайдын уулу Байкашка каза болуп, баатырдын күйүт болуп жатканынан кабар алган Өмүрзак уездге келип, «Балбайды Зарпбектин уулу Күчүк кармап берет»,—деп айтат. Кырк солдат менен жөнөгөн Күчүк жана

Өмүрзак түнү жол жүрүшүп, күндүзү жашырынып жүрүп отурушуп, таң азандан эч нерседен капарсыз жаткан Балбайды тегеректеп, курчоого алышат. Балта баатыр душманга каршылык көрсөтүүгө ордунан обдулат. Аны көргөн Балбай:

— Сабыр кыл. Бир мен үчүн келген душманга каршы турбаңыз, бекер жерден бала-бакыраны кырып албайлы,—дейт токтоо гана.

— Падышадан кат келди. Сени көлгө көчүп келсин, Көл—бугуну билсин. Султан болуп эр Балбай Зарпбектин тагын минсин,—дешти. Муну Муратаалы, Тилекмат баш болгон Көлдөгү бугунун баары айтты, — деп кытмыр күлөт Өмүрзак. — Оңбогон Күчүк, оңбой кал. Сен — менмурат, мен – токой бир Белектин баласы, оруска кармап берээрсиң. Акыры сен да, мендей болуп өлөөрсүң. Чакыртпайт мени бугулар, чакыртса сөзү угулаар. Мени кармаганы гана келдиңер. Даарат алып алайын, эшикке чыга тургула, — дейт Балбай. Буга Өмүрзак макул болот. Телтору болсо каршылык көрсөтөт.

— Анда кымыздан куйчу, керээз ашымдан ичип алайын, — дейт Балбай аялына. Аңгыча солдаттар качырып үйгө киришип, Балбайдын эки колун артына кайрып байлашып, койчулар минчү жоор атка мингизип, айдап жөнөшөт. Бир аз узай бергенде, ал уулу Мойнокту чакыртып алып, мындай дейт:

— Бүргө жорго күлүктү күндүзгүгө мингин да, түнкүсүнө аян болгон сур айгырды минип, намаз дигер маалда Айгыржалга жете көр, ошол жерден ат чалдырып алып, ат которуп, сур айгырды минип, төтө менен эмес, чылк өөдө менен жүрүп отуруп, таң атаар маалда Каркыранын оюндагы Өмүргө жетип кабарла. Көлдөгү Жанекке, Урдөөлөткө, Усупбекке, Солтон-

кулга, Найманга, Керекке айт, Ой-Кайыңдан тосуп учурашып калышсын.

Баатырдын айтканындай жол жүрүп, ат аябай мол жүрүп, таң агарган кезде Мойнок Өмүрдүн айылына жакындайт. Ой-гоо жаткан эр Өмүр зайыбын чыканак менен бир коюп:

— Бачым тур түндүктү тарт. Дабышынан Бүргө жоргону, Сурайгырды тааныдым, — дейт ал. Зайыбы ат коштогон бир адамдын эң эле катуу келатканын көрөт.

— Өмүкө, эгизиң түштү кармоого, Эр Балбай түштү байлоого. Ой-Кайыңдан тосуп учурашып калсын, эң эле айла кетсе, Көлдү көздөй салсын — дейт Мойнок, Балбайдын кабарын билдирип. Күн-түн дебей Күнгөй менен Тескейге чаптырып, окуянын жайын уккан соң, Куугунчунун чатында элин жыйнап алып, Урдөөлөт баатыр Балбайды алып калам деп, эки жүзгө жакын кол менен атганды.

Балбайдын кабарын уккан Жанек баатыр Чоң Чычкандын башында баатырды ажыратып калам деп, эки жүз кол менен Жети-Өгүздүн боюнда Тилекматтан бата алып жөнөйт. Өмүр баатыр беш жүз кол менен жөнөйт. Эртеси Өмүрзак митаам Муратаалы, Боронбай, Тилекматты баш коштуруп, топ жыйнатып: «Балбайды тартып алсаңар балакетке калдыңар, Ысык-Көлдүк баарыңды, атка минген карыңды карабай туруп Алма-тыга жөө айдайт, бир Балбай деп бүткүл элди жоготуп алалыбы? Андан көрө падышага арыз берели, барктуу кишиси экен деп, алты ай түрмөгө жаткырып, аман-эсен колубузга чыгарып бербейби»,—дегенде, Тилекмат: «Оруска тийбегиле, Балбайды тартып албагыла, Ой-Кайыңдан тосуп учурашып калгыла»— деп Өмүр баатырды, Жанек менен Урдөөлөттү жолго салат.

Астынан чыккан ага-тууган эл журтун көрүп алып эр Балбай:

«Эшкожонун баласы кызмат кылдым бугуга, саарына уй болдум, сабаада кымыз бээ болдум, жылкычыга кул болдум, жүк артаарга төө болдум, казанына көө болдум. Көп кол баштап келгенде, кырк эки жашымда Ормондун табарсыгын жара сайып жай кылдым. Акыры Өмүрзак менен Зарпбек бугуга кылган кызматымды билишпей, мага кастарын тигип, минтип оруска кармап беришти».

Балбай сөзүн бүткөн соң, солдаттар аны айдап жөнөштү. Тамак берип багып барышсын деп, Деркенбай менен Ашырбайды кошуп, коштошуп эл журт чуркурап ыйлап кала беришти. Солдаттар туткундап келе жаткан бешөөнө даам ичирбей ай-

дап келип, Алматынын түрмөсүнө камашты. Деркенбай аш бышырып берүүчү зайыбын чоң торуга мингизип ала келген. Алар Балбайды багып турушту. Балбайдын тамагына солдаттар билгизбей уу кошуп беришет.

Бала чактан уу коргошун кургатып жеп жүргөн Балбай баатырга оңой менен таасир этпейт. Күндөрдүн биринде түрмө солдаттары тамагына уу кошконун билип калган Деркенбай:

— Төрөлөр мен Балбайдын жайын айтайын, ал өзү дал өзүңөрдөй хан эле, басып аламын деп өзү катылган душмандардын катыгын берген, эрдиги мол жан эле. Бугу болгон жерде, бул өңдүү азамат жок эле. Балбайдын колтугу согуп жатат, мусулмандык шарт менен боз үйдөн жан бергени туура, турмөңөрдөн чыгарып бергиле — дейт. «Бешөөнү тең түрмөдөн чыгарып бергиле», — деген улуктүн улуксааты менен Молдо асан менен Балбайды колтуктап көтөрүп, Деркенбай түрмөдөн алып чыгып, боз үйгө төшөк салдырып жаткырган соң, жарым сааттан кийин тилге кирип, эсине келет. Ашырбайдан чөгүнгө суу алдырып, дааратын алып, анан керээзин айтат:

— Деркенбай менен Ашырбай, армандуу болуп, дүнүйө ак жеримден мен кеттим, бирок да көрдүм го артык пайдаңды. Ошентип таба албадыңар аргамы. Мусулмандын жышааны алматылык чоң ыймамды жаныма алып келип, ооз ыйман угузгула, анан акырет көздөй кулайын. «Бейшемби күнү жалган куран түштө энекем жерге түштүң», — дечү эле, жалган куран жакындап келе жатат, Ормондун кунун кууп, акыры Өмүрзак түбүмө жетти,—деп андан ары айтаар оюн ырга кошот:

Эсен-аман эл көрсөң,
Эр Өмүргө салам айт.
Жаткандыр Өмүр өтөктө
Жатат Балбай эгизиң.
Темир чынжыр ичинде,
Убалым жетсин кантейин.
Өмүрзак менен Күчүккө
Кечээ эрди сайсак бир сайдык.
Өмүр, Балбай аттанып,
Илгерки өткөн манастан
Не жеринен кем сайдык.
Ак байбиче энем бар
Ага керээз айта бар.
Санаа тартпай отурсун,
Санаты Балбай тирүүдөй,
Сарайга журтун толтурсун.

Он карап күлүп олтурсун.
Ойрону Балбай барындай,
Ордого журтун толтурсун.
Мойногум менин жаш калды,
Артылып камчы чаппасын.
Аталап койбосун.
Саламын десе куш берсин,
Минемин десе ат берсин.
Кунандан чыккан тай кашка
Күйгүзүп кетти Байкашка.
Эңкейиште Эр сайган,
Экини кабат бир сайган,
Өзүмдөн мурда жоо сайган,
Жанжундан барып кат алган,
Дунганадан бата алган,
Жаш Байкашка атанган,
Тирүү болсо Байкашка
Түшпөйт элем доңузга.
Кармалбайт элем Күчүккө.
Мен чунактай жолборстун,
Жай кийгени кулпу эле.
Кыш кийгени түлкү эле.
Ойногонум жүргөнүм,
Шатыран-шатман күлкү эле.
Ошондо сүрдүм бир дөөлөт
Жолдош болуп көп жүрдүм.
Жоруптүн уулу Урдөөлөт
Кармадым болот кылычты,
Кашыма алып көп жүрдүм.
Бакача кара Жунушту
Урдөөлөткө керээз айт.
Кара мурут кезинде,
Кайып жоого кире албай.
Качып жүргөн кезинде,
Ак бараңын түтөтүп.
Атып жүргөн чагында,
«Жоону мындай саят деп,
Атты мындай алат» деп.
Тизгиндеп жүрүп эр кылдым.
Эр уулу менен тең кылдым.
Эр Жанеке керез айт.
Теңизбайдын Керекке,
Кара мүртөс Усупбек,
Алыбайдын Солтонкул,
Айта баргын Найманга.

Боронбай менен Качыбек
Бул экөөнө туруп кеп айтат:
«Калмак менен казактан
Жылкы тийгин» — деп айтат.
«Барбаймын»деп айта албай,
Алардын тилин кайтарбай,
Мен шордуу жөнөп кеттим жалтанбай.
Иленин суусун бойлодум,
Чапырашты дуулаткан,
Жылкысын тийип койбодум.
Чебин бузуп олжо алдым,
Кара башыл кой алдым,
Жылдырып жылкы айдадым.
Аралаш чаптым калмакты.
Кечээ Темир, Болот бир болуп,
Толуп турган кезинде.
Ниязбектин кан Ормон,
Болуп турган кезинде.
Алтын менен күмүштөн,
Бурап турган кезинде.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Сурап турган кезинде.
Жумгалдын алдым жылкысын,
Журтунун алдым уйкусун.
Кочкордон алдым жылкысын,
Козгодум Ормон уйкусун.
Ормонго кылдым далайды,
Курманкожо, Кулжыгач
Кулагымды кескенде
Байлап алып кан Ормон
Орго салып эзгенде,
Алты ай жаттым орунда.
Кыдыктардын Намазбек
Ат тартып барып Ормондон,
Мени сурап алганда
Ошону көрбөгөн жан арманда.
Кечээ оруска элчи барганда,
Оролуп таап сөз айткан.
Кытайга элчи барганда,
Кыйыгын таап сөз айткан.
Коконго элчи барганда,
Козголбостон сөз айткан.
Чечендиги бар эле
Ар улуктун таалимин,
Тартып алган жан эле.

Жылкыайдардын Тилекмат
Айткан сөзү эм эле.
Акылга артык кен эле.
Ар адамдын тагдырын,
Чечип жүргөн эр эле.
Ашырбай менен Деркенбай
Тилекматка керээз айт.
Кечээ омбулук орус жүз келди
Колго жаны түшкөндө,
Башыма кыйын иш келди.
Ат ылоолоп минем деп,
Айылды барып көрөм деп,
Он беш орус аттанган.
Ой-Талдын эле четинде,
Такабай уулу Кенжебай,
Жанындагы Тарыхчы
Катары менен атканда.
Жазыксыз эле кыргыздар,
Жолдо өлүп жатканда
Түнүлдүм ошондо булардан.
Ошону көрүп качкамын,
Шатынын тоосун ашкамын.
Жан калкалап мен шордуу
Илени бойлоп жаткамын.
Куданын кылган ишин көр
Курдашым журтум мында жок.
Кулак как, Ашырбай менен Деркенбай,
Алматынын ак мазар
Сөөгүмдү аманат кой башында.
Ачып алгын жазында,
Чаркың келсе күз келгин.
Сөөгүм ачып ала көр,
Ысык-Көл алып бара көр.
Коёр жерин айтайын:
Кара жолдун боюнда,
Сары-Булактын оюна,
Бордоп күмбөз салдырсын.
Күмбөз салаар кирпичин,
Кой-Сарыдан алдырсын.
Кош аман бол агаин,
Нечен кылдым жаштыкты.
Өзгө жалган өлүм ак,
Өлбөй турган адам жок.
Тарт, Деркенбай жаздыкты,
Керезин айтып болгон соң.
Балбайдын жаны кысылып,

Күлгүндөй өңү бузулуп,
Кетти жаны сызылып.

1867-жылдын теке айынын мээ кайнаткан күндөрүндө Деркенбай, Ашырбай, Кыдыраалы кайра-кайра акылдашып, акыры Балбайдын сөөгүн (Верный) Алматыга коюп кетип калыштан баш тартышат да, этин шылып-шылып сууга жууп көмүшүп, сөөгүн чогуу бойдон чаначка салып келип, Сары-Булакка коюшат. Күмбөз көтөрүлөт.

Ушуну менен эле бугу элине тынчтык өкүм сүргөн жок. Дагы үрөй учурган суук кабар угулат. Ормондун уулу Умөтаалы, Чаргын, Байтеректер тартуу айдатып, Челек деген жердеги казактын төрөсү хан Тезеке киши жиберет. Бугуну чаап алууга жардам кол берсеңиз деп, мыктыларынан айттырат. Бул кабар бугуларга угулуп, катуу шашышат.

Сарбагыштын мыктылары чогулуп барып, Ормондун кунун алып бериңиз. Ушул көл башындагы катын бугу, каранын каны кан Ормонду өлтүрүп коюп, кун бербейт. Колуңуздан келсе кол бериңиз. Казак – кыргыз бир болуп, бугуну чаап, олжосун тең бөлүшүп алалык деп келишет. Тезек төрөгө тогуздап мал айдап, тартуусуна алтын-күмүш кошуп келишет.

Бул кабар Ысык-Көлгө угулгандан кийин, хан Боронбай менен Муратаалыда уйку жок. Такыр айласы кетет. Бугулар шашып, акыры акыл таба турган Дөөлөс Сарт акеге келишет. Сарт акеге келип, болгон окуяны айтышат. Бул окуянын айласын таба турган, акылын таба турган биздин журтта жалгыз кана Тилекматым, Тилегим жарайт. Ошону алдыргыла, — дейт. Анда беркилер айтат, «Тилекмат өзү таарынып кетти эле, келбейт го»,—дейт.

Анда Сарт аке: «Тилекмат деген силерге окшогон киши эмес, ал элдик киши, элдин ырыскысына төрөлгөн киши. Сен экөөң үчүн эмес, калайык-калктын таалайы үчүн келет. Сарт аке жиберди деп, кош ат менен киши жибергиле»,—дейт. Ошону менен Текеске кош ат менен киши жиберишет. Текеске жетип барган кишиден кабарды уккан соң, Тилекмат токтолбостон аттанат. Аттын кулагы менен тең жүрүп отуруп, таң сүрүп калган кезде Сарт акенин үйүнө келип түшөт. Жаңыдан күн чыгайын деп калган кездс, Боронбай, Муратаалы кол мыктылары чогулуп келишет.

Тилекмат келдиби, келди. Бир аз эле болду келгенине, эс алып жатат. Анда катуу келген экен. Эс алсын,—деп, дөңгө кийиз, көрпө көлдөлөң салдырып, уй мүйүз тартып отурушат, күтүп.

Тилекмат аке чоң шашке болгон кезде туруп, уй мүйүз тартып отурган кол мыктыларынын так ортосуна барып, малдашын уруп отурду. Оозунан эмне сөз чыгып кетет экен деп, баардыгы жер карап отурушат. Мына ушундай бейкуттук тынч убакытты Сарт акенин сөзү жарып кетти. «Тилегим, барган кишиден кабарды уктуңбу?». Уктум, уктум деп баш ийкейт. «Уксаң калайык калк камалып турган туюктан чыгарып алсын деп, сени алдырдык». Сарт акенин бул сөзүн уккандан кийин, Тилекмат аке : «Анын айласын мыктылар табалбайт бекен»,— дейт. Боронбай менен Муратаалы чагылгандын огу төбөсүнөн тийип, таманынан чыгып кеткендей, эңгирей түшүштү. «Табылбаган үчүн сени алдырып отурабыз»,— деп Сарт аке кайталады сөзүн. «Мунун баары табалбай отурат, ошондон сенин оозуңду карап отурат»,— дейт. «Ал жумуш, оңой эле жумуш»,— дегенде, баягы шылкыйып, жер карап отурган Муратаалыга жан кирип, кашын көтөрүп «Тилегим, Тилегим! Тилегим, Тилегим! ушул көл кыркаасындагы мал-мүлк, алтын-күмүштүн баары сенин карамагыңда. Кардай кечип чачкын, ушул калайык-журтту сактап калгын». Анда Тилекмат: «Силердин мал-мүлкүңөрдүн, алтын-күмүшүңөрдүн кереги жок. Мен өзүм эле барамын. Мен барганда ошол жерде кылган кызматымды, жумушумду төкпөй чачпай айтып келе турган төп кишини эле бергиле. Чөнтөгүнө эки тай туяк жамбыны салып койгула»,— деп сөзүн бүтүрдү. Аны угуп отурган эл капырай-капырай, курудан-куру, кур кол барып, кандай беттешет болду экен,—деп таң калат. Ошондой кишини тандап отуруп, өзүнүн купулуна толтуруп, бала карачты алды. Бала карачты ээрчитип, минген аттарын бага турганга Көкмаалы деген жигитин алып, андан башка дагы бир топ жанды алып, Тилекмат аке жөнөп кетти. Тээтигил Челектин көкмелтейинде жаткан Тезек төрөнүн конушуна барды.

Тезек төрөгө түз кире албайт. Тезек төрөнү сарбагыштар кодолоп, тегеректеп турган экен. Төрөнүн чоо-жайын билиш үчүн, анын төөсүн баккан, төөчүсүнүн үйүнө түшөт дагы, бир тай туяк жамбыны кармай киришет. Төөчү үйүнө кондуруп, отуруп чай-тамагын берип, бир коюн союп коноктойт. Эт желип бүткөндөн кийин, баягы казак жигит дагы бир шум жигит окшойт, эмне кылаар экен байкайын деп кол сүрткөн майлык бербей коет казак. Тилекмат аке бир колунун манжасы менен калган колунун манжаларын жыша сүрүп, майын тазалап, жалап-жуктап колун таптаза кылып, мостоюп отуруп калат. Тилекмат акенин бул кыймылын көрүп тургандан кийин, төөчү казак «бай, бай» бул соо киши эмес экен, — деп че-

чилет дагы, Тезек төрөгө кезигүүнүн амалын айтат: «Сиздер мындай кезиге албайсыңар. Чүй боорунан келген көп адамдар тегеректеп отурушат. Алардын сөзү бүтө элек. Алар кеткенден кийин гана, силерди кабыл алат. Төрөгө кезигүүнүн бир ак кана жолу бар. Төрө эртең менен эрте туруп, тээтигил ыйык атанды бир тегеренип өтөт, ошол төөнү тегеренип айланып өтүп бара жатканда, астынан чыгып бир кезигип каласыз, башка жол жок»,—дейт. Аны уккандан кийин Тилекмат аке түнү менен күтүп отуруп, эртең менен таңга маал дааратын алып, эки жакты байкап, Тезек төрөнү күтүп отурат. Бир убакытта оолжуй басып, төөлөрдүн арасында ыйык көтөргөн төөсү бар экен, ошону тегерене басып өтүп кетип баратканда, алдынан чыгып: «Ассалоомалейкум төрөм. Көл бугусунан келген элчимин, атым Тилекмат»,—деп кан Боронбайдан алган, мөөрү басылган тил катты сунат, элчилигин билдирген. Тил катты көргөндөн кийин «не айтар эдиң», – дейт. «Төрөм дейт, биздин элде бир кыз төрөлгөн. Ал кыздын сулуулугу, келбети ушунчалык адамды суктандырат. Бул өзү карага ылайык эмес экен, төрөгө ылайык кыз экен деп, атын Төрөкан коюп, ошону сизге багыштап койгонбуз. Биздин эл болсо жүгүн камдап, кытайга көчүп кетүүгө даярданып калды. Кете элегинде ошол кызды алып калсын деп жиберди мени»,—дегенде. Тезек төрө жылмая карап, таңыркагансып, алыста турган жигитин чакырып, «чакыр байбичени», — деди. Байбиче сөөлөттөнүп, акырын жылма басып келгенде, Тезек төрө «Аноогу сөзүңдү кайталачы», — дейт. Тилекмат аке байбичесинин көзүнчө азыркы айткандарын кайталайт.

— Чүй боорунан Ормон кандын кунун доолап көп адамдар отургай, осого не дейсиң. Ошолорго беттештирсем, тик тураласыңбы,—дейт.

— Туралам.

— Анда жүрүң, — деп ээрчитип үйгө алып жөнөйт. Үйгө жеткенде жүзбашы эшикти ачканда, бир чети Күйөөсү болуп бугу элинин, бир чети кайнага өңдөнүп калып атпайбы Тилекмат. Тезек төрө эшикти ачтырып, кириң дегенде. Түз эле төргө өтүп барып, Тезек төрө отурчу төрдөгү аюу талпактын так эле ортосуна малдаш урду. Тилекматтын кирип келгенин көргөндөн кийин, «кандуу моюн кара жоо келген турбайбы»,—деп Чаргын, Байтеректердин чачтары тик турду. Сарбагыштар «төрөм Бугулар сиз өңдүү үлкөн адамын жибербептир, кулун жибериптир. Биз кул менен сүйлөшпөйбүз», – дейт. «Анда Тезек төрө неге сүйлөшпөйсүңөр, ханынын тил каты турбайбы мөөрү ба-

сылган, эмне десе ошого макулбуз деген», — дейт. Тилекмат аке тил катты көрсөткөндөн кийин унчугалбай калышат.

Тезек төрө Тилекмат акеге карап, «Сендер Ормон ханды өлтүргөнүңөр распы», — дейт. Өлтүргөнүбүз ырас дейт. Өлтүрсөң неген кун бербейсиң», — дейт. «Төрөм, ханга кун жок», — деп жооп берет. Ошондо сарбагыштар жарылып кете жаздайт, «кандуу моюн кара жоонун айтып турганын кара», — деп.

Тилекмат аке кайра суроо берет Тезек төрөгө. «Хандын куну не болот десе, тогуз эрдин башы болот», — дейт. — А бир эрдин башы не болот? — Бир эрдин башы үч жүз жылкы болот, — деп жооп берет. Төрөм ак сөздү айттыңыз, нак сөздү айттыңыз, адилет сөздү айттыңыз. Сиздин атаңыз Кененсары, Ноорузбай ханды ушул баш кесерлер өлтүрүп, бооруна казыкты кагып, белине ташты байлап, Мыкандын кара суусуна чөгөрүп ийген. Ал аталарыңыз үчүн кун алдыңызбы. Эгер алган болсоңуз мен кун төлөйүн дегенде, эси ооп Тезек төрө эки жакты карап, баягыларды карап калган казактардын аксакалдарын караганда, алар баштарын ийкеп ырыс, ырас, Ормон өлтүргөн,— дейт. Дегенден кийин, аке шишеңди, качырларыңарды алып келген жолуңарга түшкүлө деп, кууп чыгат. Сарбагыштар ошону менен шылкыйып кандын кунун алалбай үйлөрүнө кайтып кетти. Алар кеткенден кийин Тилекмат аке Тезек төрө менен жалгыз калат. Ошондо Тезек төрө Тилекматка карап туруп: «Эй кара кыргызым, жан айласы кылып кызыңды бетиңе кармап келген экенсиң, эми сонды кызыңды бересиңби»,—дейт. Анда Тилекмат аке: «Төрөм, хандын сөзү эки болсо болот, каранын сөзү эки болбойт», — деген сөздү уккандан кийин, Ой бай оу, ой бай оу, атың да кара жон, өзүн да кара жой экенсин го. Өзүңдөн сөз качып кутулбайт. Бугу элинин бактысына ушу сени алла-таалам жаратып берген ов, — деп, деми сууп отуруп калды. Не деген буюм тайым алып баруум керек дегенде Тилекмат аке, «Төрөм, сиз буюм-тайым алып барбайсыз. Эч нерсе алып барбайсыз. Сиз өзүңүз гана барасыз. Болгону кыргыздын нарк шааратын гана жасайсыз», — дейт. «Онуң кандай кыргызым. Күйөө жан деген кайын журтуна барганда, эки колун бооруна алып туруп, ак өргөөгө кирип баратканда жүгүнүп, жүгүнүп отуруп, ошол ак өргөөгө кирип кетет, — дейт. Кыргыз калкы ушуга гана ыраазы болот». Ошону менен макулдашып бүткөндөн кийин, Тилекмат аке ээрчитип барган кишилеринен ат баккан кишисин алып калып, калганын көлгө жиберет: «Кең-суунун Чоң бетине кырк-элүү ак боз үй тигилсин. Төрөкандын атасынын үйү аппакай болуп көтөрүлсүн. Ошол үйдү

Алыбай уулу Сарыбайдын сан жылкысын тегеректетип койсун. Желе, желе бээлер байланып турсун. Айылдан алыс бир тай чабымдай жерге жүз баштуу ак үйдү көтөрүп, Күйөө-кыз киргендей кылып жасалгалансын. Эшигинин алдынан бир канчалык алыстыкка чейин килем, шырдак кийиз төшөлсүн. Төрөканды эстүү катындардын баары кыз кылып кийинтип жасасын. Биз эки жумадан кийин барабыз», — деп айтып кишилерин чаптырып жөнөтүп жиберет. Баягыны кан Боронбай, Муратаалыларга айтып келгенде, угалбай тургандар бат эле ак өргөөнү, боз үйлөрдү тиктирип салды. Сарыбайдын сан жылкысын тегеректетип, желесин байлатып, кымызын саадыртып койду. Эстүү, эстүү байбичелерден алдырып, Төрөканды кыз кылып жасап, чачын беш көкүл кылып өрүп, топу кийгизип күтүп калышат.

Арадан өлчөгөн убакыт өткөн кезде Тилекмат аке Тезек төрөнү ээрчитип алып жөнөйт. Тезек төрө өзүнүн жигиттеринен тышкары, бир топ казак чечен карыларын ээрчитип алып, жүрүп отурушат. Чоң-беттеги шаар болгон ак өргөөлөрдү көргөндөн кийин ичи жылып, баягы өзү болжогон ак-өргөөнүн алдына салынган килем-килчеге жеткенде айтат: «Күйөөжан! Мына ушул жерден сиз аттан түшүп туруп, тегеректеп карап турган кайын-журтуңузга жүгүнүп-жүгүнүп отуруп, сизге арнап тигилген ак-өргөөгө кирип кете турган жериңиз ушул», — дейт. Тезек төрө аттан түшүп, эки колун бооруна алып балбактап жүгүнүп келе жатат. Анын артында Тилекмат аке аттын үстүндө келетат. Эмне деген көрүнүш. Ушуну көрүп турган бугу элинин калкы: «Сени Тилекмат сен деп айткан киши оңбосун, тукумуң өссүн, бөксөрбөгүн айланайын Тилекматым», — деп бугу эли алкап жатты. Тилекматтын кененгерлигине ошондо бугу эли биротоло кол койду. Тезек төрө Төрөкан менен эртеси төрдө отурат, Кан Боронбай Муратаалылар сол жагында, оң жагында Сарт аке Тилекматтар. Тамак жеп бүтүп, кол чайкагандан кийин эңкейип, Сарт акеден сурайт: Төрөкан кыз беле? Же катын беле, таң атканча жер титиреп чыкты, — деп. Анда Сарт аке: Төрөм, кулагы кызыл болсо кыздыр, ак кулак болсо катындыр», — дегенде, кырк кызга бергис экен, — деп төрөнүн бүткөн денеси чыйрала, алдыга умтула, түндөгү махабатты тилей отуруп калды. Тезек төрө кыз ордуна катын бересиңер деп чыр чыгарбайт. Кыз-Күйөө каадасы бүтөт. Ошону менен Бугу эли кызын себи менен узатып, Тезек төрө Төрөканды алып кетет. Төрөкан баатыр уулдарды төрөп берип, казактардын кадыр-барктуу байбичеси болот. Мына ушинтип, бул жолу дагы сарбагыштардын максаты ордунан чыкпай калды.

Ормондун кунун кууйбуз деп, Төрөгелди баатырдын буту сынып, колго түшүп алты ай жатты. Тезек төрөдөн кол сурап бардык эле мындан да жол болбоду. Кой динибизди агарталы дагы, жөн тынчтык жол менен, туугандашуу жол менен бири-бирибиз менен макулдашууга келели, –деп сарбагыштардын мыктылары чогулуп, кол бугусуна келди. Келгенде кан Боронбайлар эмне кылыш керек деп, Сарт акеге кенешкени келишет. Сарбагыштар эл бололу, эки бир тууган экенбиз бир кылжырдан тараган, өткөн кеткен кектин баарын сууга салып агызалы, ошону эсибизден чыгарып, унуталы, деп келишиптир, эмне кылалы?—деп Сарт акеге айтканда. Сарт аке, эми булар жакшы келген экен. Куру жиберсеңер таарынып кетет. Көп мал берсеңер мактанып кетет. Бир гана тете, Меңмураттын «Чаң жукпас» жоргосун бергиле. Жакшылап сыйлагыла. Сарт акенин акылы боюнча Менмураттын «Чаң жукпас» жоргосун алып берип, Сарбагыштарды жакшылап сыйлап узатат. Сарбагыштар узап кетишет. Ошондон кийин эки элдин ортосунда тынччылык өкүм сүрөт. Ушул окуядан кийин, Ормон кандын куну бир тай болду, –деп айтылып калат.



# III-бөлүм

## ЖАНДАЙ-ЖАКШЫЛЫК.

Ак-Суу районунун «Түргөн» суусунун боюнда эки атанын эли жашайт. Оң жак өйүзүндө «Ак-Булак» айылы «Ондондор», сол жаак жээгинде «Ак-Булүн» айылы «Сарыкелер» жашайт. Ушул жерде жашаган ондондор алты атанын балдары. Мурунку совет өкмөтүнүн тушунда эки-үч айыл биригип, «Түргөн» совхозун түзчү.

Биз кеп кыла турган адамдар Оңдон айлынан чыккан Жандай менен Жакшылык.

Аликенин тукуму Балтатыр, Жоотатыр. Балтатырдан Балбак, Сараке. Жоотатырдан эгиз бала Оңдон, Эгизей. Энеси Акы, «оң жагымдан бүткөн баламдын аты Оңдон, сол жагымдан бүткөн баламдын аты Эгизей болсун»,—деп ат койдурган экен. Оңдон элинин тили келегетирээк келгендиктен, бара-бара «Ондон» аталып калышкан.

Алыке жашап жүргөн учур 1820-жылдар эле. Ошол жылдарда катуу ачарчылык болуп, элдер көп майып болгон экен. Алыке аксакал коёнго кылтак салып балдарын багып жүрүп, күндөрдүн бир күнүндө кылтагына туюк коён түшүп калат. Аны үйүнө алып келип союп, казанга салып бышырат да, алты баласына тең бөлүп бергиси келет. Ошол күнү эң улуу баласы Жыргалбай жортуулга кетип, кеч келет. Аңгычакты калган беш бала Эшимбай, Досумбай, Босторгой, Сатыбалды, Буруч үйдө уктап жатышат. Эт бышты го деп, ойгонушса ата-энеси Жыргалбай келсин деп, күтүп жатышып уктап калышат. Балдары туруп алышып, колуна тийген этти жешет. Ошондо Алыке аксакал кейип балдарынан сураган экен: Сен эмнесин жедиң?—деп Эшимбайдан сураса, мен коёндун башын жедим,—дейт, анда атасы «сенин тукумуң көп болот» — дептир. Сен эмне жедиң?—деп сураса, мен ичеги карын жедим,—деп Буруч айтат. Анда Алыке атасы, «сен түбөлүк бай болосуң, атаганат баары-

бызды багып жүргөн Жыргалбайга коёндун башын берейин дебедим беле, айла жок. Ал жебей калды. Бул балдарым уурдап, жеп алган турбайбы»,—деп катуу кейиген экен. Эшимбай уктап жатып, тура калып казандагы туюк коёндун башын жеп алат. Муну Алыке ата, «балам башын көп болот»,—деп коёт. Айткандай эле, азыр ушул ондондо Эшимбай жүз түтүндөн ашык. Ал эми Буруч болсо уйку соонун ортосунда тура калып, ичеги карынын жеп алат. Ал баласын Алыке ата «сен малдуу бай болдуң»,—деп атап коёт. Ошентип, баягы жакшы көргөн баатыр баласы Жыргалбай туюк коёндун этинен жебей калат. Атасы Алыке катуу кейип, Жыргалбайым бизди багам деп жүрүп, башка чукак болуп калдың. Эми эмне айла кылам, алда балам ай, эрдигиң болбосо курудуң,—деп койгон экен.

Жалпы ондон азыр да, Жыргалбай ата биздин сакалдуубуз,—деп сыйлашат. Эми ошол Жыргалбай баатырдан Шаабы, Шадыбек. Шадыбектен Омон, Качыке. Омондон Жандай, Жакшылык баатыр уулдар чыгат.

Жандай, менен Жакшылык жаш кезинен эле жетим калышат. Эс тартып чоңоюп калгандарында соодагерди ээрчип Текеске кетишет. Алар кытай жеринде боз үй жасап, Темир, Күркү сууларынын боюнда жашап, байларга сатып байышат. Арык, Белек уруктарынан туугандар чогулуп, чоң айыл болуп калышат. Кой бул жер бизге тар болуп калды дешип, Синцзяндагы Моюнтай, Көк-Терек деген жерге көчүп келишет. Көк-Терек башка жерге караганда ээн экен. Ошол жерди жердеп калышат. Кырк элүүгө жакын түтүн эл чогуу Көк-теректин берки өйүзүндө жашайт. Аркы өйүзүндө ханы бар, көп айыл казак эли жашайт экен. Казактар менен ынтымактуу куда-сөөк болуп, жашап турушат. Жандай менен Жакшылык жүзгө жакын жылкы, беш жүздөй кой күтүшөт.

Күндөрдүн биринде Жандайдын бир айгыр үйүр жылкысы жоголуп кетип, табылбай калат. Ошондон баштап сак болуп калышат. Бир күнү түштөн кийин Жандай жылкысына жайытка барса, жылкы кайтарган баласы Муса, жылкынын жанында уктап жаткан болот. Ачуусу келген Жандай баласына

— Ээ, акмак бала, жоо жакадан, бөрү этектен алып турса сен уктап жатасың,—деп ачууланат.

Эртеси Муса жылкынын жанында жок. Ой айланайындар Муса жок жылкыда деп, Жандай таппай калат. Анда саяк Абдырахман: жана эле Муса Көк-теректин суусун кечип, аркы өйүзгө өтүп кетти. Мен эмне баратасың аркы өйүзгө десем, байке менин мылтыгымдын «замиги» бузулуп атылбай калды.

Ошону аркы өйүздөгү казак тууугандарга алып барып, устаканага оңдотуп алам, – деп кетип калды дейт, Абдыракман аңыз. Анда мейли,—деп.

Жандай аксакал жылкысын өзү кайтарып жүрөт. Арадан эки-үч күн өтүп, баягы Мусадан дайын жок. Кой, балам эмне жок, эмне келбейт?—деп тынчсыздана баштайт. Ангыча казактардагы кудасы кат берип киши жиберет: «Ээ, Жандай баатыр, сен эмне кылып суу ичип, тамак жеп жүрөсүң? Сенин балаң Мусаны Хан-Дадай көзүн чыгара чаап туруп, эчак эле Көк-Терек суусунун тереӊ жерине белине таш байлап туруп, сууга салып жиберген»,—деп Абдыракман кудасы кат жиберет.

Жандай баатыр: Ээ кудай, ушундай да болобу, мен эмнеден жаздым. Хан-Дадайга барайын арызданайын,—деп эки-үч күндөн кийин Хан-Дадайдын айлына бет алат. Кезек күтүп Хан-Дадайга кирет. – Ээ, талтаңдаган качкын кыргыз, сен өзүң кимсиң. Эмне, мен сенин балаңды кайтарып жүрдүм беле? Көтүңдү кысып азыр кет, андай болбосо айлың менен жок кылам,—деп кууп жиберет. Айласы кеткен Жандай баатыр куда-сөөгүнө барбай, үйүн көздөй тартат. Айлына келип Дадай хандын сөзүн айтат. Мейли ханга айла барбы, кудай тааланын жазганын көрөбүз да,—деп тим болушат. Аңгыча болбой түн катып, Абдыракман кудасы жиберген чабарман келет. Ал жигит ушул жуманын ишемби күнү силердин айылды Дадай-хан чаап алат. Анткени, кечээки түнү, хан жашыруун жыйын өткөрдү. Ал жыйында мындай деген сөз болду:—«Ушул аркы өйүздө турган качкын бир аз кыргыздарды колго курал албай акырын барып, биз конокпуз деп барып чаап кетели. Кытай өкмөтү сураса, кайдагы кыргыз, бул жерде жалаң эле казактарбыз деп айтабыз, андан коркпогула»—деп, хан Дадай айткан экен. Ошонун баарысын айтып, Абдыракман кудасы кат жазган экен. Каттын аягында «ишемби күнү силерди чапканы Дадай хан өзүнүн урук-жуугу, ишеничтүү кишилери баш болуп, жүз киши барат. Камдангыла кудалар, болбосо кыргыз атыңар өчүп, күң болуп, кызай казак болуп каласыңар»,—деп каттын аягын бүтүрөт. Түн катып, элчини кетирип айыл тополоң түшөт.

Бектур карыя: кой балдарым камыналы, кыргыз жоголуп казак болот окшодук. Биз бул жерде аз тукумбуз, чапса-чаап алат, камынгыла,—дейт. Камыналы, деп 40-50 түтүн кыргыз ойлоно баштайт. Жакшылык: ой биз эр бүлөбүз, карагай жамынып, төш таяналы, катын бала айылда калышсын,—дейт. Баары бир оздон макул болушуп, казактар келер күнү курал жарагын алышып, төшкө чыгып кетишет. Үйдө калган катын

балдарга айтып үйрөтөт. Силер казактар келгенде эчтеке билмексен болуп, атын алып байлап, чай кайнатып киргиле. Өздөрүн үйгө киргизип, кийиз салып, төргө өткөрүп мал соёлу дегиле. Үйдөгүлөр мал жакка кетишти эле, азыр эле келишет, деп минип келген казактардын аттарынын аттанаар жак үзөңгүсүн кыйып, тизгинин кыйып таштагыла,—дешип үйрөтүшөт. Үзөңгү тизгин кыйылып бүткөндө, сен Айкан келин башыңа кызыл жоолук салынып жүр дагы эшикке чыгып, жоолугуңду ондоп салынымыш болуп, өйдө көтөрүп кайра салын. Ошондо баары дайын болгон экен деп, биз айылды көздөй каптап киребиз.

Ошондо көрөбүз,—дешип макулдашат.

Айткандай эле 1905-жылдын август айынын ишенби күнү, хан Дадай жүзгө жакын жигиттери менен баштаган эр азамат казактар, Көк-теректин суусун кечип, айылга каптап келип, түшүп калышат. Боз үйдүн жакшысы Жакшылыктыкы экен. Ошол үйгө Дадай хан бала-бакырасы, жигиттери менен түшөт. Кой, мен чай коёюн,—деп Айкан келин камданып, эшикке самоор коё баштайт. Эй катын, бу сенин күйөөң Жакшылык каякка кеткен, таап кел азыр дейт. Макул, бул эле жерге малга кетти эле, азыр келип калышат,—деп баягы айткан тапшырманы аткара беришет. Айкан бир маалда үйдөн обочо барып, жоолугун бийик көтөрүп ондойт. Жашынып карап отургандар мына белги берди,—дешип айылды көздөй кыйкырып, чуулдашып бет алышат.

Астыда Жандай баатыр барат барданкесине ок салып. Жандай кетип бараткандa Айкан келинине эскерткен, силердин үй жакшы, кузгун хан келип эле ушунда түшөт. Ошондо сен үзүк жабуунун жибин чечип кой, мен келип үзүктү алып ыргыткандай болоюн. Ошондо Дадай хан менен сүйлөшөм, дейт. Келини Айкан кайнагасы айткандай дайындап коёт. Жандай чапкан бойдон келип, Жакшылыктын боз үйүнүн ушул төрүндө отурасыңго Дадай хан, керегенин болжолу Үчүнчү козу болсо керек,—деп туруп бир атып калат. Ок төрдө отурган Дадай хандын агасынын төшүнө тийип, ал отурган жерине жыгылат. Калгандары эшикке чыга калышып, үзөңгүсү жок аттарына мине албай, кэзсинин аттары жок чаң тополоң түшөт. Дадай хан баш болгон казактар, кайра боз үйгө кире качышат. Ошол кезде Жандай үйгө жакын келип, боз үйдүн үзүгүн сыйра тартып, аткылап кирет. Караса хандын вазири Темирлан кылычын алып артынан аңдып чапмак болуп келе жатканын көрүп, Жандай аны да атып салат. Дадай хандын баласы Сыдык тике качырып чабам дегенде, аны төштөн ары бир коёт. Баласы

Сыдык жыгылганда Дадай хан «Ой-бай, аай! Жалгызым», —деп бакырып барып баса жыгылат. Анда Жандай баатыр кыйкырган экен: «Ээ акмак хан, жалгыз кандай экен! Элдин балдарынын баары ошондой жалгыз, билип жүр ит хан»—деп бакырып, керегенин саканагына коюп аткылап, башына такап коюп аткылай баштайт. Ангыча мылтыкты Дадайдын күйөө баласы Мендеке колунан жула баштайт. Коё бербей сыдырып жүрүп отуруп машага келгенде, кош колдоп туруӊ токтотүп калат. Жок, болбой эле жулуп кетмек болот. Ошондо эсине келе калып, машаны басып жиберсе Мендекенин он колу чабыла түшөт. Ок далыны талкалап өтүптүр. Анда Жандай баатыр ой Мендеке, колуӊ кайсы өзүӊ кайсы,—деп машаны дагы басып калат. Дадай хандын Күйөө баласы Мендеке, өзү абдан чоӊ бойлуу зор киши, ал да кулап түшөт. Эл чаӊ тополоӊ түшүп качышат. Жандай баатыр кайра мылтыгына ок салып кезенсе, Дадай хан, эми мени да ат-ат деп бакырып, төшүн тосот. Анда Жандай баатыр атса мына, деп төшкө кармай берет. Кандайдыр бир жанатан бери тарсылдап аткан барданке чык! деп от албай калат. Анык Жандайдын караарганын көрүп, хан үйдөгү тартылып турган көшөгөнүн артын көздөй жөрмөлөй качат. Көшөгөгө кирип баратканда, чаткаякка бир коёт. Ошентип Дадай хан да жан таслим болот. Ушул ишенби күнү жети киши каза болуп, калган элге эч ким тийишпейт. Калганы аман эсен айылын карай кайтышат. Кийин Жандай баатыр арман кылган экен. Анткени азыркы эле Оруссия мамлекетине чыккынчылык кылып, жүргөн Тойчубекти кошо жайлап сал, — деп Абдыракман кудасы айттырган, ошол эсиме түшө калып, качып бара жаткан элдерди карадым. Айтуусуна караганда Тойчубек узун бойлуу, көк ала мурут чалыш, кара кызыл ат минген киши, силерди кайраштырып жүргөн тыӊчы ошол, деп билдирген экен. Карасам так ошол тыӊчы аркы өйүздө элдердин арасында карала чепкен кийип чаап баратат. Мылтыгымды октоп бетиме алсам, улам бирөө жаап калып ирмей албадым. Атаганат дүнүйө ай, бөөдө жазыксыз кан төккөнүм алла-таалама, арбактарга туура келбейт, — деп сунган мылтыгымды кайра тартып алдым. Атаганат бир кем дүйнө ай, жаагым карышып кылчылдадым.

Ар-кайсыл жерде отурган бала-чака, кемпир-абышкалар «эми эмне кылабыз туугандар, элибизге кетели», — деп калышты. Жандай баатыр өзү кайрат кылды: кой, биз Ысык-Көлдү, элди көздөй бүгүндөн калбай жөнөйлү, анткени кандай болоорун ким билет. Согуш чыгып кетээри да ыктымал, андан көрө

камыналы турбайлы туугандар, — деп, Жандай ордүнан туруп үйүн көздөй басты. Жакшылык экөө жылкыны айдап келишип, аттарын кармап токуй баштайт. Койчусуна айтып коюн айдатып келип, бир-эки ирикти мууздап, түктүү сан кылып кескилеп, атка нан-сүзмөсүн артып калышат. Ангыча Бектур карыя келип мындай дейт: «Ээ баатырлар, биз көлгө барала турган эмеспиз. Себеп дегенде, ушул элдин баары кечээ колдон качып келсек, эми кайсы бетибиз менен элге барабыз. Бизди оболу чек арадан эле кармап беришет. Андан көрө биз ушул жерде жатып өлөлү, же бир айла табаарбыз. Андан көрө Жандаке бизди жаман көрбөй жолго чык. Тигилер келип калууга тийиш»,—деп акыл айтат. Жандай менен Жакшылыктар карыянын акылы туура дешип, элдин баарын кыйкырып чакырып алып, мына силерге тигилүү эки чоң боз үй калды, жүз элүүдөй жылкы, беш жүздөн ашык кой эчки, кырк-элүүгө жакын уй калды. Малды баарыңар ынтымак менен бөлүшүп алгыла. Кудай буйруп кайра келип калсак, кайрылышаарсыңар Бектур аке, дешип Жандай, Жакшылык катын-баласы менен салт атчан ошол эле күнү жолго түшүшөт. Арттан куугун түшөт деп, колду көздөй күндөп-түндөп жол жүрүшөт. «Нарынкол» чек арасына келип колго түшүп беришет. Кытайдын чек арачылары кармап алышып, суракка алышат. Жандай Жакшылык биз качкын эмеспиз. Биз бала кезибизде соодагер кишилерге жумушчу болуп келип, кайра кете албай калганбыз. Эми чоңойдук элибизге кетели деп келдик, — дешет. Андай болсо деп, Оруссиянын чек арасынын начальнигине кабар беришет. Силердин киши болсо документ алып келип, алып кеткиле дешип макулдашат. Ошол убакыттын ичинде артынан кытайлардын солдаттары кууп келишип, бул качкындар бирин-бири атып, жети казакты атышкан дешет. Россиянын чек арачылары бул кишилерге тийбейсиңер биз быяктан текшергиче, — деп кайтарып калышып, бир ай чамасында Жандай менен Жакшылыкты үй-бүлөсү менен жакшылап багып турушат.

Бир күнү эртең менен кытай аскерлеринин конторасына чакырып, кытай начальниги жана орус чек арасынын начальниги экөө сүйлөшүп отурушкан экен. Тил билбегенден кийин түшүнбөйт. Кыргызча айткан котормочу жигит: сиз Омонов Жандай, Омонов Жакшылык оруссияга караштуу көлдүк кыргыз экенсиздер. Биз архивтен издеп таптык. Эми ошол документтин негизинде силер Россиянын гражданини деп, азыр бошоносуңар, — дейт Родионов деген чоң начальник киши. Ал жерден Жандайларды ат-тону менен аман-эсен толук Оруссияга

өткөзүп беришет. Чек арадан өтүп бара жатканда, кернейсурнай жана дүңкүлдөктөрүн дүңкүлдөтүп, кытайдын чек арасынан Оруссиянын чек арачылары өткөзүп алышат. Бул мамлекеттин гумандуулугуна, ак падышанын кайрымдуулугуна, кайдагы бир тоо жамынып жүргөн кыргызымды эл деп билип, атууга кетип такыр жок боло турган тукумду сактап калган орусума миң мертебе ыракмат, ыраазыбыз,—дешип, бала-бакырасы менен сүйүнүчтөн чурулдап ыйлашат.

Чек арадан өткөндөн кийин, болуш Кыдыр акеге туш болушушат. Кыдыр аке, эми силерге бере турган мал жок, энчилеп бергенге жер жок туугандарым. Өзүңөр оокат кылып, мал баккыла дейт. Ондондун жердеген жери «Түргөн» мына ошол жерге баргыла дейт. Болуштун сөзүн макул таап Жандай менен Жакшылык Түргөн айлына, туугандарына катын-балдары менен өздөрүнүн кара жаны, бирден минген аты менен келишет. Ошол учур 1908-жылдар эле.

Күндөр өтүп, айлар сызып, азыркы Түргөндүн ичиндеги «Жандай» төрдө жашап турушат. Ой, булар кытайдан казактарды кырып качып келишиптир, деп айыл ичин дүң кылышып, айласын кетиришет. Кой, эми эмне кылыш керек деп, Жакшылык болушка Кыдыр акеге барат. Кыдыр аке: тууган деген ошондой, бар болсо көрө албайт, жок болсо асырай албайт. Ага таарынып деле керек эмес. Андан көрө өзүңөргө жер таап, сырт жакалап оокат кылгыла»,—дейт. Оо, касиетиңден айланайын Кыдыр аке, кийин дал эле ошондой болду. Биз Түргөндөн көчүп, сыртты көздөй жөнөдүк. Ал жерден боз үй жасап, мал-жандуу болуп калганбыз. Сырт жерине көчүп барып, жайкысын Кайындыны жайлап, кышкысын Энильчекте кыштап жүрдүк. Себеп дегенде, Энильчекке кышында кар түшпөйт, кар түшсө да жер кургак келип, бат эле эрип кетет. (Кийин эле дүңгүрөгөн Советтер союзунун убагында колхоз, совхоздордун миңдеген кой жылкыларын кыштатып жүрүштү).

Усталык кылып байлардын кыздарына «Шөкүлө, шуру, билерик, шакек» күмүш, алтындан чаап, элдин баарына жагып калды. Жандай болсо күрөш оодарышка түшүп, арык-белектин балбандарын жеңип, эл оозуна кирип калсак, дагы кокуй башталды.

Бул сырт жамаатында бапа-желдең көп экен. Кыштын бир күнү эртең менен эрте алардын байы Жалбы, жети уулу менен жана сарт-калмак деген кара сур, узун бойлуу жүз башы жигити менен түз эле Кара – Шилбини кыштап жаткан Жакшылыктарга келип, Ээй Жакшылык, чык бери!—деп күрүлдөйт. Жак-

шылык эшикке чыга калса, Жалбы байдын жаагынан түгү чыгып, бул Энильчек кимдин жери билесиңби же билбей эле жүрөсүңбү? Мен сени жакшы эле сыйладым төрт-беш жылдан бери. Сенин жасаган темир-тезегиңдин күнү бүттү. Азыр көч, кайда барсаң анда бар. Сенин кытайың жок бул жерде,—деп жигиттери менен күтүрөп турушуптур. Тамагымдан башыма чейин дүрүлдөп, эс учумдан тана, анда мен эмне кылам,—деп калдастай түшкөн маалда, Жакшылыктын аялы чыга калып, ал кишиге жүүгүнүп, аке көч десеңер көчөлү. Бул сырт жеринде зоонун башында деле бир-эки түтүн жан багып тургудай жер бар, касиетинден айланайын аке, андан көрө үйгө түшүп чай ичкиле,—деп атын чылбырлайт. Оохо, балам жарайт. Анда түшөлү жигиттер,—деп Жалбы бай аттан түшүп, үйгө киришет. Кана Айкан келин силерди чайды кыйын берет деп жүрүшөт, ичпесек болбос. Энилчекте элде ал учурда самоор деген болгон эмес. Жакшылыктын үйүндө жез сары самоору бар эле. Айкан дасторконго кошкон май, боорсок коюп, самоордон ысык чай берип, куйкаланган ириктин этин салып, колунан келишинче сыйлап коноктошот. Жалбы байдын ачуусу тарап, эми быйыл кыштап чыккыла мырзалар,—деп жолуна түшөт. Жандай менен Жакшылык ушул күндөн баштап чийки май жегендей болуп калышат. Атаганат, бул жер бизге жер болбой калды. Эми кайда барабыз. Эптеп жазга жетели, анан көрө жатарбыз.

Жаз келээри менен Кайындынын кара зоосун ашып, үччатка түшүп, Арчанын ашуусун ашып, Чычарга жакын келишип, атка жай жер экен, дешип төрт атчан киши аттан түшүп, конуп калышат. Эртеси кайра аттанып, Чычардын ашуусун ашышып, Куу-Найзандан өтүшүп, Кызыл-аңга кирип конуп калышат. Кызыл-аңдын узундугу болжол менен он чакырым. Эки жагы бийик жалама жар келип, туурасы 7-8 метр келген өрдөшүндө чөп чыкпай эле, ар кандай жыгач өсүмдүктөрү: ит мурун, бөрү карагат, шилби, ыргай, чычырканак, чырмоок жана майда талдар өсчү экен. Эртең менен ачка калды деген аттар кадимкидей оңолуп калышыптыр. Анткени ушул өсүмдүктөрдөн түшкөн жалбырактары, бүрлөрү эчен жылдар бою жыйылып калыптыр. Аттанып, кудайлап жүрүп отуруп Боз-кырды ашып, бир чөптүү калың ак-теректен үч-төрт улар атып алышып, жатып калышат. Көй-Каптын суусун жыйырма алты жолу өйдө ордой кечип, эптеп кой жол өңдүү чыйыр жол таап жүрүп отурушат. Ошол жерде бир жумадай жердин баарын изилдеп көрүп, эс алып калышат. Эчки-теке, улар, кекиликтер адамдан коркпой жакын эле жерде жүрөт. Туш тарабы

зоо. Зоонун этегинде аз-аздан түзөң оттоок жерлери бар экен. Кайра Энилчекке келип агайын-туугандарга тай союп, көчмөндүк берип, биз жаңы жер таптык, ал жердин аты Көй-кап,—деп Омон, Качыкенин тукуму Кыдыр аке болуштан улуксаат алып, элден бата алып мал башы менен жаз аяктай шашылыш көчүп жөнөйт. Шашканынын себеби суу кирип кетсе, өтө албай калабыз дешет. Кой-Каптын суусу анчейин чоң эмес, бирок кууш келип катуу шар агат. Орой акканы менен коркутат.

Ондон ашык түтүн көчүп отуруп, Көй-капка он эки күн дегенде баягы ак-теректерге жетип жатып калышат. Ар кимиси ар кандай жерлерди тандап бөлүштүрө баштайт. Жакшылык болсо Сары-төр деген жерди тандап. Кой-каптын суусунун өйүз-бүйүзү түзүрөөк жер экен дыйканчылык кылууга деп туруп калат.

Эртең менен күн тие электе тоо-тоонун башындагы ышкырган улардын үнү, сайраган кекиликтин үнү, асманда сызып жүргөн бүркүт. Кокту-коктудагы аркандай өскөн карагай кайың, тал теректер тим эле көздүн жоосун алып жомоктогу бейиштей көрүнөт. Кой-каптын чет жактары аска зоолор менен камалган, өзү оозун бууган каптай болгон жер, эч жолу жок. Жер ыктоо жылуу келип кыштын кыраан чилдесинде бешмантчан жүрүүгө болот. Кой- кап кичине жер дегенибиз менен бул жердин төрүнөн көп жер жок. Кире беришт Карагайты, Теректи, Булаң-төр, Сары-төр, Көкөбай-төр, аяк жагы Майбаш, Ордобай-төр, кийин Ордобай төр аркылуу Акчык деп кытайга жалгыз аяк жол ачылган. Мына ушул тоо-таштын арасында күн өткөрүп жашап калышат. Жайкысын Акчык, Майбашты жайлап, кышкысын Карагайтыларды кыштап, мал болсо буудай сепкендей дүркүрөп өсөт. Эми үрөн таап жер айдап, дыйканчылык кылыш керек болду. Ан үчүн чыгыш жагы кытай менен, батыш жагы Ысык-Көл менен катташуу керек, ага жол керек болду. Кытайга ушул Көйкап аркылуу барыш үчүн жол чалып жүрсө, мурда эле контрабандисттер апийим алып кытайга өтүп жүрүшчү экен, Майбаш аркылуу. Майбаш дегенибиз, Ордобай төрдү басып өтүп, Акчыктын ашуусун жөө ашып Темир суу, Күркү суунун боюна түшөт. Ал жерге жайлоого келген калмактардын малын айдай качып, кыргыздар ат кезчилик кылчу экен. Ошондой жылдардын биринде үч-төрт киши калмактардын жүздөй жылкысын тие качып, ушул жол аркылуу өтүшөт. Ошону ашып боз адырга түшүп, эми кытай жеринен өтүп өз жерибизге келдик деп, бир тай союп эттен салып, оттун тегерегинде чокой-чарыгын кургатып отурушат. Из кууп

артынан келген калмактарды көрүшпөйт. Оттун жарыгы менен калмактар тигилерди толук көрүшөт. Коломтону ичкелештирип оңдоп от жагып отурган кишини төш тушка атып жиберет. Ал киши отко башы менен жыгылат. Мылтык тарс эткенде, калганы качып кетет. Кийин баштын майы сызгырылып чыгып жатканын өткөн элдер көрүп. Өлгөн кишинин аты-жөнүн билишпей, ушул жерди «Майбаш» деп айтып калган экен. Майбаш менен Көй-каптагы кыргыздын чек арасы бүтүп, эки ашуу ашкандан кийин кытайдын жери башталат. Жандайлар да бекер олтурбай Майбаштын ашуусун оңдоп, Ордобайдын ашуусун чаап кытайга өткөнгө жол камдап, ал тургай барып келип калышат. Көкүбай-төрдүн суусу урунду болуп катуу агат экен, ушул суугa Жакшылык мен тегирмен салайын деп ой жүгүртүп, Көк түздү бузуп жер айдап эгин айдайын деп аракет жасап, Ысык-Көлдү көздөй жөнөйт, бу орустар көк соко деп коёт экен, жаңы чыгыптыр—деп. Малды орустарга сокого айырбаштап, чечип капка салып, атка жүктөп келип арпа айдайт. Айдалган жердин атын аякы аңыз, башкы аңыз деп атап топ кишилер иштеп калат. Арпа орточо чыгып, орок менен оруп, ат менен бастырып тегирмен бүтпөй калып жаргылчак менен тартып көйкапта жашаган эл талканга кеңири болуп калат. Жакшылык баягы мурункусундай кытай жерине өтүп узана баштады. Ал Кызыл-күрөө, Текеске чейин барып байларга кызмат кылып көп кызмат кылып жүрдү. Тапкан маяна да көп болду. Жакшылыктын айылы өсүп жыйырмадан ашык түтүн болду. Жылкы өсүп эки жүздөн ашты, кой да көбөйүп эки короо болду. Жандайды бүт сырт өрөөнүндөгүлөр сыйлап, биздин баатыр деп, атак даңкка бөлөшүп, сый-сыпат көрсөтө баштаышты. Жакшылыктын балдары чоңоюп келин алып кулач жая баштады.

Аңгычакты совет өкмөтү чыгып 1917-жыл болуп, ак падыша тактан кулап элдер дүрбөлөңгө түшүп, көңтөрүш болду да калды. Качкан бозгондор, контрабандисттер күч алды. Жандай менен Жакшылык тынч жатып калган. Аякы аңызга арпа айдап, башкы аңызга аппийим айдап, койдун жүнүн кыркып, кытай жергесине барып соода сатык жасашты. 1920 жылы жайдын күнү эгин сугарып башкы аңыздан келатып, өзүнүн кичи энесин учкаштырып улуу баласы Жакыпбай, Көй-каптын суусуна агып, экөө тең каза болуп калат. Чоң кырсыкка кабылдык деп, Жакшылык кытайдан уста сарттарды алып келип, серкелерден союп, эчкинин жүнүн ылайга кошуп кирпич куюп, эчкинин майынан кошуп шыбап күмбөз салдырат. Ошол күмбөз азыр

да Көкүбай-төрдүн кашатында күнү бүгүнкүдөй болуп турат. Бир гана жери жер өсүп кетип, керегеси жапыс болуп калган. Жандай менен Жакшылыкка жигит күтүп сактанууга туура келип калды. Себеби контрабандисттердин жолу болуп, алар топ-топ болуп, колдоруна курал алып өтүшчү болду. Аттары жүрбөй калса ат-тон сурап, бербесең күчкө салат. Ошондон коркуп сактанууга туура келди. Айыл барган сайын көбөйүп, кырк-отуз түтүнгө жетти. Сарыкелердин Монош уругунан он чакты түтүн көчүп келип кытайга өтүшүп, кайра бир тууганбыз деп, Көй-капка келип жашап калышты. Алардан кийин Кыдыраалы, Абыш, Бейбитаалылар кийин көчүп келишти. Кытайга көчүп барып жан багалбай Сарыке уругунун Торгойдун балдары Шамбет, Ыйманбет, Кутан болушуп кайра келишти. Буларды Жакшылык өзүбүздүн бир тууганыбыз ондон-сарыке бир тууган деп, Көйкапка киргизип коюшту. Барган элдин кээси дыйканчылык кылышат, кээси мал багат.

Кай бири жигитчилик кылышып, Жандай Жакшылык менен бирге жашап турушту. Көлгө барып келели дешип Шамбет, Ыйманбет, Кутан Ысык-Көлгө кетишет. Көлдөн кайра келатып, Жайдын күн экен Көй-каптын суусу кирип турса да, Шамбет кечип өтөм деп, агып кетет. Шамбеттин өлгөнүн Ыйманбет Жакшылыкка айтып суу бойлоп жүрүшүп өлүгүн алыс жерден табышат. Жакшылык Шамбеттин сөөгүн кара буурасына жүктөтүп үйүнө алып келип мал союп кызматын кылып көөмп коёт. Ыйманбет, Кутан көлдө жакшы заман колхоз-совхоз уюшулуп жатыптыр, биз ошол жакка кетебиз. Агабыз Шамбет сиз менен кызыбыз Курманжанга куда түшкөн экен, сөөгүңүздү алып калыңыз, биз колго кетебиз дейт. Анда Жакшылык макул деп, Шамбеттин кызы Курманжанды баласы Аалыга алып берет. Калыңына кыздын Ыйманбетке бир кула жорго, үч бээ, эчки кой кылып, отуз алты туяк берип узатып коёт. Ушул аралыкта Торгоев Ыйманбет Кайындынын погран заставасына кирип, заставтын коюн багат. Кутан Торгоев болсо комсомольский отрядка кирип иштей баштайт.

«Жандай Жакшылык эң чоң бай, алтын күмүшү толтура, совет өкмөтүнө каршы басмачы Кара мурун менен байланышта жашайт»,—деп ары бери өткөн качкындар, совет өкмөтүн куруп жаткан чоңдорго айта беришет. Бул көлдөн кытайга апийим алып бараткан контрабандисттер көйкап аркылуу кытайга өтүшүп, Жандай Жакшылыктыкына конушуп ээ кокуй Жакшылык, Көлдүн бетин кудай көрсөтпөсүн, орустар көчүп келип кыргыздын малын алып, ортого катын бала-чакасы менен са-

лып жатат. Артыкча бай деген кыргыздын малын тартып алып, өздөрүн атып атышат. Кудай бетин көрсөтпө дешип, төбө чачты тик тургузуп айтып келишет. Эми эмне кылуу керек. Баягы ондон, сарыке туугандары акырындан көлдү көздөй жөнөп жатышты. Кайра келген туугандар жок. Баягы 1916 жылкы үркүнгө окшоп, кыргыздар кытайды көздөй өтүп жатышты. Анын ичинде өзүнүн туугандары ондондон да бар. Кийин киши жиберип Жандай, Жакшылык өзүңөр эле көчүп келгиле сыйыңар менен, болбосо кандай болоорунарды ушул барган кишиден угасыңар деп, кара-такыя Шаршенби келет. Шаршенби өзү куйтку, чагымчыл орусча тилди так билет экен. Далайды айтып Жакшылыктын башын оорутуп, барбасаңар курал-жарагыңарды жакшылап камдап, жолго аскер коюп сак болгула деп, согумга эки бээ алып, кайра кетет. Жандай жакшылык чын эле орустар жибергенин, же өзү эле келгенин ырастап биле албай калышат. Арадан бир ай өткөн чамасында эч кабар жок көл жактан, Кой, кайыңдыга чейин барып келгиле деп, коңурат Коён дегенди, өзүнүн баласы Жуманы, сарыке Бейбиталыны кошуп көлгө жиберет. Алар Карагайтынын ашуусунун түбүнө келип конуп калышат. Эртеси эрте туруп ашууну ашып белге чыгышса, ашуунун аркы бетинде кашаттын башы менен бир топ атчандар келатышат. Булар кимдер экен дешип, аттарын зоонун түбүнө байлай коюшуп карашат. Караса жыйырмадай чолок ат минген жанында мылтык, белинде кылыч байланган орус аскерлери. Алдында узун кашка ат минген башында кара тебстейи бар, сары тончон баягы элчиликке келген Шаршенби деген киши, деле эчтеме менен иши жок келатат. Коён Шаршенбинин кылыгына чыдабай, мылтыгын ташка арта салып, өзүн атпай кантээр экен деп, ?эрден ылдый чөгөрүп кашка атты омуроого бир койсо ат жалп. дей кулап түштү. Солдаттын баары бытырай аттан түшө качышты. Аңгыча баары тегиз, ок чыккан асканы аткылап калышты. Тоо дүңгүрөп кулак мээ тунуп калды. Үчөө былк эткен жок. Бир чай кайнамдай аткылап токтоп калган убакта, солдаттар боорлору менен жылышып, аттарына жетишип жөө жетелеп кетип жатышты. Караса үчөө тебетейчен кыргыз, экөө тааныш өңдүү. Аларга көрүнбөгөн жагы менен, зоо аралап Жума жөнөдү. Экөө от жагып чай ичип отурганда, Жума кечке жуук келди. Чынын айтсам байкуштарды терип салат элем. Тийгеним жок. Орус аскерлер он жети киши экен, Бирөө чоңу окшойт асынган мылтыгы жок, белинде тапанчасы бар. Үчөөнүн бирөө баягы келген киши Шаршенби, экинчиси Кутан кудабыз, Үчүнчүсүн

тааный албай койдум, алар токтобой кетишти. Экөө ашуунун белин тосуп калып, Коён аксакалды айылга жиберишти. Жакшылык бул кабарды угуп эң жаман кейиди. Атаңдын көрү эми эмне кылабыз, өз элине ок атат деген эмне. Ээ кокуй, кандай болбосун бир кыйын тил билген киши таап сүйлөшүү керек. Андан башка айла жок.

Кыштын ортосу болуп калды эле, эртең менен мылтыктын тарсылдагынын астында калышты, боз үйлөрдү ок тешип калбыр кылды. Эки келинге ок тийди. Бирөөсүнүн бутуна, бирөөсүнүн далысына тийип акырегинен чыгып кетиптир. Өлбөй аман калышты. Баары тоого чыга качып кутулуп кетишти. Бир аз ок чыгарып атышышты. Тилмеч келип тынчтык сурап, Жандай менен Жакшылыкты чакырып алып, орус командири: — силер көчүп көлгө баргыла эч ким тийбейт силерге, ортоктошосуңар баргыла деп, мал сойдуруп конок болушту. Барабыз—деп, бир кагазга бармак бастырып, эртеси кетишти. Аларды Кара-арчага чейин узатып, жазында баралы дешти.

Анда-санда келген кишилерден кабар угуп, кээде айнып да калышат. Анткени малдан түк эчтеме койбой алат, өзүңдү эшектей айдайт, эч жакка барууга акың жок дейт, аны укканда жандан түңүлөсүң. Эч кимге ишенбей калып, боз кырга, карагайтынын ашуусүна жер казып үй жасап, күзөт коё баштайт кезек менен. Жаз келди, колхоздошкондон качып Кой-кап менен өз туугандары ондондор, Арык-Белектин тукумдары чубап өтүп жатышты. Көчмөк тургай кайра бекиништи. Эчен жолу солдаттар келип Кой-капка жол тосуп турган колдорунан өтө албай кайра кетип жатышты. Жайдын күнү көйкаптын ичи тынч, суу кирип киши кече албайт. Бир гана жердин сырын билген адам кыйын ат менен кечпесе. Кийинки жылдарда жигиттер күзөттөн да жадап калышты, же аскерлер келбейт экен дешип. Жакшылык койлорун ашуунун аржак-бержак бетине күздөтуп кыштатып ошол койчуларга күзөтүүнү табыштай баштады. Күздүн күн эле, Карагайтынын ар жак бетинде бир короо коюн багып Жума деген баласы ашууну кошо күзөтүп жүрсө, он солдат эки кыргыз ашууга чыгып келатышыптыр. Аны Жума көрө коюп ашуунун кырынан Ээй токтогула, кайда барасыңар деп кыйкырса, баары аттан түшө калып аткылап киришет. Анда Жума да аткылап калат. Бир убакта караса, жогору жагы менен да, ылдый жагы менен да бириндеп өйдө чыгып келе жатышат. Ошондо Жума чындап тууpадан чыгып бараткан солдатты омуроого бир атат, ал тоголонуп кетет. Жума жер которуп, секирип жүрүп аткылайт. Ошондо солдат-

тардын баары кол көтөрүп, кыйкырып ойго түшүп чогулуп туруп беришет. Анда өзү жалгыз болгондуктан барбай сүйлөшпөй коёт. Зоодо жашынып отура берет. Солдаттар көпкө чейин турушуп, бир чоң орус жолго чыгып колун жаңсап бирдемелерди кыйкырып, кете баштайт. Калгандары аттарын жетелеп баягы кишинин артынан жөнөйт. Турнабай менен караса, артын карабай кетип баратышат, жарадар же өлгөн солдат көрүнбөйт. Солдаттар туш-тушунан каптап киргенде, чындап эле бир эки солдаттын өзүн, кай биринин атын атты эле, эмнегедир билинбейт. Кой ошолорду билейин деп, ачык эле таштан-ташка секирип ашуудан түшүп караса, ар кайсыл жерде үч ат өлүп жатат, ээр токуму менен. Аларды көрүп жогору басса, роо! деп кыйкырган үн бар. Маңдайында эки орус аскери турат, таштын түбүндө экөө тең. Ак чолок тончон, баштарында көк тумак. Бирөө эки колун көтөрүп, бирөө бир колун көкүрөгүнө коюп, төшү кызыл ала кан. Ой силерге ок тийдиби, эмне калдыңар десе, көздөрү тим эле көк таштай болуп чакырайып турат. Буларга эмне болду деп, эки жагын караса, Жума мылтыгын октолуу бойдон суна кармап алыптыр. Биле коюп мылтыктын учунан кармап, мен силерди эми атпаймын коркпогула деп, жерди караса мылтыктарын илгичи менен жерге таштап коюшуптур. Эми силер кайда барасыңар, сен жарадар болуптурсуң деп, колунан кан чыгып турган солдатка айтса, көзүн чакырайтып эч нерсе дебейт. Таза турганы, эки ийнин куушуруп ал да турат. Эмне кылуу керек, бири-биринин сөзүн түшүнбөйт. Анда Жума чечкиндүүлүк кылып октордун баарын капчыгына салып, эки мылтыкты таза солдатка көтөртүп, жаралуу солдатты экөөлөп жөлөп таяп үйдү көздөй алып жөнөйт, зоонун башында бөөдө өлүм болбойбу деп. Үйгө алып келип боз шинелин чечип караса, он колунун күң жилигин талкалап кетиптир. Өзү сержант экен. Канын жууп кайдагы дары, кан чыгып турат. Курмушуну күйгүзүп бирөө кармап, бирөө жаратына басса аска-зоону жаңырта бакырды. Ал күнү үйгө жаткызып, эт салып жарма жасап коноктосо тазасы кыйын ичти, ок жегени таң атканча онтоп чыкты. Эмнени сүйлөшкөнү бирибирин түшүнбөйт. Жандашып билишип калды. Эртеси малды чыгарып атты токуп, жарадар солдатты учкаштырып, тазасын жөө айдап айылды көздөй жөнөсө, бирдемени айтып экөө тең боздоп ыйлайт. Жума өзүнүн мылтыгын асынып, тиги экөөнүн мылтыгын алдына өңөрүп алса, алар ойлогон экен. Азыр бизди зоого алып барып атып таштайт экен деп. Аны Жума кийин билип отурат. Айылга аларды алып барса атасы Жакшылык

мактап жакшы көрөт экен десе, кайра Жуманы урушуп. Эрдигин бар эсин жок уулум, эчтеке менен ишин жок уулум деп, жаман капа болду. Эмне болду десе. Ээ кокуй, бир солдаты таптаза, бирөөнүн колуна ок тийиптир, а сен мылтыгыңды асынып алып жалгыз ортодо келатсаң, экөөлөп сени түндө эле айдап кетмек—дейт. Булар эмес аюусу менден коркот. Булар эмне, мындай солдаттын жүзү келсин, мени кармаш кайда, мен зоодон илбирстей секирем да, кана күч салышып көрөлү десе, кары-жашы дебей каткырып күлүп калышты.

Коңурат Асанбай деген жигит контрабандисттик кылып жүрүп Жакшылыкка жигит болуп калган. Ошол орусча тил билүүчү. Ошону алып келип колго түшкөн солдаттар менен жаратын дарылап, жакшылап бага башташат. Кийинки жылы кыргызча сүйлөтүп, тап-таза айыктырып, мылтыгы менен Кайыңдыга алып келип заставага өткөрүп берет. Кийинки жылы жазында Жакшылыкка элчи келип, Кыдыр аке болуштун катын берет. Эки солдат, Арык тукумунун билермандары келип, «Жандай, Жакшылык силер бекер эле совет өкмөтүнөн коркуп жүрөсүңөр, ал өкмөт эл багат экен. Кээ бир шумшуктөр калп айтып, өкмөттүн баркын кетирип жатышат, байларды өкмөт өлтүрөт, кара-таман кедейдин заманы деп, ушак таратып жүргөн так ошол кедейлердин өзү. Кыдыр аке кадимкидей эле бизди башкарып болуш бойдон турат деп, түшүндүрүшөт. Жакшылык кат билген жигитин чакырып Кыдыр аке болушка кат жиберет. «Катыңызды алып, элдин аман соосуна кубанып биз дагы элге баралы, сиз эч качан жаманчылыкка алып барбайсыз, биз ага ишенебиз, сизге чоң ыракмат. Туз даам буюрса күздө көчүп көлгө баралы, мал жан жетишет деп, Омон баласы Жандай, Жакшылык бармагын басышат. Элчилердин келгенине тай-туяк, бээ союп узатышат. 1930 жылы эл айткандай эле Кыдыр акенин каты менен эч кимге жеңилбеген Жандай, Жакшылык басмачылар өздөрү эле күзүндө аскерлери менен көчүп келе жатыптыр деп, эл ичи таң калат. Кыдыр аке, аскер начальниги Фёдор Радионов болуп жигиттери менен астынан тосуп алышат. Жакшылык, Жандайдын жылкысы элдикине окшобогон сарала болгон, кою көп болгон. Он эки төө баласын, уйду мал катары көрчү эмес экен. Көйкаптагы карагайтыда калыптыр. Аларды эч ким карабай өздөрү туул, өздөрү чоңоюп жүрчү экен. Начальник Радионов астынан чыгып Жакшылык, Жандай курал жаракты толук өткөргүлө. Силерге мылтык алып жүрүүгө өкмөт уруксаат бербейт дейт. Ага макул болушуп бүт курал жарагын өткөрүп беришет.

Кыдыр аке Жандай, Жакшылыкка абдан ыраазычылыгын билдирип, өкмөт менен достоштурат. Кышында Жандайлар Кайындыда кыштап, жайкысын Түргөндүн ичине жайлап, эл арасында жашап жүрүшөт... (Уландысы бар).

## АВТОРДУН ЖЕКЕ КӨЗ КАРАШТАГЫ КАЗАЛЫ

Жолборс жылы келгени,
Кыргызды каап киргенби.
Кырсыктан башканы элибиз,
Укпай-көрбөй калганбы.
Шаардын жашоосу өзүнчө,
Айылдардыкы өзүнчө,
Жашоо үчүн күрөшүп
Ар кимдин турмушу өзүндө.
Ким төрөлүп өлгөнү,
Өкмөт үчүн эмине.
Бейиштей болгон жеринде
Согуш болбой кыйналган,
Кыргыздарды көрөмүн.
Эмгегин баалап барктаган
Башчысын көрбөйм элимдин
Ак-сакалы чубалган,
Карыларды көрбөймүн.
Караңгы деп айткандай,
Жер көчүп, сел алган,
Ойдуңга салган үйү бар.
Аш-тойлору көбөйүп,
Аларга сойгон малы бар.
Кудай дебей наша чеккен,
Бакайдай болгон балдары бар.
Кыз-баланды өткөзөм,
Окууга алып келгин деп.
Акчасын алып, талашкан,
Мугалимдери дагы бар.
Нанын таап — жесин бүлөм деп.
Кендир ушалап сатышкан,
Абышка-кемпирлери дагы бар.
Курсактын камын таптык деп,
Оокат-жайын бүт саткан,
Байкуштары дагы бар.
Нан жасап улпактан,
Жеп калгандары дагы бар.

Колготки, көйнөк кийем деп,
Денесин саткан кыздары бар.
Ууру кылып жан сактаган,
Пенделери дагы бар.
Какаганын-муштаган,
Түрмөгө камап коркуткан,
Милициялары дагы бар.
Тырмагынын кирин саттырып,
Кун доолап пара алган,
Прокурор-соттору дагы бар.
Үйгө конок келип калды деп,
Кайсы көйнөктү кийем деп,
Кошунасынын үйүнө жашынган,
Кыз-келиндери дагы бар.
Кайсыл тамакты берем деп,
Кейиген жубайлары дагы бар.
Экинчи класстын эжейи,
Эртең туулган күнүм деп,
Килем сатып бергин деп,
Окуучуларына айтканы,
Ар бир мектепте дагы бар.
Тизеге жете кар түшсө,
Окуучулардын жарымы,
Мектепке барбай калганбы.
Качан акча таап келесиң,
Карыздын баарын бересиң
Деп урушкан бүлөнүн
Ыр-чырына күбөмүн.
Бул кордукка чыдабай,
Ары-бери урунуп,
Асынып өлгөнүн көргөнсүң.
Андай өлгөн жаштарын,
Көрүстөнгө койбоймун,
Мусулмандын иши эмес,
Асынып өлгөн киши эмес.
Бөтөн жерге койгун деп,
Кейиген молдолорун көрөмүн.
Асмандагы жылдызга,
Асылган менен кол кыска.
Жаңы кылым эртең келет деп,
Эстеген кайсыл кыргыз бар.
Турмушка чыкпай калам деп,
Эңсеген кайсыл кызы бар.
Ойду омкоруп-тоону томкорчу,
Базардан көрөм баатырды,

Майда-барат сатканы.
Айылдагы жаштары,
Арак издеп калганбы
Тал чыбыктай кыздары,
Турмушка кетет уурдалып.
Оорунун түрү көбөйүп,
Элибиздин өмүрү кыскарып,
Элүүгө чыкпай жашырып,
Койгондору дагы бар.
Кайсы бирин айтайын,
Жаш кезектен баштайын.
Тал чыбыктан ат минип,
Таң-агарып батканын ким билип,
Чаң ызгытып жол тороп,
Чал-кемпирге бир тийип.
Эртеңки күндү ойлобой,
Жаш кезек өттү билинбей.
Эми биздин балдарыбыз,
Жашыбыз менен тушташып.
Тал-чыбыктан ат минип,
Ойногонун көрбөймүн.
Күнүнкү нанын күнү жеп,
Эртеңки күнү эмне жейбиз деп,
Энесинин көзүн караганын,
Азыр дагы көрөмүн.
Кыргызым жашап өттү го,
Курмушу алачык, боз үйгө,
Кулпусу жок жер үйгө.
Капастагы жашоосун,
Көрүп дагы турамын.
Темирден эшик каалгасы,
Кимсиң деп бала-бакырасы,
Киргизбей жатканына,
Күбө болуп барамын.
Кыргызым байкуш билди го,
Өзөгү бош экенин сезди го.
Өзүн өзү бакпаса,
Өлүп каларын билди го.
Акыр заман келет деп,
Айтып калган эле чоң ата-энем.
Туман болуп калат деп,
Токсонунчу жылдына аягы.
Акыр заман келгенби,
Же аны биз кайдан билели.
Каран-түн жерге түшкөнсүп,

Же асманыбыз ачылбайт.
Алты саатта күн бир чыгат,
Жер ысыгына адам чыдабайт.
Түнкүсүн учпай жарганат,
Аластап башым айланат.
Жыты бир сонун арчанын,
Аластап өзүмдү-өзүм алдаймын.
Кандай сонун жаз айы,
Алма-өрүк гүлдөп май айы.
Түн ортосу бейпил түн,
Кырсыкты кайдан ким билсин.
Таң агарып күн чыгат,
Малын айдап, эл оокатын кылат.
Түш оой бергенде,
Кумтөрдү кудай урганбы.
Уу жүктөлгөн машине,
Көпүрөгө жеткенде,
Төбүсү тик айрылып,
Сууга кулап калганбы.
Түн жамынып тилсиз жоо,
Жортуулга чыгат суу агып.
Эки айылдын жер эмгегин
Ууландырып жеп чыгат.
Үп тарткансып,
Булуттун өңү бузулат.
Көлдүн үстү көк толкун,
Көзгө илинбей булганат.
Коно албай каз өрдөк,
Алыстап чарк айланат.
Эриндерим кургап тузданат,
Тил тийгизип баамдасам,
Уу заттын даамы даамданат.
Согуштун азабын чеккен ата-энем,
Дагы эле силерге кырсык белен.
Ыйык Көлүңөр ууланды деген,
Бүткөн боюңар муздай шуу деген.
Көлдүн үстү ыргалып,
Айылды көздөй жел урат.
Бирөө айтат дустун жыты деп,
Бирөө айтат алма-өрүк дарысы.
Эртели кеч тынбай көларгы,
Түнү бою кусуп балдары.
Деми өлгөн эл эмне болот деп,
Жаш карысына карабайт.
Энеси жүрөт чаңырып,

Эсине келбей жатат деп.
Үч жаштагы балам деп.
Кечир кудай кечиргин,
Аяккы алты жылдын кирин.
Ата-журтум аман болсо деп,
Жалынат сага ага-иниң.
Кудай кечир кечиргин,
Аякы кылымдын кирин.
Балдарыбыз аман калса деп,
Жалынат сага ата-энем.
Бадырак жеп кубанган,
Жаш балдарды көрбөймүн.
Сагаалаган жаштарды,
Ооруканадан көрөмүн.
Тунук күлкүгө зар болгон,
Кыргызымды көрөмүн.
Түнкүсүн басып ырдаган,
Кыздарыңды көрбөймүн.
Кол кармашып таң ашырган,
Жаштарыңды көрбөймүн.
Ак сакалы жайкалган,
Абышкаларды көрбөймүн.
Айтканы келди алардын,
Туманы каптап чуу салып.
Андан аркысын алар көргөн эмес,
Көрөгөчтүгү тумандап өткөн эмес.
Кол кармашып тизилип,
Тумандан чыгабыз биригип.
Элиме эмне айтаарды билбеймин,
Ойлонтот мени элим
Ойлонтот мени жерим
Ортого салган кебим бул.
Ой-тилегим эле ушул:
Элим эсен болсун деп,
Жериме тынчтык консун деп,
Тогошкон жаңы кылымда.
Бул саптарды жазгамын,
Токсон сегизинчи жылында,
Жыйырманчы кылымда.

## МАЗМУНУ

Кириш сөз .......... 3

**I-бөлүм** .......... 5

**II-бөлүм** .......... 58

**III-бөлүм** .......... 112

***Нурдин Шакеев***

**«ЭЛ, ЖЕР ЭЛЕСТЕРИ»**

Редактору *К. Жумалиева*
Сүрөт редактору *А. Каримова*
Техникалык редактору *Н. Иманкулова*
Корректору *Ч. Сейдинова*
Компьютердик калыпка салган *Г. Сатыбалдиева*

ИБ № 5507

Терүүгө 10. 08. 01. берилди. Басууга 20. 10. 01. кол коюлду.
Офсеттик кагазы. Кагаздын форматы 60x84 $^1/_{16}$. «Мектеп» арифи.
Офсет ыкма менен басылды. 8,25 физ. басма табак. Нускасы 1000.
Заказ №144. Келишим баада.

Бишкек шаары

**Бул китеп «Сорос-Кыргызстан» фондусунун каражатына чыгарылды.**



Шакеев Нурдин Ыкеанович, 1965 - жылы Жети-Өгүз районунун Тамга айылында төрөлгөн. 1972-82 – жылдары Тамга орто мектебин бүтүп, 1982-83 жылдары Фрунзе шаарындагы № 6 техникалык окуу жайында билим алган. 1983-85 - жылдары армиянын катарында кызмат кылып келди.

1985 - жылдан 1986 - жылдын июль айына чейин Фрунзедеги ЭВМ заводунда иштеген. 1986-88 – жылдары Иркутск шаарындагы аң-териңилик техникумунан мергенчи-охотовед адистигине ээ болот. Окуусун бүткөндөн кийин Тоолуу Алтайдын Улаган районунда бир жыл кесиби боюнча кызмат өтөгөн.

Каракол шаарына 1989 – жылы келип, Ысык-Көл кооперативдик айбанаттар чарбасында ага охотовед болуп иштеп, областтын штаттык мергенчилерин жетектеди.

1996 - жылдан 2000 - жылдын декабрь айына чейин жаңы уюшулган Сарычат-Эрташ коругунда жаныбарлар дүйнөсүн көбөйтүү жана жаратылыш комплекстерин коргоо бөлүм башчысы болуп эмгектенген. Экология боюнча бир топ проекттер менен иш алып барды. 2000 жылы «Сорос Кыргызстан» фондусу жарыялаган конкурста экология боюнча грантты утуп алган.

Нурдин бала чагындагы айылдагы карыяларга кунт коюп кулак төшөөр эле. Бала чагынан мергенчилик кылам деп жайлоодогу, сырттагы чабандарга көп барчу. 2000 жылы Сарычат-Эрташ, Ысык-Көл коруктары жөнүндө, коруктагы айбанаттар тууралуу чакан видеофильмдери жарык көрүп, Ысык-Көл, ЭМТВ – Каракол телевидениелери аркылуу эфирге тартууланган.

Үй-бүлөлүү, аялы Наталья Васильевна Шакеева кесиби боюнча финансист. Бир уул, бир кызы бар.